Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу
Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча
улуттук комиссиясы

Кыргыз энциклопедия жана терминология борбору

Ысмайыл КАДЫРОВ

ТИЛ КОТОРМО ТЕРМИНОЛОГИЯ

Бишкек – 2023

УДК 80/81
ББК 81
К 13

Кыргыз Республикасында 2021–2025-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана тил саясатын өркүндөтүү программасынын алкагында жарык көрдү.

Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын алдында түзүлгөн басылмаларды илимий-редакциялык талдоодон өткөрүү боюнча редакциялык-эксперттик комиссия басууга сунуштаган:

Ж.К. Орозобекова, Н.К. Маражапова, А.А. Акматалиев, Т.А. Коңурбаев, Г.Т. Курманбекова, Т.Ж. Чортонбаев, К. Джумабаев.

Кадыров Ысмайыл
К 13 **Тил, которомо, терминология.** – Б.: «Кут-Бер», 2023. – 184 б.

ISBN 978-9967-14-170-4

Китеп Тил, Котормо жана Терминология деген үч бөлүмдөн, ушул темаларга тиешелүү документ материалдардан, майда эсселерден турат. Котормо ишинин жана терминология комиссияларынын тарыхы боюнча кыскача маалыматтар берилген. Мында тил, котормо, терминология жагдайындагы жетишилген ийгиликтер жана учурдагы урунттуу көйгөйлөр, аларды чечүүгө карата сунуштар, пикирлер айтылган. Китеп изилдөөчүлөргө, студенттерге, деги эле жалпы окурмандарга арналган.

УДК 80/81
ББК 81

ISBN 978-9967-14-170-4

© Кадыров Ысмайыл, 2023
© Кыргыз энциклопедия жана терминология борбору, 2023

БАШ СӨЗ

Ы.Кадыровдун бул китеби кыргыз тилинин маанисин, дүйнөлүк тилдер ичиндеги ордун белгилеген эмгек. Тил качан пайда болгону, адамзат качан сүйлөй баштаганы, дүйнөдөгү тилдер, анын ичинде кыргыз тили жөнүндө сөз болот. Тилди сактоо үчүн кандай шарттар зарыл экендиги, мамлекеттик тилдин мааниси, тил саясаты сыяктуу мамлекеттик тилди өнүктүрүүнүн маанилүү проблемалары козголот.

Мамлекеттик тилди өнүктүрүүдө котормо маселеси, котормонун тилди өнүктүрүүдөгү ролу жөнүндө да айтат. Котормочулардын ролуна токтолуп, орус тилинен кыргызчага которулган котормолорго лингвистикалык, юридикалык экспертиза жасоо жөнүндө талдоо жүргүзүп, мисалдарды келтирет.

Китептин негизги бөлүгү терминология тарыхына арналган. Терминология маселесине кеңири токтолуп, терминология боюнча ар кайсы мезгилде түзүлгөн комиссиялардын термин жасоодогу тажрыйбаларын баяндайт. Терминология боюнча 1924-жылдан берки түзүлгөн комиссиялар, айрыкча 1998-жылдан тартып иштеген Терминология комиссияларынын тарыхына, алар аткарган иштерге, түрдүү тармактар боюнча чыгарылган сөздүктөргө кыскача токтолот. Айрым терминдердин жасалуу принциптерин, терминчилердин тажрыйбаларын баяндайт. Терминология комиссияларынын курамдарын камтыган мындай эмгек буга чейин жарык көрө элек болучу. Автор ошондой эле мамлекеттик тилди өнүктүрүү боюнча маанилүү ойлорун да билдирет.

Тил илиминин тармактарынын бири болгон терминология системасын тартипке келтирүү, жөнгө салуу, илимдин чектеш тармактарындагы терминдерди бирдейлештирүү боюнча ушул мезгилге чейин көптөгөн иштер жасал-

ды. Айрыкча кыргыз тили мамлекеттик тил статусуна ээ болгондон тартып терминологиянын илимий-практикалык мааниси жогорулады. Терминге коюлуучу чектер, талаптар күчөдү. Илимдин түрдүү тармактарында иштеген окумуштуулар, адистерден түзүлгөн Терминология комиссиялары үзүрлүү иштешип, келечек муундун туура сүйлөөлөрү үчүн көптөгөн терминдерди талкуулап, маанилерин чечмелеп кабыл алып, пайдалануугa сунушташты жана азыркы кезде да ийгиликтүү иштешүүдө.

Автор чакан эсселеринде учурда көчөлөрдө, коомдук унааларда ж.б. жерлерде болуп жаткан мамлекеттик тил жаатындагы көрүнүштөрдү баяндап, ар-намыска келүүгө, улуттук аң-сезимди ойготууга чакырат.

Мына ушул жагдайлар Ы.Кадыровдун «Тил, котормо, терминология» деген китебинде кеңири чагылдырылган. Китеп илимий-популярдуу түрдө жазылган эмгек. Мамлекеттик тилди өнүктүрүүдө келечектеги терминчилер, котормочулар, ошондой эле мамлекеттик тилде иштеген кызматкерлер, деги эле жалпы окурмандар үчүн пайдалуу эмгек деп эсептейм.

Н.К. Маражапова
Кыргыз энциклопедия жана терминология
борборунун директору-башкы редактор,
филология илимдеринин кандидаты, доцент.

I. ЭНЕ ТИЛИ БОЛБОГОН УЛУТ ДА УЛУТПУ

Тил – улуттун жүзү, ар-намысы

Улуттун уңгусун тили, кийими, маданияты түзөт. Анткени тили, кийими, маданияты болбогон улут да улутпу. Өз тилинде сүйлөбөгөн, кийимин кийбеген, салтын сактабаган эл улут болуудан калат. Башка элге сиңип кеткенин өздөрү да билбей калат. Залкар жазуучубуз Ч.Айтматов 1987-жылы Республикалык илимий-практикалык конференцияда «... кыргыз маданияты ушу өз жеринде өнүгө албаса, башка эч жерде өнүгө албайт. Мына ушул жагдайды дайыма эске тутуу зарыл», анан дагы «... Тил – бул ар бир элдин каны-жаны, тил анын тажрыйбасынын, дүйнө таануусунун, маданиятынын, тарыхынын ашташуусу, акырында, тил – улуттун кубанса кубанычы, кайгырса кайгысы жана акыл-эси» деген эле. Ал кишинин «Тил – бул улуттун автопортрети» деп айтканы да бар. Орошон ойчулдун бул сөздөрү, бардык улуттарды ойго салган кандай гана улуу сөздөр. Ошондуктан эне тилин билүү ар бир адам үчүн зарылчылдык гана эмес милдет, парз.

Эне тили ар бир адам үчүн ыйык. Анткени, ал энеси сүйлөгөн тил. Адамзаттын жашоо тарыхында энеси кайсы тилде сүйлөсө баласынын тили ошол тилде чыгат экен. Ал түгүл козунун тили да энесиникиндей эле «ма-а» деп чыгат, «мө-ө» деп уйдукундай тили чыккан козуну эч ким көрө элек.

Дүйнөдө канча эл болсо, ар биринин өз тили бар. Тил – элдин кийинки муундар үчүн калтырган улуу мурасы.

Бир элди башка элден айырмалап, улут деген аталышка ээ кылып турган тили. Тил – улуттун жүзү, ар-намысы. Тил - пикир алышуунун куралы. Ар бир тил өз улутуна ыйык. Ар бир эл ата-бабасынан мурас калган тилин бузбай аздектеп сактоого, кезегинде чыпчыргасын коротпой өз небере-чөбөрөсүнө өткөрүп бергенге аракеттенет.

Ар бир адамдын сүйлөгөн сөзү анын эне тилине болгон мамилесин чагылдырат. «Жакшы сөз жан эритет, жаман сөз жан кейитет» дейт. Бул сөздүн күчү, кандай максатта айтылганы жөнүндө макал болсо керек. Ал эми сөз туура, түшүнүктүү айтылбаса супсак болуп, айрым учурда тескери кабыл алынышы да мүмкүн. Эне тилин кадырлаган адам даана, так, туура сүйлөйт. Айта турган оюн так, туура билдириш үчүн Англиянын лидери У.Черчилл докладдарын өзү жазган. Аны азыркыдай аппарат кызматкери же спичрайтер даярдап берген эмес.

Адамзат качан сүйлөй баштаган?

Педагогика илимдерин доктору Жеңишбек Чымановдун изилдөөсүнө караганда адам мындан 300 миң жыл мурун сүйлөй баштаган экен. Аны француз окумуштуулары такташыптыр.

Дүйнөдөгү тилдер жөнүндө

1950-жылдары дүйнөдө 12 миң тил болсо, 50 жылда жарымы жок болуп, 2000-жылдары 6528 тил калыптыр. Анын 200дөн ашыгы Европада, 2000ден ашыгы Азияда, 2000дейи Африкада, 150дөйү Тынч океанда, 1000дейи Америкада. Булардын үчтөн экисине жакыны оозеки сүйлөнгөн тилдер. Алардын ичинен кытай, англис, немис, араб, испан тилдери кеңири тараган. Азыркы учурда дүйнөдө эң көп сүйлөнгөн 11 тил бар. Алар: кытай тилинин пекин диалекти (874 млн адам сүйлөйт), хинди (366 млн), англис (341 млн), испан (300 млн), бенгал (207 млн), португал (176 млн), орус (167 млн), япон (125 млн), немис (100 млн), корей (78 млн), түрк (65 млн).

1980-жылдардын акырында Япониянын Хоккайдо аралында өздөрүнүн айну тилинде сүйлөгөн 8 гана адам калган экен. Бирок бүгүнкү күндө бул тил кайрадан жара-

лууда. Еврей мамлекети 300 жылдай жок болсо да, 2 миң жылдай өлүү тил катары эсептелген иврит тили (иудаизмдин ыйык тили) кайра «тирилип», азыркы мезгилде 5 млн адам сүйлөйт. Англияда болсо кельт тилинин бир диалекти – корник 1777-жылы жок болуп кетиптир. Бирок аны калыбына келтиришип, бүгүнкү күндө миңдей адам ошол тилде сүйлөшөт экен. Красноярск крайынын Эвенк районунун Суломай деген кыштагында кет тилин билген 200дөй, Афганстанда тирахи тилин билген 100дөй, Арменияда ловмарен тилинде сүйлөгөн 50дөй эле адам калганын басма сөздөн билебиз. Португалияда жыл сайын лингвисттер португал тилинин эрежелерин так сактоо, аны өнүктүрүү боюнча маселелерди талкуулашат.

Тилди өнүктүрүү үчүн элдин саны да чоң мааниге ээ. Калкынын саны аз өлкөлөр башка өздөрү үчүн таасирдүү тилдерди расмий тил катары таанышат. Мисалы, Гондурас, Коста-Рика, Никарагуа, Уругвай, Парагвай – испан тилин, Чад, Бекан, Нигерия – француз тилин, Жаңы Зеландия, Либерия, Того – англис тилин, Ливия, Ливан – абар тилин расмий тил катары кабыл алышкан. Калкы бизге чамалаш – Латвия, Литва, Эстония, Македония, Словения, Хорватия, Лаос, Монголия, Албанияда өздөрүнүн улуттук тилдери мамлекеттик тил болуп таанылган.

1952-жылы 21-февралда Бангладеште студенттер митингге чыгып, эне тилине мамлекеттик статус берүүнү талап кылышкан. Аларды полиция ок менен кубалап, 5-6 студент каза болгон. Ушул күндү 1999-жылы 17-февралда ЮНЕСКО «21-февраль – Эл аралык эне тил күнү» деп кабыл алган.

Дүйнө тилдериндеги кызыктар

Полинезий тилдеринин бир диалектиси болгон гаваи тилинде бир да оор сөз жок. Бул тилде болгону 6 үнсүз жана 5 үндүү тыбыш болуп, дүйнөдөгү өтө жөнөкөй тил

катары эсептелет экен. Ал эми Гренландиядагы эскимосинуттердин тилинде бир да капа кылуучу, сөгүнгөн, урушкан сөз жок болуп, дүйнөдөгү эң сылык тил деп эсептелет. Дүйнөдөгү эң татаал тил Түндүк Америкада жашаган индейлердин чиппева (бул тилде этиштин формалары эле 6 миңге жакын экен), хайда (бул тилде сөз алдына келүүчү приставкалардын, мисалы, орус тилинде – при – ходить, пере – ходить, за – ходить, кыргыз тилинде: на – туура, бей – тааныш деген сыяктуулардын саны эле 70ке жетет) тилдери. Дагестандагы табасаран тили (бул тилде 44 жөндөмө бар, салыштырсак англис тилинде 2, орус, кыргыз тилдеринде 6, казак тилинде 7 жөндөмө бар), эскимостордун тили (мында учур чактын 63 формасы бар), кытай иеорглифтери да татаал. Орус тили дагы үйрөнүүгө оор тилдердин катарына кирет экен.

Кыргыз тили байыртадан жашап келаткан, узак тарыхы бар тил. Адистердин изилдөөсү боюнча орус тилинде 1 млн, француз тилинде 100 миң, немис тилинде 180 миң, англис тилинде (Оксфорд сөздүгү боюнча) 500 миң, кыргыз тилинде (эпосторду кошкондо) 893 миң сөз бар экен. Көлөмү жана вариантынын көптүгү жагынан дүйнөдө бир да чыгарма теңдеше албаган океандай «Манас» эпосун жараткан улуу элдин тили. Айрым окумуштуулардын айтуусу боюнча кыргыз тилин билген адам КМШнын отузга жакын улуттагы эли менен эркин сүйлөшө алат экен. Кыргыз тили түрк тилдеринин ичинен эң эле таза сакталганы дешет. Кезегинде жазмабыз болгону да далилденүүдө. Мына ушундай мүмкүнчүлүгү бар тилибизди өз деңгээлинде таза сактай албагандыгыбыз бул биздин мажирөөлүгүбүз. Өз тилин таза сактоо үчүн Арменияда балдар тарых сабагын армян элинин байыркы кол жазмалары сакталуучу Матенедаранда окушат экен. Биз да ушундай деңгээлге жетсек гана атаганат.

Түркиядан үлгү алууга тийишпиз

Азыркы Түркияда 1277-жылы 13-майда Осмон империясынын султаны Караманоглу Мехмед Бей Анадолу аймагында түрк тилин мамлекеттик тил катары тааануу жөнүндө жарлык чыгарган. Ошондон баштап Түркияда түркчөдөн башка бир да тил колдонулбайт. Ошондой болсо да дээрлик 650 жылдан кийин Осмон империясы кулап, Мустафа Кемаль Ататүрк бийликке келгенден баштап түрк тилин өнүктүрүүгө өзгөчө көңүл бурган. 1932-жылы 12-июлда Ататүрктүн буйругуна ылайык «Түрк тилин изилдөө коому» түзүлгөн. Ал 1936-жылы курултайда «Түрк тил коому» болуп аталган. Түрк тилин өнүктүрүү боюнча кеңири иштер, илимий изилдөөлөр жүргүзүлүп, түрк тилинин эң эски кол жазмалары (Көктүрк Орхон руна жазуулары, Жусуп Баласагындын «Куттуу билим», Махмуд Кашгаринин «Түрк сөздөр жыйнагы», «Тарама сөздүк», «Анадолуда колдонулган сүйлөө тилдеринин жыйнагы») басылып чыккан. Мамлекеттик жетекчилер, окумуштуулар түрк тилинин жаңы грамматикасын, орфография эрежелерин жана терминология сөздүктөрүн чыгарууну колго алышкан. 1935-жылы М.К.Ататүрктүн жеке өзүнүн кийлигишүүсү жана жетекчилиги менен түрк тилине чет тилдерден кирген терминдер жана сөздөр түрктөштүрүлгөн. Түрк тилинин тазалыгы үчүн күрөш башталган. Бул иш азыр да улантылууда. М.К.Ататүрк каза болгон соң, өзү керээз кылып жазып кеткен мурасына ылайык анын бардык мүлкү Түрк тил коому менен Түрк тарых коомуна берилип, аны Түрк иш банкы түрк тилин өнүктүрүүгө гана жумшайт. Азыр түрк тили кеңири кулач жайып, дүйнөлүк тилдерге атаандашып турганы, түрк туугандарыбыз түрк тилинде гана сүйлөөрү баарыбызга белгилүү.

Тилдин жоголбошу үчүн кандай шарттар зарыл?

Биздин билишибизче элдин 30% жаштары эне тилинде сүйлөбөй калса – ал тил жоголуп бараткан тилдин катарына кирет. Бүгүнкү күндө көптөгөн тилдер башка тилдерге жутулуп, жоголуу жолунда, мисалы, Сибирдеги көпчүлүк тилдер – финн-угор (ханты, манси, коми, мари ж.б.), самоед (ненец), түрк (якут, тыва, хакас, долган, алтай), тунгус-манжур (нанай, нейдал, орок, ороч, удегей, улч, эвенк), Кавказдагы бир катар тилдер, Түндүк Америкадагы иннуит (эскимос) ж.б. Африканын көпчүлүк эли мурдагы колонизаторлордун тилинде сүйлөп калган. АКШда европалыктар келгенге чейин индеецтердин бир нече жүздөгөн тили болсо, азыр анын 104үү гана калыптыр. Канадада көптөгөн индеец тилдерин сактап калуу аракети жүрүп жатыптыр. Тил жашап жана ийгиликтүү өнүгүшү үчүн 1 миллиондон ашык адам ар дайым сүйлөп турушу зарыл экен.

Азыркы ааламдашуу процессинде жыл сайын көптөгөн тил жоголуп баратканы белгилүү. Тилдин жоголушу улуттун жоголушу дегендик. Тилин сактап калуу кайсыл мамлекеттин болбосун ар бир жаранынын милдети болуп саналат. Анткени сүйлөнүп турган тилдин касиети артат. Канчалык көп сүйлөнсө, тил ошончолук байыйт. Ал эми тилин жоготкон эл улутка тиешелүү касиетин да жоготуп, акыры өзү да жок болот. Улуттук тилди мыкты билгенде гана улуттук аң-сезим өнүгөт. Мекенчилдик сезим ойгонот. Ошондуктан ар бир улуттун билимдүүлөрү өз тилин өнүктүрүүгө, жоготуп жибербегенге аракеттенишет. Тил адамдын ата-мекени сыяктуу эле анын өтмүшү, учурдагысы жана келечеги менен тыгыз байланышкан, аны элден ажыратып кароого болбойт. Ошентсе да улам жаңы сөздөр кошулуп, тил өзгөрүп турат. Мисалы, мындан 500 жыл мурунку орус тилин азыркы орус калкы жакшы түшүнбөйт. Бардык эле тилдер ушундай. Жүз жыл мурда жашаган

кыргыз тирилип келсе, азыркы биздин сөздөрүбүздү түшүнүшү кыйын. Ошентсе да кыргыз тили көп кылымдардан бери өзгөрбөй келет. Анткени кыргыз тилинин сөздүк уңгусу өзгөрбөйт. Сөздүн уңгусун так билсең болду, ага ыңгайга жараша мүчө улай берсең болот.

Дүйнөлүк тилге айланган англис, француз, испан, кытай, орус сыяктуу тилдер үчүн тилди сактап калуу проблемасы азырынча жок. Бирок, тилдин тазалыгын сактоо, жаңы кирип жаткан терминдерди бир түргө келтирүү сыяктуу проблемалар бар. Ал эми кыргыз тили сыяктуу колдонулуудагы, бирок жакшы өнүкпөй жаткан тилдер үчүн проблемалар өтө эле көп.

Улуттун тилинин бузулуу проблемасы дүйнө элдерин түйшөлтүп, эчен кылымдарды карытып келет. Орто кылымда Батыш Европадагы эл өз тилдерин кеңири колдоно албай, латын тили – илимдин тили катары колдонулган. Ал түгүл 18-кылымда эле Францияда француз тилинин абалы оор болуптур. 1790-ж. Францияда 25 миллион француз болсо, анын 6 миллиону гана француз тилин билчү экен. 1793-жылдан баштап гана Францияда француз тилин үйрөтүүчү мектептер ачыла баштаптыр. Ал эми Италия орто кылымда бирде Австриянын, бирде Франциянын колониясы болуп жүргөн. 1804-ж. Франциянын императору Наполеон Италиянын аймагына мамлекеттик тил катары француз тилин киргизген. 1860-ж. гана италиялыктар эркиндикке жеткен. Ошол мезгилде 25 миллион италиялык болуп, анын 600 миңи гана эне тилин билишчү экен. Ал эми кечээ эле, бир кылым мурда орус элинин эне тилине болгон мамилеси таң калыштуу болгон. Алар ошол учурда француза билбеген орусту экинчи сорттогу адам катары эсептеп калышкан. Элестетсек, орус тилин артык көргөн азыркы биздин ахыбалда болгон. Булар акыры арына келип Россияда 18-19-кылымдарда орусча таза сүйлөөгө тилчилер гана эмес бүтүндөй интеллигенция көз салып турган. Алардын катарында жазуучулар, дворяндар,

офицерлер, окумуштуулар, дин кызматкерлери да болгон. Бүгүнкү күндө Россияда ар бир сөзгө маани берип, орус тилинин таза сүйлөнүшүнө кам көрүшөт. Ал түгүл орус тилинин колдонулуу чеги улам кеңейишине мүмкүн болушунча аракет кылып жаткандары баарыбызга белгилүү. Ошентип бул өлкөлөрдө жүргүзүлгөн реформанын, улуттук аң-сезимдери ойгонуп, ар-намыска келүүнүн натыйжасында француз, италян, орус тилдери дүйнөдөгү өнүккөн тилдерге айланганы бүгүн баарыбызга маалым. Француз, италян тилдери өнүгүп-өсүп, адабий тилге айланышы үчүн 2 кылым, орус тилине 2 кылым керек болгон. Ал эми айрым элдер тарыхый жагдайларга жараша аргасыздан тилин жоготушса, аз-аздан башка тилге азгырылып отуруп өз тилин өлүү тилге айланткандар да бар.

XX кылымдын башында Орусия империясынын Түркстан чөлкөмүн башкарып турган өкүлү, генерал-губернатор Деан Иванович Суботич 1906-жылы 7-февралда «Жергиликтүү элдин тилин, үрп-адатын башкаруучу төбөлдөр милдеттүү түрдө үйрөнүүсү жөнүндөгү» Жарлыгын чыгарат. Жарлык «Түркстан чөлкөмүндө жергиликтүү элдин тилин, маданиятын, үрп-адатын эл башкарган кызматкерлердин билбөөсү акылга сыярлык көрүнүш эмес» деген сөздөр менен башталган. Жарлык «Туркестанские ведомости» гезитинин 1906-жылдагы 44-санына басылган. Андан соң жарлыктын аткарылышы тууралуу гезит бетинде жарым жыл бою кызуу талкуу болуп, ага белгилүү чыгыш таануучу В.Бартольд да катышыптыр. Жарым жылдан кийин түшкөн сунуш-пикирлерди иликтөө үчүн атайын түзүлгөн комиссия чечим кабыл алыптыр. Ал 1906-жылы 22-23-августта «Туркестанские ведомости» гезитине «Түркстан чөлкөмүндөгү кызматкерлердин жергиликтүү тилди үйрөнүшү тууралуу маселе боюнча келип түшкөн бардык сунуштардын жыйындысы» деген аталышта басылган. Бул документте жергиликтүү элдин тилин билбеген, үйрөнбөгөн чиновниктердин кызматта иштөөсүнө ачык эле чек коюл-

ган. Бул Жарлыкты ишке ашыруу боюнча бир топ иштер жүргүзүлүп, бирок генерал-губернаторлордун тез-тез алмашуусунан иш солгундап кеткен. Ушундан 2 жыл өткөндөн кийин 1908-жылы 25-сентябрда Ташкент мугалимдер семинариясынын директору, билим берүү тармагында көп жыл эмгектенип жергиликтүү элдин тилин, маданиятын, тарыхын, салт-санаасын мыкты билген Н.П.Остроумов орус чиновниктеринин жергиликтүү тилди үйрөнүү зарылдыгы жөнүндө жазып, бөлөк элди башкаруунун биринчи шарты алардын тилин билүү болуп саналат, – деген экен. Бул жөнүндө тарыхчы-окумуштуу Кыяс Молдокасымов «Де-Факто» гезитинин 2013-жылдын 20-сентябрындагы санына жазган. Ошол оторчулук доордун арааны жүрүп, орусташтыруу саясатынын айынан кыргыз тили басмырланып турганда орустардын өздөрүнүн башка элдин тилин үйрөнүүгө болгон мамилеси, бүгүнкү кыргыздын кыргыз болуу, өз элин кыргыз тилинде башкаруу мамилесине караганда күчтүүрөөк болгону байкалып турат. Биз мындан сабак алууга гана тийишпис.

Улутту улут кылып турган тили, маданияты жана кийими. Ушулардын ичинен эң негизгиси тил. Тил жоголсо улут да жоголуп башка элге сиңип кетет. Ошондуктан биз биринчи кезекте тилибизди сакташыбыз керек. Албетте башка тилдерди үйрөнө берели. Бирок, элдин, балдарыбыздын келечегин ойлосок өз тилибизди мыкты билип, ошондон кийин гана башка тилдерди үйрөнүшүбүз керек. Биз канча жылдардан бери кыргыз тилин өнүктүрөлү, өстүрөлү деген адамдарды улутчул, эл душманы катары карап келдик. Айылдан келип орус тилин начар билген кыргыз балдарга ЖОЖдо 1-2-курстарда математиканы кыргызча окуталы деген Р.Усубакунов сыяктуу мекенчил адамдарды колдогондун ордуна кордодук.

Бүгүнкү күндө деле ченемдик укуктук актыларды (мыйзам, кодекс ж.б.) адегенде орус тилинде жазып, анан кыргызчага которуудабыз. Бул улуттук тилге болгон кай-

дыгерлик. Мындай аракет эч качан улуттук тилди өнүктүрбөйт, тек гана декларативдик түрдө бар сыяктантып көрсөтөт. Буга расмий тилдин кабыл алынышы да кошумча болду.

«Кыргыз тилин мамлекеттик тил кылуунун жарытылуу механизмин табалбай тумчугуп турганда 2002-жылы мурунку Президентибиз күчкө салып отуруп, орус тилин расмий тил кылып салды. Шылтоосу «Адам укугу улуттун укугунан бийик. Кыргызстан жалпыбыздын үйүбүз, орус тили жалпыбыздын тилибиз. Улут аралык ынтымак баарынан улук» деп туруп алды. Кыргыз коомчулугунун, окумуштуу адистердин, жазуучулардын каршы пикири эске алынган жок. Улуттун укугу тепсендиге алынды». (Ташбоо Жумагулов. Кыргызстандые келечеги – мамлекеттик тилинде. Б.:2007, 82-бет).

Экономика оңолсо эле тил өзүнөн өзү өнүгүп кетет деген болбогон сөз. Ал үчүн экономика улуттук кыртышта өнүгүшү керек.

Кайсыл улуттун мамлекети болсо – ошол улутка кам көрүү мамлекеттин милдети, парзы. Мамлекеттеги эң маанилүү орган – Парламент. Ал ар дайым өз эне тилинде сүйлөйт. КР Жогорку Кеңешинин Төрагасы Нурланбек Шакиев 2023-жылы апрелде «СПУТНИК Кыргызстанга» берген маегинде кыргыз тилин өнүктүрүүнү жактап, «дүйнөдө 300 миллионго чукул адам орус тилинде сүйлөйт. Бул тилди сактоого жана өнүктүрүүгө жакшы база болуп берет. Орус тили — БУУнун алты жумушчу тилинин бири, эл аралык уюмдарда активдүү колдонулат. Ал эми дүйнөдө болгону 5 миллион адам кыргызча сүйлөйт. Эгер тилибиз жоголсо, 10-20 жылдан кийин элибиз да, маданиятыбыз да жоголот. Дал ушул үчүн биздин тилибиз коргоого, колдоого жана өнүктүрүүгө муктаж. Өлкөбүздө башка тилдердин өнүгүшүн дагы колдойбуз, бирок мамлекеттик тил биринчи орунда турушу керек», – дегени кандай гана калыс, туура айтылган сөз.

Кыргыз мамлекетинин негизги милдети – кыргыз улутун сактоо жана анын келечегине кам көрүү. Кыргыз улутун сакташ үчүн ириде улуттун тилин сакташ керек. Анын үстүнө кыргыз тили мыйзамдуу түрдө мамлекеттин тили катары таанылган менен иш жүзүндө расмий иш кагаздарда колдонулбагандыктан жаштар орус тилине ооп кетишкен. Ага жаны күйгөн академик, жазуучу Т.Сыдыкбековдун «...Жаштарыбыз өз эне тилин мейиздей татып билишпесе, сөздөрдүн маанисин, татымын, түсүн, каймана сырын ача, так көрүп, так сезе, так баамдай билишпесе, анда алар негизги куралынан ажырайт» деп жүрөгү канап айткан сөзү бар.

Тилдин тазалыгын сактоо деген – тилди туура сүйлөө деген сөз. Ал эми кооз сүйлөө бул башка, ал чечендик.

Келечегине кам көрүү үчүн жаш муундун мекенчилдик, «мен кыргызмын» деп сыймыктанган улуттук рухий сезимин ойготуу керек. Антпесе азыркы балдар тили чыга электе эле телевизор, уюлдук телефон, Интернет аркылуу эне тилин эмес, англис, орус тилдерин угуп, тили эне тилинде эмес башка тилде чыгууда. Чет элдик оюндардын, көрсөтүүлөрдүн тилин көбүрөөк угушууда. Балдарга арналган башка тилдеги кызыктуу оюндар балдарды өзүнө тартып, көз каранды кылып, аң-сезимин башка нукка буруп коюуда. (Эсиңе келбесең. Эртең жок болосуң кыргыз.) Демек баланын мээсинин ойлонуу жөндөмү орус, англис тилине көнүгүп, энесинин тили экинчи даражада калууда. Балдарга эне тилин оңой жана тез үйрөтүүнүн эң бир мыкты каражаты – мультфильм. Бирок кыргыз телесинде кыргызча мультфильмдин өтө аздыгы абдан өкүнүчтүү. Баланы сөздүн күчү менен тарбиялоонун ыкмасы сүрүлүп чыгып, балдар үй-бүлөлүк тиричиликтин деңгээлинде гана кыргызча сөздөрдү угуп, телевизордон, соткадан орус тилиндеги мультфильмдерди көрүп, ой өрүшүн байытуучу балдар чыгармалары менен тааныш болбой, кыргызча да, орусча да тыңгылыктуу сүйлөй албай, өз эне тилинен обочолонуп,

көркөм нарктан куржалак калышууда. Балдар телефон менен күн батырып, телефон менен таң атырып Интернеттин балдарына айланып калышты. Түн ортосунда уктап жаткан балаңды карасаң, койнунда жалтыратып телефон кармап жатканын көрөсүң. Баарынан таң каларлыгы 1 жаштагы балага да телефон бере койсоң ыйлаганын токтотуп, сөөмөйү менен чукулап алаксып калчу болду. Ошондуктан кыргыз тилин Интернеттин тилине тез арада айландыруу зарыл. Кыргыз телекөрсөтүүсүндө балдар үчүн каналдар, болгондо да балдарды тажатпай, өзүнө тартып кызыктырган көрсөтүүлөр көбөйтүлүшү керек. Антпесе акыл кире баштагандан тартып эле балдар социалдык түйүндөрдө жалаң англис, орус тилдери аркылуу баарлашып, кыргызчага кайдыгер боюнча калышууда.

Бага биринчи кезекте мамлекет тынчсызданышы керек. Орус мамлекетин мисалга алсак, ал орус тили дүйнөлүк тилдердин катарына киргенине карабай, дагы деле өрүшүн кеңейтип, мурдагы союздук республикаларда өз таасирин сактап келе жатканы бизге сабак болушу керек. Кыргыз мамлекети эгемендикке ээ болуп, кыргыз тили мамлекеттик статуска ээ болсо да орус тили Кыргызстанда расмий тил статусун алып, Россия анын биздин мамлекетке дагы тереңдеп киришине кам көрүп, окуу китептерин күргүштөтүп бекер берип жатканы бизди ойлонтподу, чолок акылыбызга жетпеди. СССР империясынын тили орус тили болуп, адам факторуна жакшы караганы менен акыры анын аймагындагы элди оруска айландыруу саясаты тымызын жүргүзүлүп, өз жемишин берип, эгемен өлкө болгонубузга отуз жылдан ашса да, орус тили дагы деле кыргыз жергесинде даң салып турганы, ошол элдин ийгилиги. Өз элинин келечеги үчүн көрүлүп жаткан камкордукту биз үйрөнүшүбүз керек.

Эне тилдин тагдырын ойлогонубуз – бул кыргыз элинин улут катары сакталышын ойлогонубуз, кыргыз мамлекетинин келечегин ойлогонубуз, элдин үрп-адатына,

салт-санаасына, рухий дөөлөттөрүнө, б.а. маданиятына кам көргөнүбүз. Ошондуктан эне тилибизге болгон сезимибизди ойготолу. Биз өз тилибиз менен гана кыргыз боло алаарыбызды ойлонолу. Бекеринен залкар адамдар: тажик эл акыны Мирзо Турсун Заде «Эне тилин билбеген адам акылы кем балага окшош», кыргыз эл акыны Байдылда Сарногоев «Эне тилин билбеген элин сүйүп жарытпайт», Дагестан АССРинин эл акыны Расул Гамзатов «Бүгүн авар тили жок болду десе, мен өлүүгө даярмын», Түркиянын белгилүү илимпозу, химия илиминин доктору, профессор Ариф Чаглар «Эне тилинде илим-билим кенчтерин өөрчүтө албаган, азыркы заманга жарашкан таалим-тарбияны өз тилинде ала албаган элдин келечеги анча жарык болбойт» деп айтышпаса керек.

Кыргыз тилин тез үйрөнөбүзбү же чет тилдиби?

Кыргыз тилин билгенге айрым кыргыздардын көңүлү жок. Чындаса заматта эле үйрөнсө болот. Анткени тилдин көрөңгөсү канында бар. Ата-бабабыз билбеген, каныбызда жок англис, араб тилдерин деле үйрөнүп, шатырата сүйлөп жүрбөйбүзбү. Англис тилин, деги эле чет тилдерди үйрөнгөнүбүз абдан жакшы. Дүйнө элинин көбү ушул тилди колдонуп жатканда, биздин балдар да кептен-сөздөн калбай аралашып турганга не жетсин. Көп тил билген рухий байлык. Канча тил билсең ошончо адамсың деген ошол. Бирок Бишкек шаарындагы (Кыргызстандын башка шаар, айылдарында да) тамактануу жайларынын, соода, бизнес мекемелеринин ж.б. аталыштарын жалаң бакырайта башка тилде жазып алганыбыз кечиримсиз көрүнүш. Аталыштарды жалаң чет тилде кооздоп жазып, өз эне тилиндегиси ката менен жазылган бир да мамлекет болбосо керек.

Кыргыз баласынын Кыргызстанда жашап туруп өз эне тилин билбей калышы кандай гана трагедия. Буга бала өзү да, ата-энеси да күнөөлүү. Экөөндө тең эли-жерине болгон

сүйүүнүн, улуттук ыйык сезимдин жоктугу. Мурда балдар орусча сүйлөгөнүнө суктансак, эми баарыбыз кыргызча сүйлөсө кубанчу болдук. Үйдө кыргызча эле тарбияланган балдар бала бакчага барары менен эле орус тилине ооп башташат. Анткени бакчага келген балдардын көбү орус тилдүү болот, тарбиячылар аргасыздан орусча сүйлөшөт. Иш-чаралардын көбү орус тилинде жүргүзүлүп, балдарга кыргызча кыска ырларды жаттатуу менен гана чектелишет. Ата-энелер окуу-тарбия программалары орусча түзүлгөн бала бакчаларга, андан кийин окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн мектептерге балдарын берүүнү артык көрүшөт. Анткени ата-эне «биз да учурунда орус тилин билбей кыйналдык эле, эми балам мен көргөндү көрбөсүн, эртерээк билимдүү болсо, эртерээк өнүп-өсөт» деген психологияга жетеленип алышат. Орус тилин билсе эле билимдүү болот деп ойлошот. Тескерисинче айрымдары өзөктөн чыккан өрт болорун көңүлгө алышпайт. Буга мисал, 2017-ж. өзүн билимдүүмүн деп эсептеген Гүлзат Жайлообек кызы «Орус тили КӨРКӨМ угулат. Ал эми кыргыз тили иттин үргөнүндөй. Бирок мен билимдүү кыз болгондуктан, кыргыз тилин билем» деп чыкпадыбы (Русский язык звучит КРАСИВО. А киргизский как-будто собаки лают. Фуу. Но я образованная девушка, поэтому киргизский язык знаю). Бул учурунда коомдук резонансты жаратып, көптөгөн сынпикирлер айтылган. Ал эми кыргыз тилине арналган канча кечелер, иш-чаралар утурумдук мүнөзгө ээ болуп, өткөрүлгөн учурда гана адам көңүлүн бир аз бурбаса, ошол боюнча унутта калууда.

Менин балам билимдүү болсо болду, кыргызча сүйлөгөн айылдыктар жайнап жүрбөйбү деген өзүмчүлдүк сезимден деги качан арылабыз? Ушинтип камырабай жүрө берсек эртеңки кыргыз тилинин тагдыры эмне болот?

Ошондуктан энесинин түпкү тили кыргыз тил экенин түшүнүп, башка тилде сайрап, өз эне тилин билбей калганы үчүн уялуу сезими козголмоюн киргиздерде кыргызча

үйрөнүүгө аракет болбойт. Мына ушул «өз эне тилин билбеген уят» деген сөздүн чыныгы мааниси жүрөгүнө жетип, өз эне тили жок кыргыз элин элестетип көрүп, коркуу сезими жаралганда гана кыргызда кыргыз болууга болгон күчү менен умтулуу жаралат.

Иш кагаздарын кыргызча жүргүзсө эле маселе чечилеби?

Иш кагаздарын кыргызча жүргүзүү абдан жакшы, бирок ал мамлекеттик тилдин өнүгүү маселесин чечпейт. Бизде бардык ченемдик-укуктук документтер адегенде орус тилинде даярдалып, ошондон кийин гана кыргыз тилине которулат. Ал эми мындай юридикалык документтер көркөм тил менен ээн-эркин которулбайт. Ар бир сүйлөм орусчасы менен бирдей болушу керек. Мына ушунун айынан орус тилинин орфографиясын ээрчиген, чала сабат документ пайда болот.

Көркөм адабиятты окуу гана тилди өнүктүрүүгө жол ачат

Мамлекеттик тилди өркүндөтүүнүн негизги жолу балдарды көркөм адабиятты окуганга үйрөтүү. Бала көркөм адабиятка кызыгып баштаганда гана эне тилине болгон сүйүүсү ойгонот. Компьютер, соткадан окуп кыргыз тилин, сөз байлыгын өздөштүрүп кете алаарына деле толук ишене бербейм. Биз канчалык орус, англис, араб, кытай тилдерин мыкты билип, өз тилибизден жогору баалап үйрөнгөнүбүз менен улуттук көркөм сөз маданиятыбыздагы дөөлөттөр, түбөлүктүү чыгармалар кыргыз тилинде гана жараларын түшүнсөк. Башка тил бизге эл аралык мамилелер, чарбалык, күндөлүк тиричилик үчүн гана жарактуу, ал түгүл зарыл. Бирок, эч бир тил элибиздин ички кудуретин ачып бере албайт. Биз өз тилибизди өнүктүргөндө гана улуу элге

айланабыз. Бул башка тилдерди үйрөнбө дегендик эмес. Кыргыз тили кыргызга гана керек.

Тилди үйрөнүү үчүн муктаждык керек

Кыргыз тилин үйрөнүүгө шарт жок, китеп жетишпейт ж.б. шылтоо бул жөн гана каалабагандык. Совет мезгилинин башталышында көптөгөн башка улуттардын өкүлдөрү кыргыз тилин эң сонун үйрөнүп алышкан, себеби алар кыргыз жергесинде жашап жатышкандыктарын, кайсыл элде жашаса ошол элдин ырын ырдоо керектигин эң сонун түшүнүшкөн. Ал эми совет мезгилинде миңдеген кыргыздар эч кандай шарт болбосо деле орус тилин үйрөнүп, орустун түшүн жоруп калышпады беле. Кыргызстанда жашап, иштеп жүрүп, өз эне тили болгон кыргыз тилин жакшы үйрөнө албаган кыргыздар кийин кандайдыр бир себептер менен Америкага барып, англис тилин шатырата сүйлөп калгандарына таң калам.

Кыргыз болгонуна сыймыктанган улуттук аң-сезим ойгонгондо гана тил өнүгө баштайт

Өз тилибизге, кыргыз болгонубузга сыймыктануу, мекенчилдик сезим жок. Эл эне тили менен гана күчтүү. Азыркы мезгилде 2-3 диплом алган жаштар өтө эле көп. Буга албетте суктанабыз. Бирок сүйлөгөн сөзүнө канаат-танбайбыз. Буга бир мисал: «Коомдо кыргыз тилинин орду-на көчө тили басымдуу болуп атат, бул айрыкча жаштар арасында байкалууда. Кыскасы, жаштар көчө тилин өздөрүнө бат сиңирип, нормага айлантып, анысы аз келгенсип сабатсыз да жазышууда. Анын аркасында адабий тил өгөйлөнүп, көмүскөдө калып кеткен учурлар көп кездешчү болду» дейт ырчы, актриса Гүлнур Асанова («Тил жана маданият» гезити, 19-март, 2019). Мындай пикирлер өтө көп.

Мамлекеттик тил жөнүндө мыйзам кабыл алынганына 35 жылдай болду. Айрым кемчиликтеribизге карабастан

бул жылдары көп эле иш аткарылды. Айрыкча азыркы мезгилде мамлекеттик тилге болгон мамиле жакшы жагына кыйла өзгөрдү. Көптөгөн жогорку окуу жайларда сабактар кыргызча өтүлүп, мекеме-ишканаларда Президенттин Администрациясына чейин жыйындар, иш-кагаздар кыргызча жүргүзүлгөнү абдан жакшы ийгилик. Анткени кыргыз тили – кыргыз элинин гана байлыгы, сыймыктанаар дөөлөтү.

1989-жылдагы мамлекеттик тил жөнүндө мыйзам кабыл алынган күн улуттук майрам болгон. Анткени, тилибиз өтө эле бузулуп, жакырланып, жоголуп бараткан. Албетте, чыгаан адабиятчы, профессор, маркум С.Жигитов айткандай 1926-жылы болгону 600 миң, 1959-жылы бир миллионго гана жакындаган кыргыз болуп турганда жоголбогон, азыркы кезде таза кыргыздын саны беш миллионго чамалаган кезде кыргыз тили өлбөс.

Тил мыйзамын кабыл алуу – бул башка тилдерди чануу же зыян келтирүү эмес, болгону өзүн өзү коргоонун эле аракети болду. Кыргыз тилине мамлекеттик статус берилгенден кийин эне тилибизди башка элдерге үйрөтүү сыяктуу туура эмес аракеттерди эске албаганда, негизинен кыйла иштер жасалды. Мамлекеттик тилдин расмий чөйрөдө кадыресе колдонулушуна, өнүгүшүнө жана кеңири жайылышына бекем пайдубал салуу же мамлекеттик тилди институтташтыруу максатында Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссия көп иштерди жүргүзүүдө.

Кыргыз тили мыйзам жүзүндө эчак эле мамлекеттик статуска ээ болгону менен, иш жүзүндө ошол статусун толук пайдалана албай келет. Ошентсе да азыркы учурда мыйзам чыгаруу, мамлекеттик башкаруу, билим берүү, илим, маданият сыяктуу чөйрөлөрдө кыргыз тили барган сайын активдүү мааниге ээ болууда. Мисалы, мамлекеттик башкаруу чөйрөсүндө мамлекеттик кызматчыларды ишке

алуудагы талаптардын бири – ал өзүнүн кызматтык ыйгарым укуктарын аткаруу үчүн зарыл көлөмдө мамлекеттик тилди билиши керек.

Кыргыз тилин өнүктүрүүгө кыргыздар (тагыраак айтканда киргиздер) өздөрү кайдыгер караган учурлар өтө эле көп. Ага бир мисал, Венгрия Илимдер академиясынын кызматкери, 15 тилде эркин сүйлөгөн Дауд Кара «Кыргыз Туусуна» берген интервьюсунда (26–28-сентябрь, 2006) «эки кыргыз туруп алып, эч намыстанбай-этпей эле бири-бири менен орусча сүйлөшө беришет экен!» – деп кыргыздарга таң калганын жашырбайт.

1989-жылы кабыл алынган Мамлекеттик тил жөнүндө мыйзам боюнча 2009-жылдан баштап республика толук боюнча мамлекеттик тилде иштөөгө өтмөк. Бирок дагы деле толук өтө элекпиз.

Кыргыз интеллигенциясынын улуттук тилге кайдыгер мамилеси, айрым учурда тилди бузуучулар ошол кыргыздардын өздөрү экени таң калыштуу. Азыркы мезгилде эне тилдин бузулушу өтө көйгөйлүү маселеге айланууда. Азыр жөнөкөй эле кыргызча сөздөрдүн маанисин кадимки эле кыргыз балдар башкача мааниде түшүнүүдө. Ошону орусча айтсаң шак түшүнөт. Аргасыздан С.Жигитовдун «кыргызга орусча айтсаң таасирдүү болот» деген сөзүн эстейсиң.

Эне тилди эч бир мыйзам менен өнүктүрө албайбыз. Эне тил тилчи, адабиятчылардын, акын-жазуучу, журналисттердин, котормочулардын, тил мугалимдеринин гана энчиси деген тайкы түшүнүктөн арыла албай келебиз. Эне тил бул элдин энчиси. Ата-бабаларыбыз бизге калтырган мурас. Демек, тилдин тагдырына, өнүгүшүнө ар бир адам жоопкер. Тилди өнүктүрүү дагы, түбүнө жетүү дагы элдин өз колунда. Дүйнөдө ар кандай тарыхый шарттардан аргасыз тилинен ажыраган элдер көп, андай учурда арга жок, ал эми бардык мүмкүнчүлүгүбүз туруп өз тилибизди өзүбүз чангандык - өз энебизди өзүбүз тааныбай эсиргендик, маңкурттуктун туу чокусу.

Тил саясаты деген эмне?

Тил саясаты – мамлекеттеги тил проблемаларын чечүү боюнча идеологиялык принциптердин, иш-чаралардын жана мыйзам актыларынын жыйындысы; аны мамлекеттин бийлик же коомдук институттар жүргүзөт. Тил саясатына колдонулуудагы тилдик ченемдерди өзгөртүү же сактоо, жаңы тил ченемдерин киргизүү, ошондой эле тилди колдоо жана коргоо кирет. Мамлекеттин кайсыл тил мамлекеттик тил экендигин аныктаган Мыйзамы – тил саясатынын бир бөлүгү. Мисалы, Францияда бир жарым кылымдан бери мыйзам боюнча ар бир француз улуттук тегине карабастан мектепте француз тилинде окуганга жана полиция, сотко французча гана кайрылууга милдеттүү. Биз дагы ушундай кыргыз тилине зарылчылык жаратмайын кыргыз тилин өнүктүрө албайбыз. Негизи бардык эле өлкөдө өз тилинде сүйлөбөгөн киши иштей албайт. Мисалы, Россияда орусча билбесең жумушка орношо албайсың.

«Тил саясаты» деген термин биринчи жолу 1930-жылдары Африка жана Азия элдеринин тилдерин изилдеген чет өлкөлүк лингвисттердин эмгектеринде пайдаланылган (Dove, 1928; Lopes, 1931; Westerman, 1928). Батыш өлкөлөрүнүн изилдөөчүлөрү көбүнчө тил саясатына синоним болгон «тилдик пландоо» деген терминди пайдаланышат. Тил саясатын конкреттүү тилге карата колдонуунун негизги максаттары: 1) колдонулуудагы тилди сактоо, 2) колдонулуудагы тилди өзгөртүү.

«Тил саясаты» илимий түшүнүгүнө түрдүү факторлор кирет. Алар: улуттук демографиялык фактор. Ал – региондун тургундарынын улуттук курамы, түрдүү улуттардын жайгашуу ыкмалары, алардын социалдык дифференциациясы, билим деңгээлдери. Лингвистикалык фактор – тигил же бул тилдин түзүмдүк жана функционалдык абалы, байланыштын түрдүү чөйрөлөрүндө колдонуу үчүн функционалдык стилдердин болушу, терминологиялык систе-

манын, жазуу салттарынын болушу. Материалдык фактор – сөздүктөрдүн, сүйлөшмөлөрдүн, окуу куралдарынын болушу. Адам фактору – тил өкүлдөрүнүн баалуулук багыттары, алардын тилдик компетенциясы, экинчи тилди өз алдынча окуп-үйрөнүүгө даярдыгы.

Тил саясаты көп улуттуу мамлекеттерде улуттук саясаттын маанилүү компонентин түзөт жана ушунун натыйжасында мамлекеттин конституцияга ээ болушун, демек мамлекеттик бийликтин болушун аныктай турган система түзүүчү фактор болуп калат.

Ал эми тил менен коомдун өз ара байланышын изилдөөчү илим социолингвистика деп аталат.

Кыргыз Республикасында тил саясатын Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссия жүргүзөт.

Ушул жерден жеке пикиримди билдирсем:

– Кыргыз эли – Кыргызстандын басымдуу көпчүлүгү жана негиздөөчүсү. Кыргызстан – унитардуу мамлекет. Андыктан өлкөдө Мамлекеттик тил тууралуу мыйзам айныксыз аткарылып, иш кагаздарынын баары, менчигинин түрүнө карабастан бардык мекемелерде жарандарды кабыл алуу жана тейлөө, эл аралык сүйлөшүүлөр, өлкө ичиндеги бардык жазуулар мамлекеттик тилде болушу зарыл. Мамлекеттик тилдин өнүгүшү үчүн эч кандай расмий тил деген катар колдонулуучу статус болбошу керек. Кыргыз тили Кыргызстанда жашаган элдердин улут аралык тили жана жалпы платформасы болууга тийиш. Бул маселе Кыргызстандагы маалымат саясатына да тиешелүү;

– Мамлекеттин келечеги үчүн эне тилди сактоо ар бир жарандын милдети болууга тийиш. Ошондуктан келечек муундун мамлекеттик тилди мыкты билиши үчүн тилди үйрөтүүнү үйдөн, бала бакчадан баштоо керек. Энеси кайсы тилде сүйлөсө бала ошол тилде сүйлөйт. Ошондуктан эне тил деп аталат. Баласы келечекте мамлекеттик тилди мыкты билишин кааласа энеси ага эне тилде таалим-тар-

бия бергенде гана ал улуттук аң-сезими жетилген жаран болуп тарбияланат;

– Бала бакчаларда мамлекеттик тилди үйрөтүүнүн план, программалары болушу керек. Ошондой эле бала бакчалар үчүн тил үйрөтүүчү сүрөттүү китепчелерди, окуу куралдарын, балдар жазуучуларынын ар кандай тематикада түзүлгөн хрестоматияларын көбөйтүү, мамлекеттик тилди даңазалаган патриоттук обондуу ырларды үйрөтүү зарыл;

– Мектептерде «Адабий окуу», «Эне тил», «Кыргыз тили» сабактарында, ошондой эле мектепте окутулуучу ар бир сабакта мамлекеттик тилдин маанилүүлүгүн, ата-бабалары сүйлөгөн тилдин ыйыктыгын билдирген чакан түшүндүрүү иштери жүргүзүлүп турушу керек. Мектепте окутулуучу сабактардагы терминдер бир түргө келтирилиши зарыл;

– Кызматка орношкон ар бир жарандын мамлекеттик тилди билүүсү зарыл. Бул ошол мамлекетке, анын элине болгон сый-урматты билдирет;

– Мамлекеттик тилди сүйлөмө түрдө да, жазма түрдө да жеткилең билген кызматкерлердин эмгек акысына үстөк белгилөө. Бул мамлекеттик тилди билүүгө болгон умтулууну күчөтүп, кызыгууну арттырат.

Тил саясатын өркүндөтүү боюнча документтер

Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык кыргыз тили Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили болуп саналат.

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2013-жылдын 1-июлундагы №155 «Кыргыз Республикасында мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана тил саясатын өркүндөтүү боюнча чаралар жөнүндө» Жарлыгы менен тил саясатын өнүктүрүүнүн биринчи кезектеги чаралары жана артыкчылыктары аныкталган.

КР Президентинин 2014-жылдын 2-июндагы №119 Жарлыгы менен төмөнкүлөр бекитилген: 1) Кыргыз Республикасында 2014-2020-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүүнүн жана тил саясатын өркүндөтүүнүн улуттук программасы; 2) Кыргыз Республикасында 2014-2020-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүүнүн жана тил саясатын өркүндөтүүнүн улуттук программасынын максаттуу индикаторлору. Кыргыз Республикасында 2014-2020-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүүнүн жана тил саясатын өркүндөтүүнүн улуттук программасын ишке ашырууну контролдоо боюнча жумушчу топ жөнүндө жобо иштелип чыккан жана жумушчу топ ушул жобонун негизинде иштеген.

КР Өкмөтүнүн 2015-жылдын 6-апрелиндеги №151 буйругу менен Кыргыз Республикасында 2014-2020-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүүнүн жана тил саясатын өркүндөтүүнүн улуттук программасы кабыл алынган жана улуттук программасын аткаруу боюнча иш-чаралардын планы бекитилген. Мына ушул документтерге ылайык бүгүнкү күндө мамлекеттик тилди өнүктүрүүгө жана мамлекеттик тил саясатын өркүндөтүүгө багытталган бир катар чаралар көрүлүүдө.

КР Өкмөтүнүн 2020-жылдын 1-октябрындагы №510 токтому менен «Кыргыз Республикасында 2021-2025-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана тил саясатын өркүндөтүү программасы» кабыл алынып, ушул программаны ишке ашыруу боюнча иш-чаралардын планы бекитилген.

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 28-июлундагы №319 Жарлыгы менен Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссия жөнүндө жобо бекитилген.

КР Жогорку Кеңеши «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө» Конституциялык мыйзамды

2023-жылдын 31-майында кабыл алды. КР Президенти 2023-жылдын 17-июлунда №140 жарлыгы менен кол койду.

Бизде кыргыз тилинин кызыкчылыгын коргогон бир эле Республикалык «Кыргыз тили» коому бар (азыр Райымжан Курбанов жетектеген). Ал эми диний кызыкчылыктарды коргогон 1500дөн ашык коомдук уюм бар экен.

Окуу китептеринин тили кандай?

Тил саясатын жүргүзүүнүн башталгыч элементтери мектептен башталат. Азыркы мезгилде мектепте окутулуучу сабактар боюнча дээрлик бардык окуу китептери кыргыз тилинде жазылган. Ал эми орто жана жогорку окуу жайларында кыргыз тилиндеги окуу китептери бардык эле сабактар боюнча жазыла элек. Албетте элеттен келген студентке дароо эле бөтөн тилдеги окуу китеби боюнча окуп, ага тиши өтө электе кошумча илимий адабияттарды окуусу өтө эле оорчулук келтирет. Натыйжасы азыраак болот. Жогорку класстын окуучулары, студенттер үчүн «Эврика» сыяктуу эне тилдеги илимий-популярдуу китептер өтө эле аз. Мындай китептер болсо баланын терминдерди тезирээк өздөштүрүү, сабакты тереңирээк билүүлөрүнө өбөлгө болор эле. Мисалы, заманбап техника болгон компьютер боюнча кенже курактагы окуучулардан тартып студенттерге чейин ар кандай деңгээлдеги жомок, фантастика, аңгемелерди, компьютердин терминдерин камтыган китептерди чыгарууга неге болбосун. Жаза турган адистер деле бар.

Окуу китептери менен гана чектелгендиктен азыр окуучулардын, жаштардын сөз байлыгы аз, сүйлөшүү маданиятын билбейт.

Эне тилди жакшы окутууну, кыргыз сөз байлыгын үйрөтүүнү бир гана кыргыз тил мугалимдерине жүктөбөстөн, бардык сабактардын мугалимдерине кыргызча сабаттуу окутууну тапшыруу керек.

Албетте окуучуларга билим берүүдө кыргыз тилиндеги окуу китептери жазылган менен деңгээлдери өтө мыкты деп айтыш али эрте. Ал китептерде коюлуучу – жаңы муундагы окуу китептердин болушу, илимийлүүлүгү, уланмалуулугу, сабактар аралык байланышы ж.б.у.с. талаптар аткарылганы менен тилдин тазалыгы, тактыгы, окуучуга жугумдуулугу, өзүнө тартышы али толук канааттандырбай келет. Кыйла терминдер башка окуу китептери менен бирдей эмес. Сүйлөмдөр өтө татаал болуп, окуучунун түшүнүүсүн татаалдаштырып, сабакка болгон кызыгуусун төмөндөтөт.

Кош тилдүүлүк

Республикадагы орус эмес элдерде кош тилдүүлүк түзүлгөн. Алардын балдары орус тилиндеги бакчага барып, андан кийин орус тилиндеги мектептен окуу менен, турмуш-тиричиликте өз тилинде, ал эми ишинде орусча сүйлөп көнүп калышкан. Кош тилдүүлүктүн өсүшүнө аралаш никенин болушу да таасир этет, ал болсо эки элдин маданий баалуулуктарынын өз ара жайылтылышына өбөлгө түзөт. Бирок, көп учурда мындай үй-бүлөлөрдө баласын биринчи кезекте кайсы тилде окутуу керек деген маселе келип чыгат.

Эгерде бала кичинекейинен эле эки тилди болжол менен бирдей деңгээлде билсе (бул көбүнчө аралаш үй-бүлөдө байкалат), анда анын бири биринчи, экинчиси – экинчи эне тили деп эсептелет. Эгерде экинчи тилди кандайдыр бир убакыт өткөндөн кийин үйрөнсө (мисалы, мектепте), анда ал экинчилик эне тили болот. Бул боюнча азыркыга чейин талаш-тартыштар жүрүп келет, бирок лингвисттер ушул мезгилге чейин бир пикирге келише элек. Эне тилин аныктоодо критерий катары тигил же бул тилди билүү деңгээли чыгышы мүмкүн. Сибирь элдеринин тилдерин жана фольклорун изилдөөчү, тунгус-манчжур, анын

ичинде нанай тили боюнча ири адис, атактуу окумуштуу, лингвист Валентин Александрович Аврорин (1907-1977) «адам же жамаат башкалардан кем эмес (бир тилди мыкты билгени даана көрүнүп турса) жеткилең билген (өзүнүн курагы жана билим деңгээли үчүн жеткиликтүү чекте) жана жашоо-турмушунун каалаган учурунда кыйла эркин жана активдүү пайдаланган – башка тилге которуу муктаждыгысыз эле сүйлөгөн, түшүнгөн жана ойлоно билген тил эне тили болуп эсептелет» дейт. Көп сандагы адамдар өзүнүн этностук таандык болгон тилин начар сүйлөшөт, бирок дал ошол тилди өз эне тилим деп эсептешет. Бул ыкма этнопсихолингвистикалык ыкма деп аталат, бул учурда биринчи планга этнос, маданият, этностук аң-сезим деген сыяктуу түшүнүктөр чыгат.

Башка улуттагыларга кыргыз тилин окутуу тек гана популисттик саясат. Андан көрөкчө бала бакчалардан тартып кыргыз балдары кыргыз тилин сабаттуу үйрөнүүсү үчүн кам көрүү кыйла натыйжалуу болмок. Ал үчүн кыргыз тилинде тарбия берген бала бакчаларды көбөйтүп, мультфильмдерди кыргызчалатуу, теледе жалаң кыргызча гана мультфильм көрсөткөн канал ачуу оожалып бараткан кыргыз тилин сактап калууга чоң жардамы тиймек. Азыркы өнүккөн техниканын заманында 130дан ашык телеканалды көрөбүз. Андагы мултфильмдердин дээрлик баардыгы орус тилинде.

Кыргыз тилинин бузулушуна совет мезгилиндеги котормо окуу китептери да таасир тийгиздиби деп ойлойм.

Руху күчтүү эл гана өз тилин жоготпойт

Япондор бала 10-11 жашка чыкканга чейин өзүнүн тилин гана окутуп, маданиятын үйрөтөт. Венгрияда мамлекеттик тил деген түшүнүк жок. Бирок ал өлкөдөгүлөр улутуна карабастан мажар тилинде сүйлөшүп, көчөдөгү көрнөк, жарнамалары жалаң гана мажар тилинде жазы-

лып, чет тилдегилери (англис, немис) бир бурчуна кичине шрифт менен жазылат. Латвия, Эстонияда иш кагаздары өз тилинде жүргүзүлөт. Эстонияда бардык мектептер эстон тилинде гана окутат. Ал түгүл ошол өлкөдө алкоголдук ичимдиктерди саткандан түшкөн кирешенин 1 пайызы балдар китептерин чыгарууга жумшалат экен. Биз болсо бала бакчадан баштап эле чет тилдерди үйрөткөнгө аракеттенүүдөбүз. Бул терең жаңылыштык экенине эч кимибиздин акылыбыз жетпеди. Алсак, 2019-жылдагы маалымат боюнча Бишкекте 82 бала бакча болсо, анын 55и орус тилинде, 19у аралаш тилде, 8и гана кыргыз тилинде тарбия берет. Ал эми Бишкек шаарында 96 мектеп болсо, 52си аралаш тилде, 32си таза орус тилинде, 11 мектеп гана кыргыз тилинде окутат экен. Ал эми орус тилдүү бакчада тарбияланган балдар орус мүнөз болуп калышаары баарыбызга белгилүү эмеспи. Бала кезде мээсине сиңген сөздү кийин оңдош кыйын. Бала бакча милдеттүү түрдө кыргыз тилинде болуш керек эле. Бакчадан, мектептен орусча окуган балдардан жакшы илимпоз чыкканы менен, же кыргыздын, же орустун тилин, маданиятын мыкты билбегенин көрүп эле жүрбөйбүзбү. Бул билген кишиге чоң трагедия.

Азыр чыгарылган китептердин саны, аталышы көп эле. Бирок, китеп сатып алып, балдарга берип койсоң эле билимдүү болуп калат деп ойлобо. Аны окуш керек. Балдарга кандайча окуганды үйрөтүш керек.

Мурунку замандарда кыргыздар баланын аң-сезимине улуттук дөөлөттөрдү курсакта кезинен баштап эле сиңире башташкан. Комуз күүсүн, «Манасты» угузган, эне курсагы менен кадимкидей эле «сүйлөшкөн». Төрөлгөн күндөн баштап «Бешик ырларын», «Алдей», «Сал билек» ж.б. ырдап эне тилин баланын каны-жанына сиңирген. Бала эс тарта баштагандан эле чоң энеси, чоң атасы жомок айтып, айтканда да артисттик ыкма менен баланы кызыктырып, көркөмдөп, кооздоп айтып балдардын дүйнө таанымын өстүрүшкөн, эне тилдин кереметтүү күчүнө каныктырыш-

кан. Азыркы мезгилде балдарга жомок айтып берген, сөздү макалдаштырып сүйлөгөн, макал-лакап айткан, жаңылмач айттырып неберелеринин тилин жатыктырган, табышмак айтып баланын акыл сезимин өстүргөн чоң ата, чоң энелердин азайып баратканы абдан өкүнүчтүү. Жомоктор аркылуу балдар мамлекет, аларды башкарган хандар, айбанаттар, алардын өзгөчөлүктөрү, ал түгүл айбанаттардын эң күчтүүсү арстан, эң коркогу коён экенин көрбөй туруп эле билишкен. Балдар «Аксанатай деген эмне, карасанатай деген эмне?» деген сыяктуу жомокторду угуу менен жаман жакшыны ажырата алышкан. Андай жомокторду угуп чоңойгон бала жаштайынан эле көп билүүгө дилгирленип, уккандарын кулактарына куюп, көкүрөктөрүнө жат кылып алышкан. Азыр болсо сөздүн кунары кетип, наркбаасы барган сайын жардыланып баратканы жалган эмес. «Азыр балдар китеп окубай калды, баары эле сотка чукуп отурушат» деген дооматтар көбөйдү. Бүгүн бизде сүйлөгөн сөзү менен тамшандырган, көркөм, укмуштуу сүйлөгөн, кыргыз тилинин кереметтигин даңазалаган, башкаларга үлгү болоорлук кыргыз тилинин чыгаан өкүлү өтө эле аз. Чынында эле азыркы учурда сөз өтө эле жардыланып кетти, угумдуу, жугумдуу сүйлөгөндөр азайды. Тойго барсаң да, жыйналыш-салтанаттарда да бирин бири кайталаган супсак каалоо-тилектер. Ушуларды уккан жаштар биздин тилибиз жарды, орустарды карачы кандай гана жакшы сөздөрдү айтат дешет. Алардыкы да туура. Анткени орустар ар бир сөзгө маани берип, ар бир сөздү өз орду менен айтат.

II. МАМЛЕКЕТТИК ТИЛ ЖАНА КОТОРМО

Мамлекеттик тилди өнүктүрүүдөгү котормочулардын ролу

Бир эл тектеш улуттардын, кошуна элдердин тилдерин ар кимиси өз тилинде сүйлөгөндө эле түшүнүшсө, башка элдин тилин түшүнүшпөйт. Мына ошондуктан котормочу керек болот.

Ар башка улуттагы эки адамдын сүйлөшкөн сөзүн бири-бирине оозеки которуп берип турган адам кыргыз элинде тилмеч деп аталган. Ал эми жазуу жүзүндө которгондорду котормочу дешет.

Тилмечтин милдетине эки адамдын сөзүнүн маанисин бузбай бири бирине түшүндүрүү кирет. Ал эми котормочулар бир тилден экинчи тилге сөздү, документти, чыгарманы ж.б. ошол эки тилдин тең мыйзам ченемдерин бузбай, тилдин ички эрежелерин сактап, окурманга түшүнүктүү, жеткиликтүү болгудай которуу менен адамдардын бири бирин түшүнүүсүнө жардам берет. Натыйжада котормочу ошол эки тилдин тең сакталышына жана андан ары өнүгүшүнө кандайдыр бир деңгээлде өз салымын кошот.

Которуу процессинде бир тилде айтылган сөз, чыгарма экинчи бир тилде кайрадан түзүлүп чыгат. Тилдин өнүгүшүндө айрыкча адабий чыгармаларды которуу (бул көркөм котормо деп аталат) өзгөчө орунду ээлейт. Көркөм котормо тилге коммуникациялык эле эмес, эстетикалык да милдет аткарат.

Дүйнөдөгү элдер бирин бири котормо аркылуу билишет. Анткени дүйнөдөгү элдердин фольклору, илимий жана көркөм чыгармалары дүйнөлүк деп аталган англис, француз, немис, испан, орус, кытай тилдерине которулуп, алар аркылуу керектүү башка тилдерге которулат. Ошентип бизге дүйнөдөгү залкар жазуучулар, окумуштуулар,

саясатчылар, эл башчылары, спортчулар, өнөр адамдары ж.б. жөнүндөгү маалыматтардын көпчүлүгү ортомчу тилден которуу аркылуу гана башка элдерге жетет. Демек, тил саясатын өнүктүрүүдө котормочулардын ролу абдан эле зор. Котормо тилди гана өнүктүрбөстөн элдердин ортосундагы достукту, кызматташтыкты өнүктүрүү, элдерге интернационалдык тарбия бергенге көмөк болчу маанилүү курал болуп да саналат. Ал улуттук адабият менен маданияттын мазмунун жана формасын да кеңейтип, жаңы жанрлар менен байытат.

Башка элдердей эле кыргыз эли да башка элдер, алардын көркөм чыгармалары менен котормо аркылуу тааныш болгон. Байыртадан эле «Куран», «Миң бир түн», «Шахнаме», «Кыз жибек», «Көр уулу» сыяктуу чыгармалар кыргыз элине оозеки тарап, башка улуттар, элдер, алардын көркөм чыгармалары, астрономиялык билимдери сыяктуу илимий көз караштары менен тааныш болушкан. Кыргыз тилинин өнүгүү практикасында котормо ишинин мааниси абдан чоң. Анткени жаңы түшүнүктөрдүн, атоолордун эсебинен кыргыз тилинин лексикасы абдан эле байыды. Котормочу, акын Эрнис Турсуновдун «тил байыса котормодон байыйт» деп айканы бар.

Ошондой болсо да башка дүйнөлүк тилдер менен өз ара аракеттенүү аркылуу жаңы социомаданий реалийлерди чагылдырууда жана тилдин ички байлыгын колдонууда тилдин мүмкүнчүлүктөрүн өнүктүрө албай келебиз. Ошол эле учурда ченемдик укуктук актыларды которгон котормочулардын иши өтө жооптуу дагы, кооптуу дагы. Жооптуу жагы котормочудан өтө билимдүү, универсал болууну, кыргыз тилин дагы, орус тилин дагы жакшы билүүнү талап кылат. Анткени бир эле мыйзамда ар кайсы тармак боюнча көптөгөн терминдер жолугат, кээде терминди дароо котормок турсун, маанисин түшүнө албай кыйналган учурлар көп. Кооптуу жагы кокус туура эмес которулуп, ошол боюнча кол коюлуп кетсе, анын кесепети адамдын

тагдырына таасир эткенге чейин барышы мүмкүн. Буга «Казнить, нельзя помиловать» деген классикалык мисалдагы үтүрдүн ордун алмаштыруудан «Казнить нельзя, помиловать» болуп, жазалануучу адам жазадан кутулуп кеткен учур далил боло алат.

Ушул жерден чиновниктердин тилге болгон мамилесин өзгөртүүгө убакыт жетти деп айткым келет. Анткени мамлекеттик маанидеги документ айлап-жылдап орус тилинде даярдалат. Аны юристтер, орус тилчи адистер карап чыгат. Анан ал бүттү деп эсептелгенде, которууга берилип, качан бүтөсүңөр деп «лыкылдатып» желкеңден карап турат. Эгер документ көлөмдүү болсо тез бүтүш үчүн (ага деле бир нече сааттан бир нече күнгө чейин эле убакыт берилет) бир нече котормочуга бөлүп котортушат. Аларды бириктирип, андагы терминдерди бирдейлеп, дыкат редакциялап чыккангa убакыт берилбейт. Натыйжада терминдер ар башкача болуп калган учурлар көп. Анан дагы редактор деген түшүнүк жок. Котормочунун деңгээлинде гана документтин кыргызчасына кол коюлат. Мына биздин кыргыз тилине болгон мамилебиз.

Котормого ар кайсы доордо ар кандай мазмун берилип, анын улуттук адабият менен карым-катнашы ар башка түшүнүлүп келген. Ушундан улам котормо тарыхый түшүнүк катары да каралат. Көркөм котормо жөнүндөгү байыртадан азыркыга чейинки көз караштардын тарыхын салыштырып көргөндө эки түрдүү талаптын бар экени байкалат. Анын бири текстти түп нускага жакындатып которуу, экинчиси – текстти өз окурманына ылайыктоо. Бул талаптардын ролу ар кайсы доордо ар башка болгон. Мисалы, орто кылымда Европада Библия ж.б. диний китептер башка тилге которулганда – сөзмө сөз которуу, 16-18-кылымда котормону классикалык нормаларга ылайыктоо, кийинчерээк улуттук өзгөчөлүктөргө кызыгуу күч алганына байланыштуу түпнускага жакындатып которуу башкы талапка айланган. Ар тараптуу котормочулук таж-

рыйбанын жайылышы, тил илиминин өркүндөшү жогорку эки талапты бири бирине карама-каршы койбой, аларды кыйыштыруу жөнүндөгү туура теориялык жыйынтыктарды чыгарды. Натыйжада котормонун обьектисине кылдат мамиле жасап, түп нусканын мазмуну менен формасынын бирдигин, улуттук жеке өзгөчөлүгүн сактап, аны нукура искусство чыгармасы катары кайра жаратуу керек деген азыркы талап калыптанды.

Ошондой эле илимий эмгектер, ченемдик укуктук актылар да эл аралык байланыш, илим ж.б. максаттар үчүн которулат. Мындай эмгектерди которууга талаптар көркөм котормого караганда башкачараак. Анткени көркөм котормодо чыгарманын маанисин, стилин сактап эркин которууга жол берилсе, илимий, иш кагаздарды которууда мааниси, стили гана эмес, формасы да сакталууга тийиш, ар бир сөз өз ордунда турушу керек. Албетте, анын стили супсак келип, көркөмдөө каражаты колдонулбайт. Административдик стиль көркөм котормодон мына ушунусу менен айырмаланат.

Эгемендиктин келиши менен бул багытта иштер жигердүү жүргүзүлө баштады. КР Президентинин Администрациясында, Жогорку Кеңеште, Өкмөттө котормо секторлору түзүлдү. Министрликтер да документтерди которо баштады. Кыргыз техникалык университетинде демилгечилер тобу түзүлүп, бардык терминдерди которуп окута башташты. Орусча жазылган документтерди кыргызчага которуу баардык жерде жапырт башталды. Мурдатан ченемдик укуктук актыларды кыргызча жазып, анан орусчага которуу тажрыйбасы болбогондуктан жана котормо иши бир жерге борбордоштурулбагандыктан чаржайыттык, бир эле терминдин бир нече варианты пайда болду. Мисалы, орус тилиндеги заявка деген термин арыз, билдирме, өтүнмө, тапшырык ж.б. түрдө алына баштады. Документтин тили өтө оор, көп учурда орусча тексттеги бардык сөздөрдүн болушун, кыскалыкты, өтө тактыкты талап кылат.

Терминди өтө эле активдүү колдонгондор – котормочулар. Алар терминдин түп нускадагы мазмуну менен айтылуу формасынын шайкеш келишине аракет жасашат. Которуу учурунда терминдер системасын түзүүдө көп кыйынчылыктар бар. Алсак, терминдердин кыска, бир маанилүү, түшүнүккө шайкеш келиши сыяктуу белгилери бардык эле терминдерге туура келе бербейт. Мындай учурда чектен чыгууга, улуттук тилдин өзгөчөлүгүн пайдаланууга туура келет. Кээде орус тилиндеги атооч түрүндөгү сөздөрдү, орус тили аркылуу кирген интернационалдык сөздөрдү мүчөсү менен бир бүтүн сөз катары карап, кыргызчага которгондо түрдүүчө өзгүрүлүп кетет.

Орус тилинде мыйзам жазууда деле проблемалар көп, бирок ошондой болсо да кыйла эле калыптанып калган. Ал эми мыйзамды кыргыз тилинде жазуу иши али толук жолго салына элек. Жазуу стилинде болобу, терминдерди бирдейлештирүүдө болобу, табуляцияда болобу мыйзам жазууда орусча текстти калька кылып которуу менен ар бир котормочу өзүнүн билгенине, дараметине жараша даярдап, натыйжада пикир келишпестиктер, каталар, бирдейлештирилбеген терминдер пайда болууда. Орус тили менен кыргыз тилинин грамматикасында, стилистикасында, ал түгүл тыныш белгилердин коюлушунда да айырма чоң.

Котормодо, айрыкча расмий документтерди которууда орус тили менен кыргыз тилинин өздөрүнө мүнөздүү грамматикалык өзгөчөлүктөрүнө карабастан текстгин мазмуну бирдей болушу керек. Эки текстгин мазмун жагынан бири бирине шайкеш келиши котормочунун чеберчилигин, котормонун сапатынын мыктылыгын айгинелейт. Кээде айрым котормочулар сүйлөмдүн маанисин бузбай так которууга аракеттенбей эле сүйлөмдөгү терминди которууга гана ашкере берилип кеткендиктен, сүйлөм теңирден тетири чыгып калган учурлар бар. Албетте терминди которуу, которгондо да туура которуу керек, бирок биз сүйлөмдүн маанисин бузууга акыбыз жок. Которууда терминдерди

туура пайдалануу, аларга конкреттүү мамиле жасоо өзгөчө мааниге ээ. Биздин практикада көптөгөн сөздөрдүн терминдик маанисин котормочулар жаратат. Ошондон тартып ал колдонууга кирет. Ошондой болсо да мамлекеттик тилибиздин сөздүк кору бүгүнкү күндө котормонун эсебинен кыйла эле байыгандыгын айтуу калыстык болот.

«Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык Кыргыз Республикасында ченемдик укуктук актылар мамлекеттик жана расмий тилдерде даярдалат жана жарыяланат.

«Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылар системасына:

1) Кыргыз Республикасынын Конституциясы, Кыргыз Республикасынын конституциялык мыйзамдары, Кыргыз Республикасынын мыйзамдары;

2) Кыргыз Республикасынын Президентинин жарлыктары, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтомдору, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын актылары, Кыргыз Республикасынын министрликтеринин, мамлекеттик комитеттеринин жана администрациялык ведомстволорунун актылары, жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын чечимдери кирет.» («Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» КР Мыйзамы, 1-статья, 2-пункту).

Азыркы учурга чейин мамлекеттик ченемдик укуктук актылар, анын ичинде мыйзам долбоорлору адегенде расмий тилде даярдалып, ошол тилде юридикалык, лингвистикалык экспертизадан өтүп, андан кийин гана кыргызчага шашылыш которулуп келгени жашырын эмес. Документти даярдоонун бардык баскычтарында расмий тилдеги гана текти каралып, улам оңдоло бергендиктен, кээде мамлекеттик тилдеги текстине оңдоо киргизүү унутта

калып, натыйжада бир эле мыйзамдын орусча тексти менен кыргызча текстинин ортосунда айырма чыккан учурлар аз эмес. Мындай учурда ченемдик укуктук актынын мамлекеттик тилдеги тексти түп нуска болуп эсептелээри жогоруда аталган «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамында жазылган. Анда мындай деп жазылып турат: «Кыргыз Республикасынын Конституциясынын, мыйзамдарынын жана башка ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик тилдеги тексти расмий тилдеги текстине туура келбеген учурда мамлекеттик тилдеги текст түп нуска деп эсептелет.» (6-статьясынын 3-пункту).

Ушинтип негизги аткаруучулар жана юристтер ченемдик укуктук актыларды кыргызча иштебей, ал ишти котормочулар гана аткарып калгандыктан жана терминдер түрдүүчө алынып, чар жайыттыктар өтө көп болгондуктан текстердеги терминдерди, айрым сүйлөмдөрдү бирдейлештирип жазуу (кодификация) зарылдыгы жаралат.

Эми котормочуларга тиешелүү жеке пикиримди да айта кетейин. Котормочулар үчүн эч бир норма иштелип чыккан эмес, 1 котормочу 1 күндө канча бет которушу керектигин эч ким айта албайт. Айрым учурда документтер үстү үстүнө келип, айрымдарынын көлөмү өтө эле чоң, анан өтө шашылыш болуп, түн киргенге, кээде түн ортосуна чейин иштеп, акыр аягында катуу чарчагандыктан эмнени которуп атканын билбей калган абалга чейин жеткен учурлар болот. Документ орус тилинде бир нече ай бою иштелет, ал эми кыргызчасын ошол документти аткаруучулар 2-3 саатта эле даярдоону талап кылган учурлар да бар. Мына ушундай жагдайда да ноюбай иштеп жаткан котормочуларга жыл сайын орден берип турса да аздык кылаар эле. Айрым учурда котормочу мамлекеттик кызматкер катары да каралбайт, тек гана техникалык иш аткаруучу кызматкер сыяктанып кетет, мамлекеттик сыйлыктарга көрсөтүлбөйт, эч бир окуу, семинарларга жиберилбейт. Синхрондуу

котормо боюнча адис эч жерде даярдалбайт. Котормо ишин «экинчи сорттогу» иш катары карагандар да арбын. Булар «орусча текст турбайбы, аны которуп койсо эле болот да» дейт котормону үстүрт гана түшүнгөндөр. Которууда автордун (документтин) айта турган оюн, стилин сактоо менен котормочу текстти башка тилде сүйлөтөт. Анын кандай деңгээлде «сүйлөшүү» котормочунун чеберчилигине, тилине, ошол эки тилди тең жакшы билишине жараша болот. Ошондуктан котормочуну экинчи автор катары кароого болот. Котормочулар эч жерде даярдалбайт. Өз аракеттери менен котормочулукка өтүп, ушундай жооптуу ишти аткарып жаткандыктарын эрдик катары баалоо керек.

Жогоруда айтылгандардын негизинде төмөнкүлөрдү сунуштайм:

– Мамлекеттик тил боюнча ар кандай сөздүктөрдү чыгарууну көбөйтүү. Айрыкча орфографиялык сөздүктү, кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгүн, кыргызча-орусча, орусча-кыргызча, англисче-кыргызча, түркчө-кыргызча ж.б. сөздүктөрдү толуктап, тактап баарыга жеткиликтүү санда жана баада чыгаруу;

– Министрликте, ведомстволордо иштеген котормочуларга өзгөчө тартипте айлык белгилөө. Анткени документ бир тилде, мисалы, он барак болсо, котормочу ошол он баракты толук окуп (которуш үчүн ал түгүл бир эле сүйлөмдү бир нече жолу окуп чыгат), андан кийин аны которгондо жыйырма барак болот. Андан сырткары ал ошол эки тилдин тең эрежелерин сактап, сүйлөмдүн маанисин бузбай которуш үчүн акыл эмгегинин жеткен чегин пайдаланат;

– Котормочулар үчүн жогорку окуу жайларында курстарды, ар кандай семинарларды уюштуруу. Тил илимине, басма ишине тиешелүү ар кандай илимий жыйындарга катышууларына шарт түзүү. Керек болсо жер-жерлерге командировкага жиберип, тажрыйба алмаштыруу. Адатта котормочу иш кабинетинен эч кайда чыкпайт, өз билгени боюнча гана которо берип, натыйжада өзүнүн билгендери

мээсине биротоло орноп, ката болсо да туурадай сезилип калат. Ошондуктан котормочулардын кандайдыр бир бирикмесин, же союзун, же ассоциациясын түзүү;

– Котормочуларды ар кандай ведомстволук, мамлекеттик сыйлыктарга көрсөтүү;

– Мамлекеттик тилди билүүнү турмуштук зарылчылдыкка айландыруу. Ал үчүн иш кагаздарын мамлекеттик тилде жүргүзүү. Бул мамлекеттин улуттук өзгөчөлүгүнүн негизги атрибуту. Өз тилинде иштеген мамлекетке башка элдердин сый-урмат көрсөтүү мамилеси артат;

– Кызматкерлерди мамлекеттик тилди мыкты билгенине жараша көтөрмөлөө.

Кыргызстандагы биринчи адабий котормо китеп – «Өзгөрүш ырлары» деген аталыш менен 1925-жылы жарык көрүп, ага «Интернационал» баштаган 7 ыр кирген экен. Аларды ошол учурдагы таланттуу акын жана коомдук ишмер Касым Тыныстанов которуптур. Мына ушундан тартып, бүгүнкү күнгө чейин көптөгөн окуу китептери, көркөм чыгармалар, илимий, тарыхий адабияттар, ченемдик укуктук актылар которулду. Карапайым кыргыз эли котормо аркылуу дүйнөлүк адабият, маданият, илим-билим менен таанышты.

Көркөм котормодо чыгаан котормочулар которгон эмгектерин бир кыйла убакыт таштап коюп, андан кийин кайта карашкан. Мына ушунда которуп баратканда байкалбай кеткен жерлери табылган, сөздөр көркөм синонимдерине алмаштырылган. Алгачкы котормочулар Э.Арабаев, С.Карачев, К.Тыныстанов, Б.Кененсарин, К.Карасаев ж.б. болушкан. Ошондой эле М.Дөгдүров, С.Бектурсунов, А.Осмонов, О.Орозбаев, У.Абдукаимов, М.Абдукаимов, К.Саякбаев, О.Орозбаев, К.Ырсалиев, К.Маликов, К.Укаев, К.Баялинов, К.Эшмамбетов, Э.Турсунов, С.Жусуев, С.Эралиев, О.Султанов, А.Жакыпбеков, С.Жигитов, А.Токтогулов, А.Саспаев, Т.Субанбердиев, Г.Жаманкулова, С.Ерматов, А.Токсобаев, М.Абдылдаев, Т.Байзаков, К.Абдыкеримов,

М.Төлөмүшов, Т.Козубеков, К.Басылбеков, А.Жолдошбеков, А.Бийназаров ж.б. дүйнөлүк классиктердин чыгармаларын кыргыз тилинде сүйлөтүшкөн. Азыр А.Сармамбетов, О.Ибраимов, Э.Кылычев, М.Асаналиев, Т.Чоротегин, А.Кылычев, Арслан Капай уулу, Т.Мадылбай, Т.Чакиев, К.Токтошев, Ж.Турдубаев, Н.Осмонова, Толукбек Байзак, Г. Халматова, А.Малабекова ж.б. көптөгөн акын-жазуучулар көркөм котормо менен иштеп жүрүшөт. Баардык эле кыргыз акын-жазуучулары, өздөрүн котормочу аташпаса да дүйнөлүк классиктердин эмгектеринен кыргызчага которуп, мыкты туундуларды жараткан учурлары бар. Мурда көркөм котормо негизинен орус тили аркылуу гана бизге жетсе, азыркы кезде англис, араб, немис, кытай ж.б. тилдерден түз которгондор көбөйө баштаганы кубандырат. Кыргыз акын-жазуучуларынын чыгармаларын, элдик эпосторду орус тилине С.Липкин, Б.Кузьменко, Л.Аксельруд, А.Сальников, В.И.Шаповалов, С.Г.Суслова ж.б. которушкан.

Ал эми саясий котормонун тагдыры такыр башка. Ал эч качан күтпөйт, тексти бир окуу менен шашылыш которуш керек болот.

Кыргыз тилинин өнүгүү практикасында котормо ишинин мааниси абдан чоң болду. Анткени жаңы түшүнүктөрдүн, атоолордун эсебинен кыргыз тилинин лексикасы абдан эле байыды. Ал эми мыйзамдар, жарлыктар, токтомдор сыяктуу маанилүү документтердин тили дагы котормо аркылуу өнүктү. Бул иште биздин алгачкы котормочуларыбыз Умралин, Сарбанов, Калим Рахматуллин, Сатаркул Чолоков, Закир Чотоев, Курмангали Каракеев, Асанбек Токомбаев, Абылкасым Кангелдиев, Сагынбек Кангелдиев, Зарыл Сагынбаев, Шералы Келгенбаев, Халил Аманканов, С.Мамбеталиев, Жанышев ж.б. саясий котормо ишине негиз салышкан.

Мамлекеттик тил мыйзамынын кабыл алынышы, мамлекетибиз эгемендикке ээ болушу менен бардык ченемдик укуктук актыларды которууга аракеттер башталган. Бул

иште Д. Сулайманкулов, М. Аманов, Т.Иязалиев, Т. Досалиев, А. Молдоканов, К. Кушубаков, Э. Чылабаев, С. Чериков, Ж. Байболов, Ж. Медералиев, Ж. Шейшеналиев, А. Эсенгелдиев, Р. Самыйбеков, Н. Жусупов, Ж. Дылдаев (булардын арасында ушул эмгектин автору да бар), А. Таирова, Н. Садыкова, М. Капарова, А. Абдысадыр уулу, М. Абдыжапар уулу, А. Жунушалиева, А. Орозакунов, У. Дуйшеналиев, Ж. Эдигеева, Ж. Бапаева, З. Исакова, Р. Бектурова, Т. Абылкасымова, Р. Байгубатов, А. Максутова, Г. Жаманкулова, Н. Жусубакунова, Г. Ибраимова, Т. Ниязакунов, Ө. Калыева, Б. Сабирова, А. Асанбекова, Н. Асанбекова, Н. Нурбекова, Д. Кенжекозиева, Э. Кадыров, Н. Токтонасырова, Р. Солтобаева, М. Чалбаева, А. Ибраева, А. Кармышакова, Ч. Бейшенов, Ж. Нургазиев, У. Жунушбаев ж.б., синхрондук котормодо Ж. Карагулова, Г. Сооронкулов, Т. Сооронкулов көч башында туруп эмгектеништи жана ченемдик укуктук актыларды сапаттуу которууга, мамлекеттик тилде түшүнүктүү болушуна колдон келишинче аракеттерин жумшашты. Айрым терминдерди которуудагы ар түрдүүлүк гана болбосо, иш кагаздарын, ченемдик укуктук актыларды которуу менен алардын мамлекеттик тилде сүйлөшүнө жогоруда аталган адамдар олуттуу салым кошконун, жол салганын эстен чыгарбоого тийишпис.

Лингвистикалык экспертиза

Ченемдик укуктук актылардын долбоорлоруна лингвистикалык экспертиза жүргүзүү - бул ченемдик укуктук актылардын долбоорлорунун тексттерин азыркы кыргыз адабий тилинин ченемдерине шайкеш келишин баалоого багытталган изилдөө, мында юридикалык тексттин функционалдык-стилдик өзгөчөлүгү эске алынат. Лингвистикалык экспертизанын милдети - сөздөрдү, сөз айкаштарын, туруктуу фразеологиялык сүйлөмдөрдү (идиомаларды) чеч-

мелөө жана алардын маанилерин, келип чыгышын түшүндүрүү, сөз, сүйлөм кайсыл мааниде колдонулганын тактоо. Лингвистикалык экспертиза жүргүзүүдө ченемдик укуктук актынын бүткүл тексти боюнча терминдердин бирдей алынганы, кээ бир сөздөрдү жол берилбесе деле кыскартып жазуулардын жоктугу, тексттин бир түрдүү логикалык-стилистикалык түзүлүшүнүн сакталышы, сөздү семантикалык маанисин эске албастан колдонуу, лексикалык жактан бири бирине айкалышпаган сөздөрдү колдонуу, тавтологиялардын болушу сыяктуу кемчиликтер, сүйлөмдөрдүн лексикалык жактан толуктугу, байламталардын туура колдонулушу, сүйлөмдөрдүн түшүнүктүүлүгү жана жөнөкөйлүгү, кызматтык документтерге коюлуучу талаптардын сакталышы ж.б. текшерилет. Башкача айтканда лингвистикалык экспертизада лексикалык талдоо, морфологиялык талдоо, синтаксистик талдоо, семантикалык талдоо, стилистикалык талдоо, пунктуациялык талдоо жүргүзүлөт. Ошондой эле тексттеги логикалык, грамматикалык, стилистикалык, синтаксистик, орфографиялык жана пунктуациялык каталарды жана кемчиликтерди жоюу боюнча сунуштар берилет.

Кыргыз тилиндеги лингвистикалык экспертиза ченемдик укуктук актыларды лингвистикалык методология менен текшерип чыгууну гана камтыбастан, анын кодификациялык ченемдерин да текшерүүнү камтыйт. Себеби көп учурларда кыргыз тилиндеги ченемдик укуктук актылардын долбооорлору кодификациялык ченемдер сакталбастан жөн гана которулат.

Кийинки мезгилде соттук лингвистикалык экспертиза деген түшүнүк көбүрөөк колдонула баштады. Ал кыйла ооруraак, анткени бул учурда тил илиминдеги жана соттук сүйлөө ишиндеги атайын түшүнүктөрдү колдонуу менен оозеки же жазуу жүзүндөгү текстке лингвистикалык экспертиза жүргүзүп корутунду берүү талап кылынат.

Лингвистикалык экспертизанын максаты төмөнкүлөр: документтин юридикалык-техникалык, тилдик жана стил-

дик сапатын жакшыртуу; юридикалык документтердин функционалдык-стилдик өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен тексттин азыркы кыргыз тилинин ченемдерине, редакциялык-басма эрежелерине жана кызматтык документтерге болгон жалпы талаптарга шайкеш келишин камсыз кылуу; мыйзамдардын түшүнүк-терминологиялык аппаратынын бирдейлигин, так жана туура чечмелөөнү жана укуктук ченемдерди колдонууну камсыз кылуу.

Лингвистикалык экспертиза жүргүзүүдө текст болжол менен төмөнкүдөй суроолорго жооп алынгыдай түрдө каралышы керек:

1. Ченемдик-укуктук актынын долбоорунун текстиндеги түшүнүктөр жана терминдер туура колдонулганбы?

2. Колдонулган түшүнүктөр жана терминдер Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актыларындагы түшүнүктөр жана терминдер менен бирдейби?

3. Түшүнүктөр жана терминдер ушул документтин бүткүл тексти боюнча бирдей алынганбы?

4. Текстте бир эле термин же сөз айкашы ар башка түшүнүктөр үчүн колдонулган эмеспи же болбосо тескерисинче бир эле түшүнүккө ар башка терминдер колдонулган эмеспи?

5. Түшүнүктөр жана терминдер так жана бир маанилүү колдонулганбы?

6. Текстте ченемдик укуктук актыларды жазууда колдонулбай турган тар маанидеги терминдер пайдаланылган эмеспи?

7. Текстте жол берилбеген кыскартуулар жокпу?

8. Текстте мамлекеттик органдардын, уюмдардын аталышы, кызмат адамдарынын жана кызмат орундарынын аталышы так жана туура жазылганбы?

9. Текстте бир түрдүү логикалык-стилдик түзүлүштөр бир түрдө алынганбы?

10. Тексттеги сүйлөмдөр лексикалык жактан толукпу, сөздүн оозеки айтылышындай кемчиликтер жокпу?

11. Текстгин грамматикалык конструкциясы туурабы, байламталар туура колдонулганбы?

12. Текстгин сүйлөмдөрү түшүнүүгө оңой, жөнөкөй түзүлгөнбү? Негизсиз эле татаалдаштырылган сүйлөмдөр жокпу?

13. Тыныш белгилер туура колдонулганбы?

14. Текстте логикалык, стилдик, орфографиялык жана пунктуациялык каталар жокпу?

15. Кызматтык документтерге коюлуучу талаптар сакталганбы?

16. Табуляцияда ката жокпу? ж.б.

Укуктук (юридикалык) экспертиза

Документтерге укуктук экспертиза жүргүзүү – бул жалпысынан документтердин, анын ичинде анын айрым бөлүктөрүнүн колдонулуудагы мыйзамдарга, ошондой эле документке кол коюуда көздөгөн максатына шайкеш келишин текшерүү боюнча иш-аракеттердин белгилүү ырааты, башкача айтканда укуктук экспертиза берилген документтердин ченемдик актыларга шайкештигин текшерүүгө багытталган. Бул юридикалык экспертиза деп да аталат.

Документ (ченемдик укуктук акт) министрликте же ведомстводо даярдалгандан кийин, ошол жердин юридика бөлүмүндө, андан кийин Өкмөткө келгенде анын укуктук камсыздоо бөлүмүндө, андан ары тешелүү документтер КР Жогорку Кеңешинин укуктук камсыздоо бөлүмүндө экспертизадан өтөт.

Ошондой болсо да азырынча ченемдик укуктук актынын, анын ичинде мыйзамдардын кыргызчасы Министрлер Кабинетине (Өкмөткө), Жогорку Кеңешке жеткенге чейин кыргыз тилинде юридикалык экспертизадан өтпөйт. Анткени бул иш совет мезгилинен бери жедеп калыптанып калган, документ адегенде орусча жазылып, андан кийин гана кыргызчага которула турган адат менен инерция боюнча дагы деле уланууда. Чындыгында адегенде до-

кументтин кыргызчасы юридикалык экспертизадан өтүш керек эле. Бирок, иш жүзүндө тескерисинче болуп келатканы эч кимге жашырын эмес. Көч бара-бара түзөлөт демекчи, документтин кыргызчасын юристтер окуп калган дагы күн келээр.

Азырынча мындай экспертизаны көп учурда котормочулар жасашат. Мыйзамдарга, жобо, нускама, токтомдорго өзгөртүү киргизүүдө да аткаруучулар орусчасын гана карашып, кыргызчасын иштөөдө котормочулар гана юристтердин милдетин аткарышат.

Ал эми жетекчилер болсо орусчасы өзгөртүлбөдүбү, эми кыргызчасын которуп койсо эле баары жайында болуп калат да деген пикирде. Алар орус тилинин жазуу эрежелери менен кыргыз тилинин жазуу эрежелери эки башка экенин, орусчадан кыргызчага которгондо сүйлөм башкача түзүлөөрүн, ага өзгөртүү киргизгенде өзгөртүлүүчү сөз орусчасындай эмес, башка жерде болуп калаарын али түшүнүшө элек. **Түшүнүктүү болсун үчүн ушул жагдайда бир гана мисал келтирейин.**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2007-жылдын 22-июнундагы №243 токтому менен жактырылган Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерин ижарага берүү шарттары жана тартиби тууралуу типтүү жобого өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүүдө төмөнкүдөй учурлар бар:

Ушул Жобонун 21-пункту орусча төмөнкүдөй:

«21. В целях предоставления в аренду земель Государственного фонда сельскохозяйственных угодий айыл окмоту формирует Земельную комиссию в количестве не менее чем из 7 человек, в состав которой входят депутаты местного кенеша - не менее 3 человек.

Глава айыл окмоту входит в состав Комиссии по должности.

В состав Земельной комиссии также могут быть включены старосты сел, представители общественности и общественных организаций.

Из числа депутатов, вошедших в состав Земельной комиссии, избирается председатель комиссии.

Секретарем Земельной комиссии назначается секретарь айыл окмоту, поселковой, городской управы.

Представитель районного управления аграрного развития вправе присутствовать на заседаниях Земельной комиссии в качестве наблюдателя.».

Ал эми кыргызчасы:

«21. Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерин ижарага берүү максатында айыл өкмөтү 7 кишиден кем эмес Жер комиссиясын түзөт, анын курамына 3 кишиден кем эмес жергиликтүү кеңештин депутаттары кирет:

Айыл өкмөтүнүн башчысы Комиссиянын курамына кызматы боюнча кирет;

Жер комиссиянын курамына ошондой эле айыл башчылары, коомчулуктун жана коомдук уюмдардын өкүлдөрү киргизилиши мүмкүн.

Жер комиссиясынын курамына кирген депутаттардын ичинен комиссиянын төрагасы шайланат.

Айыл өкмөтүнүн, поселкалык, шаар башкармалыгынын катчысы Жер комиссиясынын катчысы болуп дайындалат.

Райондук агрардык өнүктүрүү башкармалыгынын өкүлү Жер комиссиясынын отурумдарына байкоочу катары катышууга укуктуу.».

Ушул пунктка төмөнкүдөй **толуктоолор жана өзгөртүү** киргизилген:

орусчасы:

«- в пункте 21:

абзац первый после слов и цифры «не менее 3 человек» дополнить словами и аббревиатурой «, а также представители районного управления аграрного развития уполномоченного государственного органа в сфере сельского хозяйства (далее - РУАР);»;

абзац пятый после слова «назначается» дополнить словом «ответственный» и слова «, поселковый, городской управы» исключить;

абзац шестой признать утратившим силу;»;

мунун **кыргызчасы долбоордо** төмөнкүдөй которулган:

«- 21-пункта:

биринчи абзацта «3 кем эмес» деген сан жана сөздөрдөн кийин «, ошондой эле айыл чарбасынын ыйгарым укуктуу органынын райондук агрардык өнүгүү башкармалыгынын өкүлүнөн (мындан ары - РАӨБ);»;

бешинчи абзацты «бекитилет» деген сөздөн кийин «жооптуу» деген сөз менен толукталсын, жана «поселкалык, шаардык башкаруулар» алынып салынсын.

алтынчы абзац күчүн жоготту деп эсептелсин;».

Албетте, бул долбоордун текстин кыргызчага которууда котормочу жогоруда айтылган №243 токтом менен жактырылгын Жобонун орусча, кыргызча тексттерин карабай эле которуп койгон. Эгерде долбоордогу айрым каталарды эске албай эле Жобонун кыргызча текстине которулган тексттерди коюп көрсөк, таптакыр туура эмес сүйлөм, ал түгүл маниси жок сөздөрдүн топтому келип чыгат.

Алсак, биринчи абзацка толукталган сөздү койсок «Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерин ижарага берүү максатында айыл өкмөтү 7 кишиден кем эмес Жер комиссиясын түзөт, анын курамына 3 кишиден кем эмес, **ошондой эле айыл чарбасынын ыйгарым укуктуу органынын райондук агрардык өнүгүү башкармалыгынын өкүлүнөн (мындар ары - РАӨБ)** жергиликтүү кеңештин депутаттары кирет» деген тантык сүйлөм келип чыгат, ал эми 5-абзацына өзгөртүлгөн сөздөрдү ордуна коюу дегеле мүмкүн эмес, анткени Жободо «бекитилет» жана «... шаардык башкаруулар» деген сөздөр жок.

Бул төмөнкүдөй которулушу керек деп эсептейбиз:

«- 21-пунктта:

биринчи абзацы «депутаттары» деген сөздөн кийин «, ошондой эле айыл чарбасы чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын райондук агрардык өнүктүрүү башкармалыгынын (мындан ары - РАӨБ) өкүлү» деген сөздөр жана аббревиатура менен толукталсын;

бешинчи абзацындагы «, поселкалык, шаар башкармалыгынын» деген сөздөр «жооптуу» деген сөз менен алмаштырылсын;

алтынчы абзацы күчүн жоготту деп таанылсын».

Ошондо жогоруда аталган Жобонун 21-пункту төмөнкүдөй болуп калат:

«21. Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерин ижарага берүү максатында айыл өкмөтү 7 кишиден кем эмес Жер комиссиясын түзөт, анын курамына 3 кишиден кем эмес жергиликтүү кеңештин депутаттары, ошондой эле айыл чарбасы чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын райондук агрардык өнүктүрүү башкармалыгынын (мындан ары - РАӨБ) өкүлү кирет:

Айыл өкмөтүнүн башчысы Комиссиянын курамына кызматы боюнча кирет;

Жер комиссиянын курамына ошондой эле айыл башчылары, коомчулуктун жана коомдук уюмдардын өкүлдөрү киргизилиши мүмкүн.

Жер комиссиясынын курамына кирген депутаттардын ичинен комиссиянын төрагасы шайланат.

Айыл өкмөтүнүн жооптуу катчысы Жер комиссиясынын катчысы болуп дайындалат.».

Мында кыргыз тилиндеги сүйлөмдүн түзүлүшүнүн өзгөчөлүгүнө жараша өзгөртүү киргизүү бир аз башкача болгону менен, сүйлөмдүн мааниси так, туура которулду. Аздыр-көптүр юридикалык экспертизанын элементтери колдонулду. Деги эле мыйзамдар, ченемдик укуктук актылар адегенде кыргызча жазылмайын кыргыз тили эч качан өнүкпөйт.

Орус тилинде мыйзам жазууда деле проблемалар көп, бирок ошондой болсо да кыйла эле калыптанып калган. Ал эми мыйзамды кыргыз тилинде жазуу иши али толук жолго салына элек. Жазуу стилинде болобу, терминдерди бирдейлештирүүдө болобу, табуляцияда болобу мыйзам жазууда орусча текстти калька кылып которуу менен ар бир котормочу өзүнүн билгенине, дараметине жараша даярдап, натыйжада пикир келишпестиктер, каталар, бирдейлештирилбеген терминдер пайда болууда.

Илимпоз тилчи, котормочунун пикири

Котормо иши өтө татаалдыгын, которулуп жаткан чыгарманын маниси толук сакталышы үчүн адекваттуулук, эквиваленттүүлүк деген сыяктуу бир катар талаптар эске алынуу менен стилдик, жанрдык өзгөчөлүктөр да өзгөрүлбөшү зарылдыгын белгилеп, филология илимдеринин доктору, профессор, тилчи, котормочу Уулкан Камбаралиева 2016-жылдын 17-июндагы «Кыргыз Туусу» гезитине чыккан маегинде төмөнкүдөй калыс пикирин айтат:

«Терминдерди же кээ бир сөздөрдү которууда Кыргызстан коңшуларды туурап жаткандай элес калтырат. Мисалга алсак, Казакстан эгемендикке ээ болору менен чет тилдерден кирген көпчүлүк сөздөрдү казак тилине которуу өнөктүгүн баштаган. Бирок, тилекке каршы, баары ойдогудай болгон жок. Кээ бир сөздөр калкка чын эле оңой кабыл алынып кетсе, кээ бир сөздөр эл арасында айтылбай, кагаз беттеринде гана кала берди. Менин тааныштарым, студенттерим окуу-илимий тажрыйбадан өтүү үчүн ал жакка барып калганда, казактардын өздөрү кээ бир казак тилине которулган сөздөрдү түшүнбөй жаткандыктарын айтышкан экен. Бул көрүнүш, жогоруда белгиленгендей, Кыргызстанда да бар. Көчөдөгү жарнамаларда жазылып турган кээ бир сөздөрдү эл түшүнбөйт. Ушундан улам, ашынган «котормочулуктун» арты тилди байытпай эле, лексикалык жардылыкка алып келээрин баамдадым. Ал эми тарыхка

көз чаптырсак, мындай кырдаалды көп мамлекеттер башынан өткөргөнүн көрүүгө болот. Ошол эле Россияда «баарын которуш керек» деген принцип, акыр аягы анекдотка айланганын баары билет.

... эл аралык деп эсептелген лексиканы которуудагы кемчиликтерди көп эле көрүп келем. Маселен, латын жана грек тилинен алынган сөздөрдү термин катары дүйнө элинин көпчүлүгү колдонот. Когнитивдик тил илиминдеги термин катары колдонулган латын тектүү сөздөр англис тилинен орус тилине алынып колдонулуп келет. Азыркы учурда мына ошол терминдерди «кыргыз тилине которуш керек» - деген пикирлер байма-бай айтылууда. Бирок, англичандар тилинин жардылыгы үчүн башка тилден алынган терминдерди колдонуп жаткан жок да. Алар терминдин эрежесине ылайык, көп маанилүүлүккө жол бербөө максатында бүт дүйнөдө колдонулган эл аралык лексиканы тилдин коруна киргизишкен. Ал эми Кыргызстанда эмнегедир кээ бир эл аралык лексикалык бирдиктер өгөйлөнүп келет.

... Эгемендүүлүктүн алгачкы жылдары колдонула баштаган көп кулакка жат, копол сөздөр кыргыз тилине «жуккан» жок. Азыр басма сөз беттеринен гана аларды кээде жолуктуруп, таң калып койгонубуз менен, өз кебибизде дээрлик колдонбойбуз.

... Эне тилибиз өтө бай тил. Ар бир тилдин өзүнүн өзгөчөлүгү бар. Ал эми кыргыз тилинин башкалардан айырмачылыгы болуп сүрөттөөгө жатыктыгы, маанилеринин оттенокторунун көптүгү жагынан алдына эч кимди салбагандыгы саналат. Мисалы, элестүү сөздөр. Бир эле сөз аркылуу адамдын абалын, тышкы образын, ички ой-туюмун, сүйлөп жаткан кишинин ага болгон мамилесин берип коюуга болот. Мындай артыкчылык башка тилдерде анчалык байкалбайт.». Менимче, тилчи-окумуштуу, котормочу эжекебиздин бул пикири көңүлгө алынууга тийиш. Ушундай конкреттүү маселерди айткан окумуштуулар аз. Тилдеги талаш маселени сурасаң кайсы гана окумуштуу болбосун жалпылап айтып, кайпалактап четке чыга берет.

III. ТЕРМИНОЛОГИЯ

Термин (латын сөзү «termizys» – «чек», «чек ара») – белгилүү бир түшүнүктүн атын атоо үчүн алынып, көбүнчө бир мааниде колдонулуучу сөз же сөз айкашы; илим тармактарындагы жана турмуш-тиричилик чөйрөсүндөгү түшүнүктөрдүн аты. Ал жердин чегин белгилеген таш, белгилерди көзөмөлдөөчү рим кудайы Терминустун атынан келип чыккан. Кийин бул сөз азыркы маанисине өткөн. Демек термин бир же эки сөздөн турушу мүмкүн. Алар кесиптик сөздөрдөн төмөнкү белгилери менен айырмаланат:

1) терминдерде көп маанилүүлүктүн, өтмө маанилүүлүктүн жоктугу, тактап айтканда, бир илимдин же техниканын тармагындагы бир термин бир гана түшүнүктү туюндуруп, бир гана маанилүү болушу керек;

2) терминдер тигил же бул түшүнүктү так атоо үчүн тилдик мыйзам ченемдерге, эрежелерге ылайыкталып, лексикалык моделдердин үлгүсүндө атайын иштелип чыгат жана мамлекеттик же илимий мекемелер тарабынан расмий түрдө кабыл алынат.

Улуттун тилин өнүктүрүүгө кызыкдар болгон цивилизациялуу мамлекеттерде тил саясатынын маанилүү бөлүгү болуп эсептелген терминология маселелерине чоң маани берилет. Алсак, Германия, Франция, Россия сыяктуу өлкөлөрдө терминология комитеттеринин, комиссияларынын жана коомдук институттардын иштери жакшы жолго коюлган. Алар терминология иштерин координациялоо жана уюштуруу боюнча өз ишмердиктерин мамлекеттик деңгээлде гана жүргүзбөстөн, терминология иштеринин негизги тармактык илимий-методикалык багыттарын да аныкташат. Терминге дүйнө элдери чоң маани беришет. Алсак Ф.Энгельс «... Относящиеся к одной науке термины должны образовывать единую систему», – деп «Диалектика природы» деген китебинде жазган экен. Демек бир тер-

мин бир илимде бирдей алынышы керек. Кыргыз терминологдорунун дагы негизги максаттары ушул.

Жазма кыргыз тили тээ мурда болгону менен, кыргыз элинин кыйчалыш тагдырына жараша кийин унутулуп, совет мезгилине чейин бир топ кылым оозеки түрдө гана болуп келсе да, грамматикалык түзүлүшү ырааттуу, сөз байлыгы мол тилдердин катарына кирет. Муну биздин «Манас» эпосубуз, ар бир башка элдердин не бир чоң деген эпосторуна тете, «Манаска» салыштырмалуу гана кенже деп аталган «Кожожаш», «Эр Төштүк», «Жаныш-Байыш», «Курманбек» ж.б. сыяктуу көптөгөн эпосторубуз дапдаана айгинелеп турат. Ошондуктан термин жасоодо аны адегенде өзүбүздүн тилдин ички корунан издесек, эл ичинен издесек абдан туура болот. Аны кан Бакайдай болгон касиеттүү атабыз жазуучу Т.Сыдыкбеков кадимки кашкөйлүгү менен тээ илгери эле төмөнкүчө айтып салган. «Ар бир тилдин өзүнө таандык касиети, айтылыш ыргагы, күүсү-музыкалуулугу өз эрежесине багынат. Өз эрежесинен чыккан сөз (эреже колдонбой алынган сөз дегенди айтып жатат - Ы.К.) көп учурларда «калькага» айланып түшүнүксүз, угумсуз, тантык болору белгилүү. Тил байлыгы - тилдин өзүндө экен. Ал ошол өзүндөгү корду кеңири изилдесе жана аны өнүктүрсө тил өзүн байыта бергидей. Ошондой эле өз корунда жок сөздөрдү башка тилдерден ооштуруп өз мыйзамына сыйдырса, анда ал четтен келген сөз төл сөзгө айланып, тилди жаңыртып, анын ар бир татаал туюнтмаларын айкындап туюндурууга жетише бергидей». Академиктин бул сөзүн термин менен иштеген ар бир адам жол көрсөткүч сыяктуу пайдаланууну зарыл. Анткени терминология системасын түзүү тилдеги белгилүү тарыхый үлгүгө, тажрыйбага таянып, тилдин учурдагы өркүндөө багытына, башка элдер менен болгон карым-катышына жараша аныкталат.

Кыргыз терминологиясынын өнүгүшү улуттук тилдин өнүгүшү, анын калыптануу тарыхы менен тыгыз байла-

нышта. Совет бийлигинин алгачкы күндөрүнөн тартып эле улуттук алфавитти түзүү, улуттук жазманы жаратуу маселеси күн тартибинде турду. Иш кагаздарын кыргыз тилинде жүргүзүү, кыргыз тилин окуу сабагы катары мектептерге киргизүү, мектептеги сабактарды кыргызча өтүү, ар бир предмет боюнча окуу китептерин жазуу, орус тилиндеги китептерди кыргызча которуу өңдүү иштердин жүргүзүлө башташы агартуу маселеси менен бирдикте эле терминология системасын иштеп чыгуу жана термин түзүү проблемасын пайда кылды.

И.Арабаев, К.Тыныстанов сыяктуу чыгаан инсандар терминология системасын жана термин түзүүнүн принциптерин иштеп чыгуу маселесинин зарылдыгын жакшы түшүнүшкөн. Терминдерди так атоо үчүн Кыргыз Автономиялуу областы түзүлгөн учурдан тартып эле илимий принциптер – терминология маселесинин теориялык негиздери иштелип чыгып, алар адабий тилдин нормасы менен айкалыштырылган. К. Тыныстанов 1926-жылы кыргызча термин түзүүнүн, жаратуунун илимий принциптерин иштеп чыккан.Ушул иштин башатында турган теоретик окумуштууларыбыз К.Тыныстанов, Б.Юнусалиев, Ж.Шүкүров, Б.Орузбаевалардын мыкты эмгектери бар.

Окумуштуулар Ж.Шүкүровдун «Принципы киргизской терминологии» (1952), Б.Орузбаеванын «Кыргыз терминологиясы» (1983) деген эмгектери бүгүнкү күндө да актуалдуулугун жогото элек олуттуу эмгектерден. Айрыкча Б.Орузбаеванын «Кыргыз терминологиясы» деген илимий монографиясы термин жасоо, терминди которуу жаатында кыргыз тилинде жазылган бараандуу эмгек. Бул эмгекте кыргыз тилинин лексикасында терминдердин орду, алардын курамы, пайда болушу сыяктуу көз караштар көрсөтүлгөн. Кыргыз тилинин лексикологиясынын калыптанышында тилдин ички ресурстарынан пайда болгон терминдер, башка тилдерден келип кирип кабыл алынган терминдер кеңири чагылдырылган. Илимий негизде кыр-

гыз терминологиясын түзүү, аны түзүүдөгү негизги принциптер иштелип чыккан. Кайсыл учурда термин катары төл сөздөрдү кеңири пайдалануу, кандай шартта орус же башка тилдерден кирген сөздөрдү ошол турушунда кабыл алуу, кыргыз тилинде маанисин толук ачып бере алган сөз бар болсо аны которуу, айрым терминдерди кыргыз тилине ылайыктап айтуу, терминдин уңгусун таап, ага мүчө улап пайдалануу сыяктуу принциптер илимий жактан негизделген. Терминге болгон тактык, системалуулук, кыскалык, конкреттүүлүк, илимийлик ж.б. сыяктуу талаптар аныкталган. Ал түгүл кайсыл учурда терминди мүчөсүз жазуу, кайсыл учурда кандай терминге кандай мүчө улоо керектигине чейин айтылган. Эгер термин бир нече компоненттен турса, кайсы компоненти которулары, кайсынысы которулбасы, кайсынысына мүчө уланары дагы так берилген. Мисалы, судебно-медицинская экспертиза, муну биз кээде соттук-медициналык экспертиза деп алып жүрөбүз, бул сот-медициналык экспертиза деп алынышы керек. Мен бул эмгекти кыргыз тилинде жазган, термин менен иштеген, котормо жаатында эмгектенген ар бир илимий кызматкердин, котормочунун, журналисттин окуп чыгышын каалаар элем. Ал түгүл Б.Орузбаеванын ушул эмгеги боюнча экзамен алып туруп, ошондон кийин гана жогоруда айтылган кызматтарга кабыл алса болор эле деген ойду айтып кетким келет. 1976-80-ж. Б.Орузбаеванын жетекчилиги менен чыгарылган 6 томдук Кыргыз Совет Энциклопедиясы (1-тому – А.Табалдиев) мына ушул принциптер колдонулуп жазылган эмгек.

Которууда терминдерди туура пайдалануу, аларга конкреттүү мамиле жасоо өзгөчө мааниге ээ. Ченемдик укуктук актыларды которууда термин, эгерде кыргыз тилинде эквиваленти болсо которулат (мисалы, закон – мыйзам, постановление - токтом), эгерде кыргыз тилинде эквивленти жок болсо, анда терминдин адегенде уңгусу табылып, анан ага мүчө уланат, ал эми такыр эле которууга мүмкүн

эмес болсо, анда которулбай алынат (мисалы, компьютер - компьютер).

Кээде сөздүн уңгусун таап туруп, анан ага мүчө улоо принциби сакталбагандыктан чар жайыттыкка жол берилген учурлар да бар. Совет мезгилинде жазылган кыргызча эмгектерде процессуальный – процесс, нотариальный – нотариус, этнический – этнос ж.б. деп жазылып турганын билбей, айрым сөздөрдү айтууда орус тилин багыттоочу катары алып, орус тилиндеги айрым сөз жасоо каражаттарын жеткире түшүнбөгөндүктөн кээ бир терминдерди ушул кезде да туура эмес айтып келебиз. Натыйжада айрым терминдерди ойлонбостон эле орус тилиндеги сөз жасоо каражаттары менен кошо алуудабыз. Мисалы, айрым журналисттер процессуальныйды – процессуалдык, нотариальныйды – нотариалдык, этническийди – этникалык, региональныйды – регионалдык, принципиальныйды – принципиалдуу, сейсмическийди - сейсмикалык, космическийди - космикалык, ал түгүл химическийди - химикалык деп да деп колдонгон учурлары бар. Муну термин жасоо боюнча жогоруда айтылган принциптерге таянып, этническийди - этностук, региональныйды - региондук, принципиальныйды - принциптүү, сейсмическийди - сейсмдүү, космическийди - космостук, химическийди - химиялык деп алганыбыз туура болот. Ошондой эле функциональный, пропорциональный, эмоциональный, терапевтичесий деген сөздөрдүн уңгусу функция, пропорция, эмоция, терапевт экенине маани бербей, функционалдык, пропорционалдык, эмоционалдык, терапевтикалык деп алганыбыз кечиримсиз. Анткени этника, регионал, принципиал, сейсмика, космика, химика ж.б. деген сөздөр жок.

Эгемендик келгенден кийин кыргызча жазгандар көбөйүп, мурун кыргызча жазган илимпоз, адистердин көзү өтүп, калгандарынын башкаларды окутууга шаасы жетпегенден же көңүл бурбагандан ушул принциптер акырындап унутула баштап, котормочулардын, журналисттердин көп-

чүлүгү кайра 50 жыл артка кеткенибиз карандай чындык. Айрыкча чет тилден кирген терминдердин уңгусу кайсы, мүчөсү кайсы экенин ажырата албай, ал сөздөр орус тилинин фонетика-грамматикалык өзгөчөлүгүнө ылайыкташып кабыл алынганын билбей орус тилин ээрчиген боюнча которуп салуудабыз. Кээде бир эле терминдин эки-үч варианты колдонулган учурлар да бар. Мисалы, группа – топ, тайпа, группа. Орус жана интенационалдык сөздөрдү, эгерде эне тилде эквиваленти болбосо, өзүн эле термин катары алуу сунушталат. Мисалы, статус сөзү (статусту – макам деп которуп жүрөбүз, бирок макам да, статус да башка элдин сөзү, ошондуктан аны которуп кереги жок деп ойлойм).

Жогоруда аталган эмгектерди негиз катары алып, түшүнүктөргө жана терминдерге төмөнкүдөй талаптар коюлушу керек деп эсептейм:

1. Термин так жана бир маанилүү болууга тийиш, башкача айтканда белгилүү бир гана түшүнүктү билдириши керек. Негизи эле түшүнүктөр, терминдер туура жана бирдей которулуп жана пайдаланылышы керек.

2. Термин мүмкүн болушунча кыска болууга тийиш, негизинен бир гана сөздөн турушу керек. Мисалы, эгемендүүлүк эмес, эгемендик, акылмандуулук эмес акылмандык.

3. Колдонулган терминдер жана түшүнүктөр КР ченемдик укуктук актыларына шайкеш келиши керек.

4. Жасалуучу терминдин уңгусун табуу, ошондон кийин гана ага мүчө улоо.

5. Терминдин синонимин эне тилдин корунан издөө, эгер эне тилде анын маанисин так бере турган сөз жок болсо, башка тилдеги же эл аралык сөздү кабыл алуу.

6. Айрым сөздөрдү эне тилдин үндөштүк мыйзамынын негизинде, сөздүн жеңил айтылыш ыңгайына жараша кабыл алуу. Мисалы, керебет, самоор, картөшкө дегендей эле гезит, облус, белет ж.б. деп кабыл алууга жол берүү.

7. Термин жасоодо бирдей илимий принципти колдонуу. Мисалы, а, анти, сверх, ре, по, вне, видео, над ж.б. приставка колдонулган сөздөрдү бирдей принципте которуу.

8. Төл сөз менен өздөштүрүлгөн сөздү айкалыштырып термин жасоо. Мисалы, театральное общество - театрчылар коому (театралдык деген туура эмес).

9. Сөз айкалышынан турган терминди жасоодо, негизги сөз биринчи алынышы керек.

10. Айрым терминдерди орусчадан сөзмө сөз (калька) которуу менен кабыл алуу, бирок сөздүн маанисин, семантикалык касиеттерин тактоо. Мындай учурлар ийгиликтүү колдонулуп кеткен учурлар да бар. Мисалы, тамыр деген сөз денедеги кан жүрүүчү каналдарды түшүндүрсө, кийин математикада тамырдан чыгаруу деп ийгиликтүү колдонулуп жүрөт.

11. Термин түзүүдө зарылчылык болбосо мүчө улоону чектөө. Мисалы, -лык мүчөсүн.

12. Аныктоочтук айкалыштан турган кээ бир татаал терминдерди бир түрдө которуу. Мисалы, древнеегипетский фараон - байыркы Египет фараону же байыркы египеттик фараон. Мунун алгылыктуусун кабыл алып, калган ушул сыяктуу сөз айкалышынан турган терминдерди бир түрдө кабыл алуу.

13. Эгерде өтө зарыл болбосо, жасалма термин жасоону чектөө.

14. Бир эле термин ар кандай түшүнүккө колдонулбашы керек.

15. Бир эле түшүнүккө ар кандай термин колдонулбашы керек.

Буларды мен Кыргыз энциклопедиясын түзүүдөгү, ошондой эле эгемендик жылдарындагы Терминкомдун ишине катышуу тажрыйбаларыма таянып сунуштадым.

Ар бир илимдин, техниканын, искусствонун жана башка тармактардагы терминдердин жыйындысын терминология изилдейт.

Терминология (термин – жана...логия) – лексиканын бир бөлүгү; терминдердин жыйындысы жана аны изилдөөчү тил илиминин бир бөлүмү. Терминология коомдун, илим менен маданияттын, техниканын өнүгүшүнө байланыштуу калыптанып, андагы ар кандай өзгөрүштөргө, адамдын акыл оюнун өнүгүш денгээлине жараша эскилери колдонуудан калып, жаңылары пайда болуп турат. Терминологияда терминдерди тартипке салуу, бир түргө келтирүү сыяктуу лексикографиялык жумуштар аткарылат. Мындай иштердин аткарылышына улуттук жана тармактык Терминология сөздүктөрүн түзүүнүн мааниси чоң. Терминология кадимки жана машина котормонун маселелери, маалымат издөө системаларынын иши, документалистика ж. б. менен байланыштуу. Терминология маселелери боюнча бир нече Эл аралык уюмдар (мисалы, ЮНЕСКО ж.б.) иш жүргүзөт.

Кыргыз тилинде терминдердин изилдениши XX кылымдын 20-жылдарынан эле башталган. Расмий жазуу түзүлүп, биринчи кыргызча гезит чыгып, окуу китептер жазыла баштаганда эле терминдер системасы түптөлгөн. Мисалы, кыргыз тили окуу китеби алгач жазыла баштаганда лингвистикалык терминдердин түзүлүшүнүн зарылдыгы келип чыккан. Натыйжада, азыркы кезде жалпы элдик лексиканын катарындагы сөздөрдөй эле активдүү лексикага өтүп кеткен алиппе, сүйлөм, чекит, үтүр деген сыяктуу сөздөрдүн пайда болушу зарыл болгон. Лингвистикалык мындай терминдердин жаралышы атактуу окумуштуу Касым Тыныстановго таандык. Кыргыз тилинин лексикасынын байышындагы ички ресурстарды, башкача айтканда, куранды мүчөлөрдүн жардамы менен жаңы сөздөрдүн жасалышына өзгөчө маани берип, ал этиш, атооч, сүйлөм, үндүү, үнсүз, созулма, баяндооч, айкындооч, жөндөмө, учур чак, келер чак, өткөн чак деген сыяктуу көптөгөн терминдерди жараткан. Андан тышкары, башка илимдер боюнча да терминдердин алгачкы иштелгендери Касым

Тыныстановдун чыгармачылыгы менен башталган. Совет өкмөтүнүн курамында кыргыз элинин турмушу жаңыча өнүгүп, окутуу иштери жолго коюлуп, илим менен техниканын өсүп-өнүгүшү илимдин бардык тармактары боюнча терминдердин калыптанышына түрткү берди. 1940-жылы жарык көргөн К.К.Юдахиндин кыргызча-орусча сөздүгүнүн биринчи басылышынан баштап эле сөздүктө чагылдырылган терминдер мунун айкын мисалы болуп саналат.

Түркиянын тунгуч Президенти Ататүрк учурунда Тил комиссиясын түзүп, аны өзү жетектеген экен. Терминологиясын тартипке келтирип, кабыл алынган терминди сөзсүз колдонууга милдеттендириптир. Каза болоорунда болгон байлыгын тил жана тарых уюмуна мураска калтырыптыр. Бүгүнкү күндө да түрктөр өз тилинде гана сүйлөп, башкаларга үлгү болуп жатканы баарыбызга маалым.

Терминология комиссиясынын тарыхынан

Кыргызстан СССРдин курамындагы өзүнчө мамлекет катары түзүлгөн учурдан баштап эле терминдерди түзүү маселеси көтөрүлгөн. Анткени жаңыдан түзүлгөн мамлекетте жаштарга билим берүү, ал үчүн окуу китептерин жазуу зарылчылыгы пайда болгон. Биринчи баскычтагы мектептер үчүн алгачкы окуу китеби катары 1924-жылы апрелде И. Арабаевдин «Алиппеси», К. Тыныстановдун «Окуу китеби» жарык көрөт да, алар 1925-жылкы окуу жылында окуучулардын колуна тиет. И. Арабаев менен К. Тыныстанов окуу китептеринин аягына терминдерди тиркеме түрүндө берип, кыргыз тилиндеги биринчи терминологиялык сөздүктөрдү түзүшкөн.

1924-жылы 20-декабрда Түркстан АССРинин Эл агартуу комиссариатынын алдында Кара Кыргыз Илим комиссиясы түзүлүп (ал 1924-28-жылдары бирде Илим комиссиясы, бирде Академборбор деп атала берген), илимий иштери менен катар эле терминология маселесин да караш-

кан. Бул иштин башында Академборбордун жетекчилери Э.Арабаев, К.Тыныстанов, К.Юдахин, Б.Данияровдор турушкан. Окуу китептеринин ичинен алгачкылардан болуп «Геометриянын башталгыч курсу», «Арифметика боюнча маселелер жыйнагы», «Математиканын методикасы» деген китептер жарык көргөн. Ал китептерди жазыш үчүн 1925-жылы ошол мезгилдеги илимдүү адамдардын бири, коомдук ишмер Базаркул Данияров «Математикалык терминдердин орусча-кыргызча сөздүгүн» түзүп, Илим комиссиясына сунуштаган. Бул 135 гана математикалык терминден турган. Аларды Илим комиссиясынын Президиуму эки күндүн ичинде карап чыгып, окуу китептерин түзүүдө колдонуш үчүн бекитип берген. Ошол учурда жалпы которула баштаган окуу китептери үчүн бул баалуу колдонмо болгон. Ошентип Илим комиссиясы алгачкы Терминология комиссиясынын милдетин аткарган.

1926-жылы 26-февраль – 5-мартта Баку шаарында 1-түркологиялык сьезд болуп (Кыргызстандан Э.Арабаев, К.Тыныстанов, Б.Данияров делегат болгон), эне тилди мектепте окутуу, орфография, терминология ж.б. маселелер каралган. 4-мартта К.Тыныстанов сөз сүйлөгөн. Терминология боюнча 13 пунктан турган резолюция кабыл алынган. Анда терминдерди алуунун принциптери, ар бир республикада терминология комиссиясын түзүү сыяктуу маанилүү маселелер камтылган.

Анын натыйжасында Кыргызстанда терминология маселелерин пландуу жана системалуу изилдөө үчүн 1926-жылы 8-майда Кыргыз АОсунун Ревкомунун токтому менен Билим комиссиясынын карамагында Терминология комиссиясы түзүлгөн. Ал жөнүндө Кыргыз УИАнын академиги С.Мусаев төмөнкүчө жазат: «Илим комиссиясынын 1926-жылдын 8-майында өткөн коллегиясы «О разработке и собрании терминов и разборе поступающих рукописей» деген маселени талкуулап, төмөнкүдөй чечим кабыл алат: «1. Создать особую комиссии под председательством Шаб-

данова и членами Шамгунова, Карачева, Тулегабылова, Тихомирова, и Данийарова; 2. Предоставить право комиссии кооптировать нужных лиц к этой работе; 3. Предложить комиссии составить план работы и представить его на утверждение коллегии Научной комиссии к 15 мая» (ЦГА, ф. 647, оп. 1, д.118). Ушул «особая комиссия» кыргыз тилинин терминологиялык системасын түзүү, терминдерди тартипке келтирүү, термин которуу, термин жасоо иштерин аткаруу менен эле катар, мамлекеттик мекеме-уюмдардагы термин маселелери боюнча иштегендерге жардам берүүчү, алардын термин жаатындагы иштерин тескөөчү, көзөмөлдөөчү уюм катары да милдет аткарган. Бул комиссия түзүлүп, жасалып, которулуп келген терминдерди талдап, талкуулап, андан кийин гезитке чыгарып, жалпы элдик сунуш пикирлерден кийин аларды бекитүү жоопкерчилигин да аркалаган. Ошону менен эле катар терминдик сөздүктөрдү иштеп чыгуу үчүн жеке адамдар, адистер менен келишим түзүү, алардын эмгеги үчүн акы төлөө укуктарына да ээ болгон. Кийинчерээк «особая комиссияга» Э.Арабаев, С.М.Абрамзон, Д.П.Дементьев мүчө катары кошулушат». (Мусаев С.Ж., Мусаева Т.С. Кыргыз адабий тили: улуттук доорго чейин жана улуттук доордо. Б.:2022, 426-бет).

1927-жылы мартта К.Тыныстанов Эл агартуу комиссары (Билим берүү министри) болуп дайындалат. Ушул учурда терминология маселексине өзгөчө көңүл бурат. 1927-жылы май айында Академборбордо өкмөт мүчөлөрүнүн, маданият кызматкерлеринин катышуусунда чоң жыйын өтүп, анда К.Тыныстанов «О влиянии иностранных терминов на кыргызский язык» деген темада доклад жасаган. Докладында термин түзүүнүн принциптери сунушталган. Бул принциптерди 1928-жылы февралда түзүлгөн комиссия (курамы: Жолдошев, Данийаров, Курманов, Шабданов, Солтоноев, Арабаев, Карачев, Ырыскелдиев, Көкөнов, Убукеев) жактырып, бекитишкен. 1928-жылы сентябрда Академборбор «Край таануу» илим изилдөө институту бо-

луп түзүлүп, анын курамында Илимий-терминология комиссиясы да болгон. 1933-жылы ушул Терминологиялык комиссия ал институттан Эл агартуу комиссариатынын карамагына өткөрүлүп, Кыргыз терминологиялык кеңеши аталган. Ушул учурларда К.Тыныстановго «эл душманы, улутчул» деген күнөөлөр коюла баштап, терминге болгон мамиле да өзгөргөн. Терминдер орус тилинде кандай болсо, бузулбастан ошол тейде кабыл алына баштаган.

КР УИАнын кол жазмалар фондунда сакталып турган кыргыз тил илиминин тарыхында 1-жолу түзүлгөн сөздүктөрдүн кол жазмалары да бар. Алар: К.Тыныстанов, Ы.Тойчинов. «Словарь по философии и общественно-политическим предметам» (1932, 153 бет). К.Тыныстанов, Ы.Тойчинов. «Словарь социально-экономических терминов». (1934-ж., 152 бет. К.Тыныстанов, Д.П.Дементьев. «Зоологический словарь. (латын, кыргыз, орус тилинде).

1933-жылы К.Тыныстанов менен Ы.Тойчинов «Терминдер (Коом-экономикалык терминдери)» деген сөздүк түзүшкөн. Кыргызстан мамлекеттик басмаканасынан чыккан. Бул сөздүктөгү терминдер «Философия терминдери, Саясий коом терминдери» деп эки топко бөлүштүрүлгөн. Бардыгы 2789 терминди камтып, 111 беттен турган кичинекей китепче (узуну – 18 см, туурасы – 8 см) болгон. Терминдерди эл агартуу комиссары бекиткен. Ошентип К.Тыныстанов, Б.Данияров жана Ы.Тойчинов кыргыз терминологиясынын башатында турган биринчи терминчилер.

К.Тыныстанов кыргыз терминологиясынын илимий-теориялык негизин түзгөн, термин жасоо принциптерин иштеп чыккан, алгачкы терминдерди түзгөн, кыргыз терминологиясынын карлыгачы болгон бирден бир чыгаан инсан. Анын терминорлогия боюнча иштери бүгүнкү күндө да актуалдуу бойдон.

1937-жылы 2-июлда Кыргыз терминология кеңешинин кеңейтилген жыйыны болуп, анда эл агартуу комиссары О.Алиев доклад жасаган. Ал жыйында «Терминология

комиссиясы Эл комиссарлар советинин алдында иштеп, комиссиянын чечимин Эл комиссарлар совети бекитет», – деген чечим кабыл алынган. Терминкомдун курамы өзгөртүлүп, тармактар боюнча секциялар түзүлгөн. Социалдык-экономикалык терминдер секциясынын жетекчилигине К.Рахматулин, адабий тил секциясынын жетекчилигине К.Тыныстанов, медицина, физика-математика, химия, астрономия терминдери секциясынын жетекчилигине Э.Арабаев, география терминдери секциясынын жетекчилигине Ж.Шүкүров бекитилген. Калган терминдер боюнча секция жетекчилерин дайындоо, секциянын ишине сырттан адистерди тартуу Терминология комиссиясынын өзүнө тапшырылган. 1937-жылдын 7-июлунда КП(б) БКнын бюросунда «О государственном терминологическом совете» деген маселе каралып (докладчы КП(б) БКнын катчысы А.Жумабаев), Кыргыз ССР Эл комиссарлар советинин алдында 16 кишиден турган Мамлекеттик терминология комиссиясын түзүү жөнүндө чечим кабыл алынган. Комиссиянын төрагалыгына эл агартуу министри О.Алиев бекитилген. Ошентип совет бийлигинин алгачкы жылдарынан тартып эле терминология маселесине олуттуу көңүл бурулган. Кийин термин түзүү иштери да саясатташтырылып, орусча терминдерди көбүрөөк алууга ыктоо башталган. Ошентсе да термин түзүүгө карата ошол Терминком иштеп чыккан: 1) термин катары төл сөздөрдү пайдалануу; 2) араб-иран сөздөрүн термин катары пайдаланууга чек коюу; 3) орус жана интернационалдык сөздөрдү (эгерде эне тилде шайкеш келген эквиваленти болбосо) термин катары кеңири колдоно берүү деген принциптер СССР жашап турган 70 жылдын ичинде эч деле өзгөртүлбөй, негизинен ошол бойдон эле колдонулуп келди. Кийин гана термин жасоо үчүн сөздүн үнгусун табуу, керек болгондо ага мүчө улоо, кыскалык, бир маанилүүлүк, түшүнүккө шайкеш келүү сыяктуу ж.б. тактоолор киргизилди.

Терминкомдун иши согуш учурунда токтоп, терминологиялык иштерди тартипке келтирүү кайрадан 1949-жылы колго алынган. Кыргыз ССР Министрлер Советинин атайын токтому менен 1957-жылы Кыргыз ССР Илимдер академиясынын президиумунун алдында Терминология комиссиясы түзүлгөн. 1977-жылы 26-апрелде Кыргыз ССР Министрлер Советинин токтому менен Терминология комиссиясынын жаңы курамы бекитилип, ага республикадагы көрүнүктүү окумуштуулар, жазуучулар, котормочулар, басма сөз кызматкерлери кирген. Кыргыз ССР Илимдер академиясынын вице-президенти Терминкомдун төрагасы болгон. Төрагалыкты бир топ жылдар Кыргыз ССР ИАнын вице-президенти – коомдук илимдер бөлүмүнүн төрагасы, академик Салмоорбек Табышалиев аткарган (1976–83-жылдары). Академияда терминология бөлүмү иштей баштаган. Терминология бөлүмүн адегенде Б.Ө. Орузбаева, андан кийин Ч.Жумагулов, Т.Дүйшөналиева жетектеп, илимий кызматкерлер А.Исабекова, Н.Тажыбаева ж.б. илимдин ар кыл тармагы боюнча терминдердин калыптанышына салымдарын кошушкан. Бул Терминком учурунда өтө зор иштерди жасады. Илимдин дээрлик баардык тармагы боюнча терминологиялык сөздүктөрдү түзүп, адегенде долбоор түрүндө, коомдук талкуудан өткөндөн кийин гана ал сөздүктөрдү кайрадан чыгарып турду. Термин түзүүчүлөргө жардам көрсөтүү максатында «Кыргыз терминологиясынын маселелери» деген илимий басылмалар (1971–1989-жылдары 9 жыйнак) чыгып, адистердин эмгектери жарыяланып, илимий терминологиялык системаны тартипке келтирүү иши жолго коюлган. Термин түзүү ишин жөнгө салып, кыргыз тилинин илимий тилге айланышы үчүн негиз түптөдү.

Ар түрдүү илим тармактары боюнча 100дөй сөздүк түзүлүп, 10го жакын диссертация корголуп, 10го жакын илимий макалалар жыйнагы басмадан чыгып, аларга арналган бир нече макалалар жазылып, пикирлер айтылып, атайын монография да чыккан.

Ошол мезгилде термин түзүүдөгү кыйынчылыктарды жеңүүгө чоң өбөлгө болгон эмгек 1944-жылы, андан кийин оңдоп-толуктоо менен 1957-жылы чыгарылган Орусча-кыргызча сөздүк болду. Көптөгөн кемчиликтерине карабастан бул сөздүк ушул мезгилге чейин ийгиликтүү колдонулууда. Ошондой эле кыргыз тилинде терминдерди калыптандыруудагы көрүнүктүү эмгектер 6 томдук улуттук-универсал «Кыргыз Совет Энциклопедиясы» (1976-80), 4 томдук «Советтик энциклопедиялык сөздүк» (1976-80), андан кийинки «Кыргыз энциклопедиясынын» редакциясы чыгарган түшүндүрмө сөздүктөр жана тармактык энциклопедиялар болуп эсептелет. Булар көп сандагы авторлор коллективи, окумуштуу, адис ж.б. турган редакциялык коллегия жана редакциялык кеңеш тарабынан кайра-кайра талкуулоо (Терминкомдун милдетин аткарып) менен түзүлгөн эмгектер жана булардан өтө эле көп терминдер, түшүнүктөр жөнүндө маалымат алууга болот. КСЭдеги көптөгөн терминдер, көптөгөн туунду сөздөр, терминге айланган төл сөздөр жаңы сапаттагы зор табылгалардан болду. Ошондой болсо да кээ бир терминдерди которууга совет бийлигинин тыюу салган учурлары болгон, интернационалдык терминдерди өз эне тилибизде маанилеш, айрым учурда так эле маанисин берген сөздөр турса да которбой алуу, орус терминологиясына ашкере ыктоо күч алган. Алсак, Родина, старший, дворец ж.б. сөздөрдүн кыргыз тилинде так эквиваленти турса да которууга жол берилген эмес.

1989-жылы кыргыз тили мамлекеттик тил статусуна ээ болуп, 1991-жылы элибиз эгемендикке жетишкени кыргыз тилинин расмий-иштиктүү лексикасын, административдик стилди өнүктүрүү учурдун өтө актуалдуу маселесине айланды. Буга мурда деле аздыр-көптүр көңүл бурулганы менен иш кагаздары иш жүзүндө кыргызча жазылган эмес. Анын үстүнө административдик стиль азыркы кыргыз тилиндеги башка стилдерге караганда кыйла артта калган. Совет бийлигинин алгачкы жылдарында алфавит - алиппе,

орфография - ымла, закон, кодекс - заң, аргумент - убажы, аттестат - сынак кат, форма - түс, квитанция - керешке, конституция - түбкү мыйзам ж.б. деп алынган экен. Кийин такыр эле орусчага өтүп кетиптирбиз.

СССР тарагандан кийин экономикалык кыйынчылыктар болуп, бир топ жыл Терминкомдун иши каралбай калган.

1998-жылы 11-мартта Кыргыз Республикасынын Президентинин алдындагы Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиянын кеңешмеси болуп, анда VII маселе Улуттук комиссиянын алдында **«Биргелешкен редакциялык бюро»** түзүү жөнүндө болгон. Мына ошол токтомду сөзмө сөз келтирели:

Бишкек шаары. Өкмөт Үйү. 11-март 1998-жыл.

VII маселе

Улуттук комиссиянын алдында «Биргелешкен редакциялык бюро» түзүү жөнүндө

1. Мыйзам чыгаруу, мамлекеттик иш башкаруу, официалдуу иш кагаздарын даярдоо чөйрөсүндө мамлекеттик тилди калыпка салуу, которуу, редакциялоо жана терминдик жактан чаржайыттыкка жол бербөө максатында Улуттук комиссиянын алдында коомдук башталыштагы Биргелешкен редакциялык бюро түзүлсүн (Редакциялык бюро).

2. Бюрону түзүүчүлөр болуп:

- Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясы;

- Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Мыйзам чыгаруу жыйынынын аппараты;

- Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Эл өкүлдөр жыйынынын аппараты;

- Кыргыз Республикасынын Премьер-министринин аппараты;

- Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун аппараты;
- Кыргызстан журналисттер союзу;
- ИАанын алдындагы терминологиялык комитет;
- Юстиция министрлиги;
- Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссия эсептелет.

Редакциялык бюронун курамын түзүүчү болуп эсептелген уюмдардын ар биринен бирден өкүл (котормо секторлорунун башчылары) жана Улуттук комиссиянын мүчөсү (редбюронун жетекчиси) кирет.

3. Биргелешкен редакциялык бюро өз ара макулдашылган жана Улуттук комиссия тарабынан бекитилген Жобонун негизинде иш алпарат.

4. Биргелешкен редакциялык бюро тарабынан макулдашылган жана кабыл алынган жаңы терминдер, айрым сөздөрдүн жана сүйлөмдөрдүн которулушу жана колдонулуш эрежелери Улуттук комиссия тарабынан бекитилген соң укуктук күчкө ээ болот.

Улуттук комиссиянын
төрагасы **И. Абдуразаков**

Мына ошентип ушул мезгилден баштап Терминком Улуттук Илимдер академиясынан Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиянын карамагына өткөн. Токтомго ошол мезгилдеги Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик катчысы, Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиянын төрагасы Ишенбай Абдуразаков кол койгон. Мына ушул эле токтом менен Редакциялык бюронун жобосу жана Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тилди өнүктүрүү боюнча **Улуттук комиссиянын редакциялык бюросунун курамы** бекитилген. Жигитов Салижан – редакциялык бюросунун төрагасы, Олжобаев Сүйүндүк – редакциялык бюросунун төрагасынын орунбасары – катчысы,

мүчөлөрү: Маматбаев Белек – Юстиция министрлиги, Токтоналиев Курманбек – ИИМ, Досалиев Турсунияз – Президент Администрациясы, Касымов Султангазы – Жогорку сот, Кушубеков Касым – Эл өкүлдөр жыйыны, Молдоканов Аалы – Мыйзам чыгаруу жыйыны, Насирдинов Төлөн – Журналисттер союзу, Сыдыкова Кален – Иш Башкармалыгы, Токтомаметов Алмазбек – Жооптуу катчысы болгон. Булар көп терминдерди кабыл алган. Редакциялык бюронун курамына көптөгөн адистерди тарткан.

Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиянын атайын редакциялык бюросу талкуулап, бекиткен терминдерди камтыган «Учурда активдүү колдонулуп жаткан сасий, юридикалык, экономикалык жана башка терминдердин сөздүгү (Б.:2000) деген китепке жазган баш сөзүндө окумуштуу С.Жигитов союз тарагандан кийинки терминология жагдайында болгон абалды төмөнкүчө түшүндүргөн.

«БЕТ АЧАР

Кыргыз тилиндеги илимий терминологиянын тегерегинде, ошондой эле саясий документтерде, иш кагаздарында, прессада пайдаланылган айрым сөздөр туурасында журтчулугубуз ачык талашып-тартышып келет. Жазма речибизге чоочун сөздөрдүн көп кирип, көнүмүш сөздөрдүн андан сүрүлүп атканына нааразылык билдиргендер, терминдердин оош-кыйыш, чалды-куйду колдонулганына (которулганына) күйүп-бышкандар кыргыз арасында аз эмес.

Соңку жылдары кыргыз адабий тилинин лексикасында бир кыйла оң-терс өзгөрүүлөр болду, асыресе орус тили аркылуу кыргызчага өткөн сөздөр өгөйлөнүп, алардын ордуна арапча-фарсча сөздөр арбын колдонула баштады.

Орусчадан тилибизге кирген сөздөрдү, асыресе европалык теги бар терминдерди жерип четке кагуу аракеттери улуттук интеллигенциянын, айрыкча жалаң кыргызча

жазып жүргөн журналисттердин, жазуучулардын, илимпоздордун, дагы башка калемгерлердин арасында мурдагы жапырт оруштаруу саясатына каршы маанайдын күчөп кеткенинен улам пайда болду. Экинчиден, бир гана кыргыз тилинен пайдаланган билимдүүлөрүбүз өз жазма речин жандандырууга аракеттенген кезде эне тилинин жаңы сөздөр жасоо жагынан мүмкүнчүлүктөрү барын туюнбай, элдик тилдин духуна шайкеш неологизмдер (жаңы сөздөр) жаратуу азабын тарткандан качып, тектеш түрк тилдеринен дапдаяр турган арап-иран сөздөрүн сокур көчүргөндүн кынытын алды.

Албетте, бир жагынан, европа төркүндүү эл аралык терминдерди биздин тилибизге орус тили аркылуу оошуп өткөнү үчүн гана жеригенибиз, экинчи жагынан, арап-иран сөздөрүн өзбек туугандар көп колдонгону үчүн гана артык көргөнүбүз жөнөкөй прагматизм көзү менен караганда бир чети бечаралык, бир чети обу жоктук. Арийне, эл аралык терминдер арапча-фарсча терминдер менен алмашылса эле жазма тилибиз кыргыздашып жатып калбайт, тек бир бөтөн сөздүн ордун экинчи бөтөн сөз басат. Мунун өзү эне тилибиздин накта улуттук негизде төл сөздөр жасоо жагынан бай потенциалынын ачылышына тоскоол болот. Ушул абдан эле жөнөкөй чындык эмнегедир жазма тилибиздин өнүгүш процессине активдүү аралашкан интеллигенттеribиздин аң-акылына жетпей атат.

Орус тилинен оошкон эл аралык терминдерди арапча-иранча сөздөр менен алмаштыруу багыты жалпы жонунан терс бааланууга тийиш. Бирок ушундан улам азыркы жүрүп жаткан тилдик (айрыкча лексикалык) изденүүлөргө, тактап айтканда, жаңы сөздөр табуу далалаттарына каршы туруу, жолтоо кылуу, тыюу салуу да апендилик болор эле. Биздин жазма тилибиз али жаш, калыптануу процессин башынан кечирип бүтө элек, ошон үчүн ал орусчадан оошкон олдоксон сөздөрдөн жана калькалардан, эне тили-

биздин духуна жат арабизмдерден жана фарсизмдерден кутулууга, нукура улуттук кыртыштан өнүп чыккан неологизмдер менен баюуга өтө муктаж.

Ушу позициядан туруп караганда кийинки жылдар ичинде жазма тилибизде орун алган лексикалык урунуп-беринүүлөрдүн же изденүүлөрдүн кедери тартма жактары менен катар жакшы тенденциялары да айкын көрүнөт. Маселен, он жылдан бери «*председатель*» дегендин ордуна «*төрага*» деген колдонула баштады. Совет доорунун башында чыгып, бара-бара унутулуп калган бу неологизм «*председатель*» дегенге караганда бардык жагынан дурус. Биринчиден, «*председатель*» деген, ошондой эле анын «*председательствовать*», «со*председатели*» сыяктуу туундулары орус тилинин деле форма жагынан мыкты (кыска, угумдуу, айтууга оңой) сөздөрү эмес. Экинчиден алардын кыргызча «*председатели*», «*тең председателдер*», «*председателдик кылуу*» сыяктуу котормолору жазганга да, айтканга да кыйын. Ал эми «*төрага*» деген неологизм, андан чыгарылган «*теңтөрага*», «*төрагалар*», «*төрагалык кылуу*» дегендей айкалыштар кыска, мукамдуу, «кыргыз жыттуу».

Демек, кыргыз тилинин эвфониялык (мукамдуулук) жана лаконикалык (кыскалык) мыйзамдарына анча коошо бербеген айрым эл аралык жана орус сөздөрүнүн ылайыктуу кыргыз сөздөрү (көбүнчө жасалмалар) менен алмашылып турушуна терс баа бергендин да, жолтоо кылгандын да эч негизи жок. Анын үстүнө көпчүлүктүн айрым орусча терминдерди «кыргыздаштыруу» багытындагы аракеттерин мыйзам же бийлик күчү менен токтотуп, тыйып коюш да кыйын. Ошон үчүн азыр стихиялуу жүрүп жаткан бу процессти мамлекеттик органдар тарабынан жөнгө салуу, тартипке келтирүү, багыттоо мүмкүнчүлүгү гана бар. Эгер жаңы сөздөр жасоо, терминдер чыгаруу демилгелери кандайдыр бир контролго алынбаса, анда улуттук жазма тилибиз азыркыдай башаламан түбөлүк жүрө берет.

Кыргыз тилинде илим-билим боюнча терминдерди жаратуу, жарыялоо, жазма речке сиңирүү функциялары совет доорунда Кыргызстан илимдер академиясына (ИА) караштуу Терминология комиссиясына (Терминком), ошондой эле ИАнын Тил институтунун Терминология бөлүмүнө жүктөлгөн эле.

Терминком коомдук уюм болгон. Анын жетекчилери жана мүчөлөрү айлык албай, соопчулук үчүн гана иштечү. Бирок Терминком жылына бир-эки чогулуш өткөрүп койгону болбосо, кагаз жүзүндө гана жашап, улуттук жазма тилдин өнүгүшүнө шарапатын тийгизген жумуш бүткөрчү эмес. Мунун бир себеби: Терминкомдун чыгарган чечимдери басма сөз үчүн мыйзам эсебине жүргөн, өкмөттүк органдар тарабынан колдоого алынган, кыргызча тексттер жараткандарга реалдуу таасир көрсөткөн эмес. Экинчи себеби: Терминкомдун көпчүлүк мүчөлөрү – өзүнчө алганда мыкты адистер болсо да, «термин» түшүнүгү эмне экенин, терминдер чыгаруу теориясын жана практикасын дурус билбеген, жаралып жаткан терминологиянын жакшы-жаманын айра тааныбаган, өздөрүнө тагылган милдеттерге ардактуу президиумда отуруу парзындай эле кайдыгер караган илимпоздор эле.

Ал эми академиялык Терминология бөлүмү бир чети адабий тилдеги терминдер чыгаруу тажрыйбасын изилдөө менен алектенип, бир чети илим тармактарына тиешелүү терминологиялык сөздүктөрдү адистерге түздүрүү, рецензиялатуу, редакциялоо, басып чыгаруу жумуштарын бүткөрүп келген.

Терминкомдун жана Терминологиялык бөлүмдүн (сектордун) көп жылдык аракети менен илим-билимдин бир канча тармагы боюнча орусча-кыргызча сөздүктөр жарык көргөн. Тилекке каршы, ошол сөздүктөрдө сунуш кылынган терминдердин басымдуу үлүштөрү кыргызча жазма текст жараткандар жана сүйлөгөндөр тарабынан пайдаланылбай келет. Окуу китептерин, саясат жана укук доку-

менттерин, илим адабияттарын которгондор, энциклопедеялык китеп жараткандар, кыргыз тилинде өз алдынча илимий же илимий-популярдуу эмгек жазууга далбас ургандар, журналисттер, жазуучулар, газета-журнал авторлору атайын иштелген терминологиялык сөздүктөргө кайрылып отурбай, ар кими өзүнчө терминдер чыгарып жүрөт. Натыйжада орусча бир эле терминдин кыргызча үч-төрт эквиваленти жашап атат. Демек, канча кишинин эмгеги, өкмөттүн далай акчасы, дагы башка материалдык дөөлөттөр сарп кылынып чыгарылган терминологиялык сөздүктөр тилдик практикага, тактап айтканда, жазма речтин өнүгүшүнө кызмат кыла албай келет.

Мунун себептери көп. Биринчиден, жарык көргөн терминологиялык сөздүктөр демейде 5-6 жүз, көп эле дегенде 1-2 миң тиражда басылчу эле. Алар башаламан таратылып же сатылып, көбү сатылбай, ошонун айынан макулатурага өткөрүлүп, бат эле библиографиялык сейрек китептерге айланчу. Ошондуктан ал сөздүктөрдүн толук комплекти республикалык чоң-чоң китепканалардан башка мекемелерде, асыресе Президенттин (Өкмөттүн), Жогорку Кеңештин, министрликтердин, «Кабар» агенттигинин, газета-журналдар менен басмалардын редакцияларында, жадакалса академиялык Терминология бөлүмүнүн (секторунун) карамагында да жок.

Экинчиден, жарык көргөн сөздүктөрдүн (баарынын болбосо да көбүнүн) сапаттык жактары кыйла эле начар. Чынын айтканда, ал сөздүктөр тилдик компетенциясы (жөндөмү) жана интуициясы (туюму) ойдогудай даражада өнүкпөгөн, орусча терминдерди маанисине шаанисин шай келтирип кыргызчалай албаган, термин жасоо жумушуна анча-мынча гонорар (калемакы) табуу мүдөөсүнөн гана урунган адистер тарабынан иштелген. Терминчи авторлор өздөрү термин жаратуу менен алпурушуп жатканда ар бир тилдеги терминдердин жүздөн токсону элдик тилдин негизинде жасалуучу жасалма сөздөр катары чыгарыла тур-

ганын (маселен, кыргызча лингвистикалык терминдердин мурда эне тилибизде бүкүлү дапдаяр сөздөр калыбында таптакыр жашабаганын, элдик уңгулардын жана мүчөлөрдүн жардамы менен атайын жаратылганын, окуу китептери аркылуу гана тилибизге сиңдирилгенин) эсепке албай, орусча терминдердин жартылайын эч өзгөрүүсүз калтырып, бир далайын калька жолу менен узун, олдоксон, жугумсуз кылып кыргызчалай берген.

Үчүнчүдөн, терминология сөздүктөрүн жаратуу практикасына коюлган талаптар сапатка эмес, санга (планга же көлөмгө) багытталып келген. Маселен, терминологиялык сөздүк үчүн гонорар сапатына жараша эмес, көлөмүнө (басма табак санына) жараша төлөнгөн. Ушундан улам сөздүк жаратуучулар өздөрү которуп жаткан терминдердин санын башка (көбүнчө кошуналаш) илимдердин терминдерин зордоп кошуу менен көбөйтүүгө, сөздүктөрдүн көлөмүн узун түшүндүрмөлөр берүү менен чоңойтууга жан талашкан. Натыйжада конкреттүү илимдерге тиешесиз же кыйыр тиешелүү терминдердин, керексиз дефинициялардын жана түшүндүрмөлөрдүн эсебинен көлөмүн опсуз арттырган терминологиялык сөздүктөр китепчелер түрүндө эмес, көлтөйгөн жоон китептер түрүндө жарык көрүп, практикада колдонулбай турган, колдонулууга ыңгайсыз басма өнүмдөрүнө (продукциясына) айланып калган.

Төртүнчүдөн, Терминком да, Терминология бөлүмү да кыргызча илимий терминдерди жаратуу аракеттеринин көп жылдарга эсептелген программасын, ошондой эле стратегиясын жана тактикасын реалисттик негизде иштеп чыккан эмес. Ушунун айынан бир илим тармагы жагынан эки-үч терминологиялык сөздүктүн жарыяланышына, бир эле терминдин ар кайсы сөздүктө ар кандай которулушуна жол берилген; кыргыз тилинде аздыр-көптүр өнүп-өөрчүп (жамандыр-жакшыдыр тексттер жаралып) жаткан илимдер боюнча терминологиялык сөздүктөр жасалбай же жармач жасалып, ал эми андай сөздүктөр жакын арада дегеле

кыргызча такыр эле «сүйлөбөй» турган илим тармактары боюнча көбүрөөк жарыяланган. Демек, кыргыз коомундагы терминология жагынан муктаждыктар актуалдуулук даражасына жараша кезекке тизмектелип, алардын турмушка ашырылыш убактысы жана чаралары таамай белгиленип коюлган эмес.

Ушул айтылгандардын баары улуттук терминология жаратуу процессинин бир чети аздыр-көптүр кыйшык багытта, бир чети өнүмсүз же келечексиз негизде жүрүп келгенин далилдеп, бу жагынан кескин өзгөртүүлөр жасоо зарылчылыгын күн тартибине кырынан коёт.

Колуңуздагы бул сөздүк кыргыз улуттук терминологиясын жогоруда саналып өткөндөй кемчиликтерден арылтуу, мамлекеттик тилдин маданиятын көтөрүү, асыресе анын коомдук-саясий турмушка, базар экономикасына тиешелүү терминдерди тартипке салуу, мамлекеттик тилде иш кагаздарын жүргүзгөн, дагы башка тиешелүү тексттер жазып иштей турган кызматкерлерге көмөк көрсөтүү максатын көздөп, Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиянын атайын редакциялык бюросу тарабынан иштелип жаткан саамалык басылманын алгачкысы, бир келкиси (үзүндүсү). Буга чейин топтом-топтом түрүндө бюллетень сымал эки-үч ирет чыгарылган. Мындан ары да сөздүк толуктала бермекчи.

Бул басылма жогоруда аталган тармактарга тиешелүү бардык терминдерди камтыбайт, буга терминдердин ар кайсы мыйзам-актыларында, нормативдик документтерде ар башка алынып, кыргызча эквиваленти так, туура табылбай, угумсуз чыгып калгандары жана базар экономикасынын тушунда жаңы жарык көргөн ар кыл сөздүктөрдөгү расмий тилде активдүү колдонулуучу жаңы терминдер гана кайра иштелип, кыргызчаланып киргизилди. Мисалы, *расчетный счет – расчеттук счет* эмес, алыш-бериш эсеби, *гражданский мир и согласие – граждандык тынч-*

тык жана ынтымакташуу эмес, *эл ынтымагы*; *уголовно-процессуальный кодекс – уголовдук-процессуалдык кодекс* эмес, *жазык-процесс кодекси*; кыргызчалап койсо боло турганына карабастан, мурдагы идеология кысымынан, же расмий котормо жаатында иштегендер тилдин тазалыгына күйбөй ат үстүнөн мамиле кылгандан эле эне тилге которулбаган бойдон жөнсүз киргизилип кеткен сөздөр кыргызча жаңы чыгарылган туюнтмалар менен алмаштырылды. Мисалы, *пособие – жөлөкпул, задаток – шертпул, штраф – жазапул, состав – курам, структура – түзүм, пеня – туум*.

Мында ошондой эле кыргыз грамматикасынын эрежелери этибарга алынбай, орус тилдикин сокур ээрчигенден өтө эле олдоксон куралып, деги эле эне тил табиятына өөн учураган сөз айкаштарынын, түрмөктөрдүн ордуна мурдатан элдик тилде бар жатык синтагма үлгүлөрү сунуш кылынды, б.а. бул саамалык иште кыргызча сөз айкашынын өрнөктөрүн аздыр-көптүр берүү аракети да бар. Мисалы, *в пределах выделяемых финансовых средств* деген түрмөк буга чейин *бөлүнгөн финансылык каражаттардын чегеринде* деп өйдөкү айткандай олдоксон которулуп келсе, бу сөздүктө ага *бөлүнгөн акча каражатынын чегинде* же *бөлүнгөн акча каражатына жараша* дегендей кыйла кыска да, жатык да котормо үлгүсү берилди.

Сөздүктөгү материал Президентке караштуу Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссия тарабынан бекитилди. Демек, аларды мамлекеттик бийлик, сот, прокуратура, дагы башка органдардын аппараттарында, билим, илим, маданият, басма сөз тармактарында иштеген адистер мамлекеттик тилде текст жазганда, башка тилдеги тексттерди кыргызчага которгондо Президенттин тиешелүү Жарлыгынын негизинде милдеттүү түрдө колдонгону максатка ылайык.

Республика эгемендүүлүк алгандан кийин мамлекеттик тил статусу берилген кыргыз тилинин аты эле айтып

тургандай мамлекеттик маанидеги жүктү камчы салдырбай көтөрүп, илгертен жазма тажрыйбасы бар тилдердин катарында үзөнгүлөш жүрүшү үчүн өрнөк болгудай редакциялык мүнөздө бу сыяктуу иргелме сөздүк жасоо жаңы колго алынып жатпайбы. Ушундай себептерден улам мындай саамалык иште кемчиликтер да болушу мүмкүн. Мында айрыкча баса белгилөөчү маселе көпчүлүккө дайын болгондой, кыргыз орфографиясынын мурдагы эрежелери, сөздүгү учур талабына жооп бербей калды; жаңылары болсо али кабыл алынып, түзүлө элек. Бул орфографиялык арабөк абал сөздөрдүн туура жазылышына да кесепетин тийгизип жатат, тагыраак айтканда, бул сөздүктө азырынча татаал сөздөрдүн кайсы түрү бирге жазылыш керек да, кайсы түрү айрым жазылат, – ушуга нуска болгудай жаңы эреже, сөздүк жогунан алардын жазылышында бекем принципти кармоого мүмкүнчүлүк болбоду. Мына ушул сыяктуу жүйөлүү жагдайларды эске алганда, бул сөздүк өзүнчө бир бүтүн эмгек түрүндө чыгарылганга чейин редакциялык мүнөздө оңдоло берет, адистерден, жалпы эле окурмандардан сөздүктүн жакшырышына, такталышына пайдасы тийгидей сын-пикирлер түшсө, алар эске алынып турат.

ЖИГИТОВ Салижан –
филология илимдеринин доктору,
Мамлекеттик тил боюнча улуттук
комиссияга караштуу терминология
боюнча редакциялык бюронун
жетекчиси».

Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиянын төрагасы Осмонакун Ибраимовдун токтому менен Редакциялык бюро **2002-жылы Терминком болуп түзүлүп,** Жобосу бекитилген.

Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиянын курамындагы Терминологиялык комиссия жөнүндө жобо

I. Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиянын курамындагы Терминологиялык комиссия (мындан ары – Терминком) Кыргыз Республикасында Мыйзамдардын, Жарлыктардын, чечим, токтомдордун ж.б. расмий иш кагаздардын, ошондой эле башка тилдерден кирген илимий, коомдук, саясий ж.б. терминдердин мамлекеттик тилге которулушун, редакцияланышын жана жазылышын жогорку деңгээлде камсыз кылуу үчүн ар түрдүү тармактардан тартылган адистердин коомдук башталышта иштеген ыктярдуу бирикмеси.

Терминком Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиянын, Мамлекеттик тил фондунун көрсөтмөлөрүн, чечимдерин аткарууга милдеттүү.

II. Терминологиялык комиссиянын милдетине:

1. Илим менен техниканын өсүп-өнүгүшүнөн улам пайда болуп башка тилдер аркылуу кыргыз тилине кирип жаткан терминдерди кыргызчалоо;

2. Мурдагы сөздүктөрдөгү которулбай калган жана так эмес терминдерди тактоо;

3. Жарандардан, адистерден, мекеме-уюмдардан, ишканалардан, окуу жайларынан түшкөн жана түшүп туруучу сунуштарды комиссиянын мүчөлөрүнө даярдатып, отурумда талкуудан өткөрүү;

4. Терминком окурмандарга сунуштагандан кийин түшкөн терминдерди кайрадан талкууга алуу;

5. Колдонуудан чыгып бараткан терминдерди ишке киргизүү боюнча талкуу уюштуруу;

6. Бардык жагынан талкуудан өткөн терминдерди жалпыга маалымдоо каражаттары аркылуу окурмандарга сунуш кылуу;

7. Адистердин бай тажрыйбасына, жарык көргөн китептердеги, сөздүктөрдөгү табылгаларга таянып, кыргыз тилин өнүктүрүүгө, байытууга, асыресе кыргызча терминдерди тартипке келтирүүгө көңүл буруу кирет.

III. Терминкомдун отурумунда талкуудан өткөн терминдерди жалпыга маалымдоо каражаттарында, мекемеуюмдарда, окуу жайларында, ишканаларда иш кагаздарын жүргүзүүдө мажбурлоо иретинде эмес, ыктыярлары менен, бирок чаржайыт, өз билгениндей эмес, ырааты менен колдонууга ынандыруу жолу менен көндүрүүгө укуктуу.

IV. Терминкомдо талкуудан өткөрүп колдонууга сунуштаган терминдердин Жарлыктарда, Мыйзамдарда, чечимдерде, жалпыга маалымдоо каражаттарында, жетекчи органдардын иш кагаздарында туура жана так колдонулушун комиссиянын мүчөлөрүн жана тиешелүү адистерди тартуу менен көзөмөлгө алууга укуктуу.

V. Терминкомдун отуруму айына бир жолу, өтө зарыл болгон учурда эки жолу өткөрүлөт.

VI. Терминкомдо талкуудан өткөн терминдер жалпыга маалымдоо каражаттарында милдеттүү түрдө жарыяланып турулат.

VII. Окурмандардан түшкөн сунуштар милдеттүү түрдө Терминкомдун талкуусуна коюлат.

VIII. Терминкомдун талкуусунан өткөн терминдердин бардык жерде колдонулушу милдеттүү деп эсептелинет.

IX. Терминком кабыл алган терминдерди бурмалап, өз билгениндей колдонууга жол берилбейт.

X. Терминкомдун жобосундагы талаптарды сактабагандык Терминкомдун эрежелерин бузгандык деп эсептелинет.

XI. Терминком коомдук башталышта иштегендигине байланыштуу анын мыкты иштеген, терминдерди таамай, так сунуштаган мүчөлөрүнө материалдык жактан колдоо көрсөтүүнү Мамлекеттик тилди өнүктүрүү фондунун жетекчилиги өзүнө алат.

Ушул учурдагы Терминкомдун курамына төмөнкүлөр кирген:

Ахматов Т.К. – УИА, Тил илими институтунун директири, Абдысатаров Р. – Коргоо министрлиги, Алсейитов А. – ардагер, Апышев Ж.А. – Техникалык университеттин кафедра башчысы, Ашымов М.А. – Улуттук университеттин кафедра башчысы, э.и.к., Бактыгулов К. – Автожол министрлиги, ДЭУнун начальниги, Досалиев Турсунияз – Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясы, Жолдошбеков А. – Кыргыз-Славян университети, профессор, Жээналиев М. – Медмамтил штаб төрага орунбасары, врач, Ирсалиев М. – айыл чарба илимдеринин кандидаты, Исаев Кусеин – философия ил. доктору, Кадыров Ы. – КР Өкмөтү, Калыева Ө. – Мамтил фонду, Карагулова Жумагүл – КР ЖК, Мыйзам чыгаруу жыйыны, Кодоров Б. – БГУ, кафедра башчысы, Кожобаев Канатбек Асекович – Кыргыз-Түрк «Манас» университети, техника ил. доктору, Кыдыршаев Н. – «Кыргыз тили» коомунун президентинин милдетин аткаруучу, Масалбекова Н. – Соц. коргоо жана эмгек министрлиги, Молдоканов А. – Мамтил фонду, Сабирова Барнохан Азатовна – Акыйкатчынын аппараты, Саматов К. – КМУУ, декандын орунбасары, Сарымсаков К. – Сарөзөн телерадио, Төлөбаев Мухидин – Ветеринария ил. изил. институту, илим кандидаты, Турдубаев Ж. – «Кутбилим» гезити, Турдукожоев Ж. – Адилет министрлиги, Усубалиев Ж. – УИА, Тоо мет. институту, профессор.

Андан кийин 2005-жылы 4-октябрда Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиянын төрагасынын орунбасары, Мамлекеттик тил фондунун директири Т.Р. Жумагуловдун, 2013-жылдын 8-февралында Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиянын төрагасынын милдетин аткаруучу Ч.Түмөнбаеванын буйруктары менен Жобого жана Терминкомдун

курамына өзгөртүүлөр киргизилген Ал курамдар төмөндө берилет.

2013-жылдын 8-февралында түзүлгөн Терминкомдун курамы:

Абдысатаров Рысбек – Коргоо кеңешинин котормочусу, Алымкулов Карыпбек – Кыргыз товар өндүрүүчү улуттук ассоциациянын президенти, техника жана технология илимдеринин доктору, Арзыгулов Жорупбек – Кыргыз энциклопедиясынын тарых, философия жана саясат таануу бөлүмүнүн редактору, Атышев Көбөгөн – Кыргыз экономикалык университетинин проректору, экономика илимдеринин доктору, Жаманкулова Гүлжамал – КР УИАнын азыркы кыргыз тили бөлүмүнүн башчысы, Жаанбаев Сейит – КР Билим берүү академиясынын «Информатика жана билим» басма бөлүмүнүн башчысы, Жээналиев Мейманжан – КР Саламаттык сактоо министрлигинин координатору, УКнын мүчөсү, Ибрагимов Сүйүнбек – Кыргыз мамлекеттик юридикалык академиясынын кафедра башчысы, филология илимдеринин доктору, УКнын мүчөсү, Ирсалиев Молдобек – ардагер, айыл чарба илимдеринин кандидаты, Кадыров Ысмайыл – КР Өкмөтүнүн Премьер-министринин Аппаратынын котормо секторунун башчысы, Карагулова Жумагүл – КР ЖК редакциялык-басма иштери боюнча бөлүмдүн башчысынын орун басары, Кодоров Базарбай – К.Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык университетинин мамлекеттик тил боюнча проректору, Конокбаев Талант – КР ЖК Аппаратынын бөлүм башчысы, Мамбетжунушов Түгөлбай – Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиянын сектор башчысы, котормочу, Молдоканов Аалы – Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиянын сектор башчысы, котормочу, Садыкова Нургүл – КР Улуттук банкы, котормо тобунун жетекчиси, Садыр уулу Жумагазы – «Арыш» коомдук бирикмесинин жетекчиси, Семенова Жийдегүл – КР УИАнын Ч.Айтматов атындагы

Тил жана адабият институту, кыргыз тилинин тарыхы бөлүмүнүн бөлүм башчысы, Толубаев Мамыр – КР УИАнын Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институту, кыргыз тилинин тарыхы бөлүмүнүн илимий кызматкери, Турдубаев Жолдош – «Кутбилим» гезитинин баяндамачысы, Турдукожоев Жыргалбек – КР Президентинин Администрациясынын кызматкери, Түгөлбаев Орозобек – КР Билим берүү академиясы, Усубалиев Жеңиш – Ү.Асаналиев атындагы Кыргыз тоо-кен металлургия институтунун профессору, Чанов Уланбек – КР Коргоо министрлиги, Бектурова Роза – Финансы министрлиги, котормо секторунун башчысы.

Терминкомду ар кайсы учурда окумуштуулар С.Жигитов, Т.Ахматов, С.Ибраимов жетектеген. Терминкомдун ар кайсы учурдагы курамдары Терминком тарабынан чыгарылган сөздүктөр жөнүндө сөз болгон жерде берилди.

Ошол учурларда Терминкомдун абдан жигердүү иштегенин 2004-2009-жылдары Улуттук комиссиянын адегенде төрагасынын орун басары, анан төрагасы болуп иштеген Ташбоо Жумагуловдун мезгилдүү басма сөздөргө берген төмөнкү интервьюларынан баамдасак болот.

«Терминкомдун отуруму айына бир жолу өткөрүлүп, эки жылга жакын убакыттын ичинде 1200дөн ашуун термин талкууланып, такталды.

Жакында Терминком Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин жана А.Арабаев атындагы педагогикалык университетинин Мамлекеттик тил борборлору менен бирдикте Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин өтүнүчүнөн улам пайдаланууга эң зарыл 105 терминди талкуулап берди.

Терминкомдун медицина, курулуш, айыл чарба, техника тармактарынын адис мүчөлөрү менен жакын иштешүүнүн натыйжасында учурда аталган багыттар боюнча терминдердин тизмесин алып, талкууга коюу даярдыгы көрүлүүдө. Улуттук банктан түшкөн трерминдерди да тал-

куудан өткөргөндөн кийин «Төлөө системасындагы терминдердин түшүндүрмөлөрү» китепче болуп чыгарылды. 2003-жылы талкуудан өткөн терминдерди ар жылы кошумчалап, толуктап чыгара турган «Терминдердин орусча-кыргызча сөздүгүнө» кошуу үчүн даярдоо аяктады». («Кыргыз Туусу» гезити, 9-12-июль, 2004-жыл).

«Мамлекеттик тил боюнча Улуттук комиссиянын алдында курамы 25 адистен турган Терминдерди которуу тобу иштейт. Дээрлик көпчүлүгү илимдин докторлору, академик окумуштуулар. Бардык тармактар боюнча адистер бар. Бир айда бул топто эки жодку отурумда 80-100гө жакын терминдер кыргызчаланат». («Zaman Кыргызстан» гезити, 18-февраль, 2005-жыл).

«Ушул тапта баш-аягя 23 кишиден турган Терминком ишин улантууда. Алар бир отурумда жүздөй, жыл аягына чейин миңге жакын терминди кыргызчалатып, китепче чыгарып, коомчулукка жарыя кылышууда. Терминдер боюнча сөз болгондо, Кыргызстандын тарыхында биринчи жолу аскер терминдеринин кыргызчаланышын айтпай кетүүгө болбойт. Анткени, ушул убакка чейин бизде аскердик терминдерди кыргызчалоого мүмкүн эмес деген түшүнүк жашап келген. Анан биз өзүбүзгө суроо узаттык: «Эмне үчүн аскер терминдерин кыргызчалоого болбосун? Манас атабыз мындан бир жарым миң же эки миң жыл мурда түмөндөгөн колун баштап Бээжиндин чегине барганда, орусча же монголчо буйрук берген бекен?» деп. Албетте, кыргызча буйрук берген да туурабы? Аларда да жүз башы, миң башы, түмөн башы дегендер болгон. Аскердик тактика, ыкма болгон. Демек, аскердик терминдердин кыргызча вариантарын «Манас» эпосунан издешибиз керек турбайбы. Ошондуктан, биз 280 аскер терминдерин кыргызчалатып, куралдуу күчтөрүнө бердик. Мына, бүгүнкү күндө бардык буйруктар кыргызча берилип, аскердик машыгуулар, ал тургай, аскердик парад да кыргыз тилинде буйрук берүү менен өтүп жатат. Ушул багыттагы аракетибизди улантып,

эми тармактык сөздүктөрдү чыгаруу максатын койдук. («Шоокум» журналы, август-сентябрь, 2006-жыл).

«Базар экономикасына байланыштуу күнүмдүк турмушубузга, басма сөзүбүзгө каптап кирип келген термин башаламандыгын иретке келтирүү үчүн Улуттук комиссиянын алдында атайын статусу бар Терминком иштейт. Ал Улуттук комиссиянын төрагасынын буйругу менен бекитилген 25 адистин башын бириктирип турат. Бардык тармактын илимий даражасы бар өкүлдөрүнөн тартып, кесипкөй котормочулардын бул адистешкен тобуна Улуттук комиссиянын мүчөсү, УИАнын мүчө-корреспонеденти Токтосун Ахматов агайыбыз жетекчилик кылат. Терминком ылайыгына жараша ай сайын, кээде апта сайын чогулуп, эки миңге чукул термин сөздөрдү кыргызчалап басмага сунуштады. Акыркы жолу Коргоо министрлигин өтүнүчү менен аскердик терминдер кыргызчаланды.» (Ташбоо Жумагулов. Кыргызстандын келечеги – мамлекеттик тилинде. Б.: 2007).

Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиянын кеңешме органынын 2013-жылдын 9-октябрындагы чечими менен (Улуттук комиссиянын төрагасы Э.Эрматов) Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиянын алдындагы Терминком КР УИАга өткөрүп берилген. Бул жерде КР Президентинин 2013-жылдын 1-июлундагы (ПЖ №155) Жарлыгынын негизинде КР УИАнын Президентинин буйругу менен КР УИАнын Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун «Терминология жана лексикология» бөлүмүндө Гуманитардык жана экономикалык илимдер бөлүмүнүн алдында Терминология комиссиясы түзүлгөн. Кийинчерээк Терминком КР УИАнын Гуманитардык жана экономикалык илимдер бөлүмүнүн алдындагы Терминология комиссиясы болуп түзүлгөн.

Мына ушул жылдары Терминкомдун иши солгундап, бирок мамлекеттик органдарда терминдерди бирдейлеш-

тирүү иши күн тартибинде тургандыктан Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппарат жетекчиси-министр Н.С.Момуналиевдин 2012-жылдын 27-декабрындагы №385 буйругу менен түзүлгөн **Мамлекеттик тилдеги терминдерди тактоо жана бирдейлештирүү боюнча жумушчу топ** 2013–15-жылдары иштеди, мында Өкмөттүн түзүмүндөгү мамлекеттик органдарда талаш маселелерди жараткан терминдер бирдейлештирилип кабыл алынып, колдонуу үчүн сунушталып турду (алар ушул китепке тиркеме катары берилди).

Мамлекеттик тилдеги терминдерди бирдейлештирүү, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2014-жылдын 2-июнундагы №114 Жарлыгы менен бекитилген Кыргыз Республикасында 2014-2020-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүүнүн жана тил саясатын өркүндөтүүнүн улуттук программасын ишке ашыруу максатында, «Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 10 жана 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн (Премьер-министр Т.Сариев) **2016-жылдын 3-февралындагы №41 буйругу менен Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн алдында Терминологиялык комиссия түзүлгөн,** ал комиссиянын жобосу бекитилген. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн алдындагы Терминологиялык комиссиянын ишин материалдык-техникалык жана башка камсыз кылуу Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссияга жүктөлгөн.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн алдындагы Терминологиялык комиссиянын курамына төмөнкүлөр кирген:

Мусаев Сыртбай Жолдошевич – Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын мүчө-корреспонденти, комиссиянын төрагасы, филология илимдеринин доктору (макулдашуу боюнча); Абдысадыр уулу Азат – Кыргыз Республикасынын Президентинин Аппаратынын

актыларды чыгаруу секторунун башчысы, комиссиянын төрагасынын орун басары (макулдашуу боюнча). Комиссиянын мүчөлөрү: Медералиев Жумабек Аскеевич – Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Аппаратынын котормо жана редакциялоо бөлүмүнүн башчысы (макулдашуу боюнча); Кадыров Ысмайыл Кадырович – Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратынын экспертиза жана укуктук камсыздоо бөлүмүнүн лингвистикалык экспертиза секторунун башчысы; Абдувалиев Ибраим Абдувалиевич – Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун жетектөөчү илимий кызматкери, филология илимдеринин доктору (макулдашуу боюнча); Усакпаева Гүлзат Каныбековна – Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун администрациялык жана экономикалык иштер боюнча соттук коллегиясынын ишин камсыз кылуу бөлүмүнүн башчысы (макулдашуу боюнча); Турдукожоев Жыргалбек Шаршеевич – Кыргыз азиздер жана дүлөйлөр коомунун төрагасынын орун басары (макулдашуу боюнча); Бактыгулов Кадаңбай Бактыгулович – коомдук ишмер, техника илимдеринин кандидаты (макулдашуу боюнча); Нурушев Эсенбай – журналист, коомдук ишмер (макулдашуу боюнча); Курманбекова Гүлбүбү Токтосуновна – Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин профессору, биология илимдеринин доктору (макулдашуу боюнча); Молдоканов Аалы – Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиянын котормо, терминология жана жарнама бөлүмүнүн башчысы (макулдашуу боюнча).

2021-жылы Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссия кайра түзүлүп Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссия болуп аталгандан кийин Терминком Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик

тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын карамагына өткөн. Төрага С.Мусаевдин 2021-жылдын 23-декабрындагы №113 буйругу менен «Кыргыз энциклопедия жана терминология борбору» мамлекеттик мекемеси болуп түзүлүп, анын жобосу бекитилип, №116 буйругу менен **Терминологиялык комиссия жаңы курамда** түзүлгөн. Анын курамына төмөнкүлөр кирген: Кенжебаев Даирбек Орунбекович – филология илимдеринин доктору, комиссиянын төрагасы (макулдашуу боюнча); Абдысадыр уулу Азат – КР Президентинин Администрациясынын канцеляриясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин актыларын, башка актыларды редакциялоо жана котормо бөлүмүнүн башчысы; Медералиев Жумабек Аскеевич – Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Аппаратынын котормо жана редакциялоо бөлүмүнүн башчысы (макулдашуу боюнча); Кадыров Ысмайыл Кадырович – Кыргыз Республикасынын Президентин Иш башкармасынын адиси; Сулайманова Айнура Жумалиевна – Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин экономикалык мыйзамдар башкармалыгынын башкы адиси; Чанов Уланбек Сагыналиевич – Кыргыз Республикасынын Коргоо министрлигинин мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана лингвистикалык экспертиза бөлүмүнүн башчысы; Мусаев Айбек Ырсалиевич – Кыргыз Республикасынын Коомдук телерадиоберүү корпорациясынын башкы директорунун радиоуктуруулар боюнча орун басары (макулдашуу боюнча); Абдувалиев Ибраим Абдувалиевич – филология илимдеринин доктору (макулдашуу боюнча); Бактыгулов Кадаңбай Бактыгулович – техника илимдеринин кандидаты (макулдашуу боюнча); Аманалиев Урмат Олжобекович – юридика илимдеринин доктору (макулдашуу боюнча); Курманбекова Гүлбүбү Токтосуновна – биология илимдеринин доктору, профессор (макулдашуу боюнча); Супаева Гүлназ Тынаевна – экономика илимдеринин кандидаты, доцент (макулдашуу боюнча); Аленов Бахпурбек Абдыка-

рович – «Эркин-Тоо» гезитинин башкы редактору; Ырысов Кеңешбек Бакирович – медицина илимдеринин доктору, профессор (макулдашуу боюнча); Эргешов Абжапар Эргешович – география илимдеринин доктору, профессор (макулдашуу боюнча).

Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын төрагасы **К.Осмоналиевдин 2022-жылдын 21-сентябрындагы №107 буйругу менен Терминологиялык комиссиянын курамы кайрадан түзүлгөн.** Ал эми Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын 2021-жылдын 23-декабрындагы №116 буйругу күчүн жоготкон. 2023-жылдын 27-мартындагы №39 буйругу менен өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилген. **Ушул Терминкомдун курамы:** Орозобекова Жылдыз Калмашевна – Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын төрагасынын орун басары, филология илимдеринин доктору, комиссиянын төрайымы; Маражапова Нуржан Кенжекуловна – Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын алдындагы Кыргыз энциклопедия жана терминология борборунун директору-башкы редактор, филология илимдеринин кандидаты, комиссиянын төрайымынын орун басары; Курманалиева Тунук Табылдиевна – Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын алдындагы Кыргыз энциклопедия жана терминология борборунун терминология жана ономастика бөлүмүнүн башчысы, комиссиянын катчысы; Орозакунов Айбек Эмилович – Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин Башкы штабынын мамлекеттик тил жана редакциялоо бөлүмүнүн башчысы (макулдашуу боюнча); Чанов Уланбек Сагыналиевич – Кыргыз Республикасы-

нын Коргоо министрлигинин иш башкармалыгынын мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана лингвистикалык экспертиза бөлүмүнүн башчысы (макулдашуу боюнча); Арабаев Чолпонкул Исаевич – Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын вице-президенти, академик, юридика илимдеринин доктору (макулдашуу боюнча); Курманбекова Гүлбүбү Токтосуновна – Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин табигый илимдер факультетинин деканы, биология илимдеринин доктору, профессор (макулдашуу боюнча); Джумабаев Калиль Джумабаевич – Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Академик Ж. Алышбаев атындагы экономика институтунун башкы илимий кызматкери, экономика илимдеринин доктору, профессор (макулдашуу боюнча); Сыдыкова Толгонай Көчкөнбаевна – И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин профессору, филология илимдеринин доктору (макулдашуу боюнча); Чортонбаев Тыргоот Джумадиевич – К.И. Скрябин атындагы Кыргыз улуттук агрардык университетинин биотехника жана химия кафедрасынын профессору, айыл чарба илимдеринин доктору (макулдашуу боюнча); Джаманкулова Кульжамал Тологоновна – Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Кыргыз филологиясы факультетинин кыргыз тил илими кафедрасынын профессору, филология илимдеринин доктору (макулдашуу боюнча); Джапанов Аттокур Асаналиевич – Б.Н. Ельцин атындагы Кыргыз-Россия Славян университетинин Медициналык факультетинин коомдук саламаттык жана саламаттыкты сактоо кафедрасынын профессору, филология илимдеринин кандидаты (макулдашуу боюнча); Жайлообаев Бакыт Алманбетович – Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Кыргыз филологиясы факультетинин деканы, филология илимдеринин кандидаты, доцент (макулдашуу боюнча); Бактыгулов Кадаңбай Бактыгулович – Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин улук окутуучусу, техника илимдеринин

кандидаты, доцент (макулдашуу боюнча); Шаршенбаев Акылбек Кадырбекович – Билим берүүдөгү заманбап информациялык технологиялар институтунун мамлекеттик тил боюнча проректору, филология илимдеринин кандидаты (макулдашуу боюнча); Аламанова Элмира Азисбековна – Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын химия жана фитотехнологиялар институтунун улук илимий кызматкери, химия илимдеринин кандидаты (макулдашуу боюнча); Кадыров Ысмайыл Кадырович – Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын алдындагы Кыргыз энциклопедия жана терминология борборунун терминология жана ономастика бөлүмүнүн башкы адиси, жазуучу (макулдашуу боюнча); Абдиев Таалайбек Камбарович – Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин түркология бөлүмүнүн доценти (макулдашуу боюнча); Султаналиев Ишенбек Шаршекеевич – Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин кыргыз тил илими кафедрасынын доценти (макулдашуу боюнча); Джаанбаев Сейитбек – Кыргыз билим берүү академиясынын үзгүлтүксүз билим берүү лабораториясынын жетектөөчү илимий кызматкери (макулдашуу боюнча); Кылчыкбаев Азамат Кеңешбекович – И.К.Ахунбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик медицина академиясынын онкология кафедрасынын окутуучусу (макулдашуу боюнча).

Мына ошентип ушул багытта Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиянын алдында түзүлгөн Терминология комиссиясы опол тоодой иш аткарды. Айрыкча иш кагаздарында көбүрөөк колдонулган терминдерди так которуу, бир түргө келтирүү боюнча көп күч жумшады. Жыл сайын Терминком талкуулап кабыл алган жана бекиткен терминдер өзүнчө жыйнак болуп чыгып турду, китеп чыкканга чейин жалпыга маалымдоо каражаттарында жарыяланды.

Кыргыз Илимдер академиясынын Терминология комиссиясы чыгарган сөздүктөр

1. Абеков Т.У., Баканов Б.Т., Раджапова Н.А. Автомобиль, автомобиль жолдору жана жол курулуш машиналары боюнча негизги терминдердин орусча-кыргызча сөздүгү. Фр.:1980.

2. Абдуманапов С.А. Дыйканчылык (талаа чарбачылыгы) боюнча орусча-кыргызча терминдеринин сөздүгү (долбоор). Фр.:1962.

3. Абрамов Н.М. Физика боюнча терминологиялык сөздүк. Фр.:1940.

4. Адышев М.М., Курманалиев К.К. Геология терминдеринин орусча-кыргызча сөздүгү (долбоор). Фр.:1968.

5. Адышев М.М., Курманалиев К.К. Геология терминдеринин орусча-кыргызча сөздүгү. Фр.:1971.

6. Алагушев Б. Музыка боюнча терминдердин орусча-кыргызча сөздүгү. Фр.:1969.

7. Алдашев А.А. Биологиялык терминдердин сөздүгү (долбоор). Фр.:1961.

8. Алдашев А.А. Ветеринария боюнча орусча-кыргызча терминологиялык сөздүк. Фр.:1964.

9. Алдашев А. Мал чарбасы жана ветеринария терминдеринин орусча-кыргызча сөздүгү. Фр.:1980.

10. Алиев М.А., Тыналиева Т. Медициналык терминдердин орусча-кыргызча сөздүгү (долбоор). Фр.: 1964.

11. Алиев М.А., Тыналиева Т.А., Мамбетов М.С. Медициналык терминдердин орусча-кыргызча сөздүгү. Фр.: 1983.

12. А.Алыбаков. Машина тааануу боюнча терминологиялык сөздүк. Фр.:1961.

13. Алыбакова З., Жаманкулов А. Архив терминдеринин орусча-кыргызча сөздүгү. Фр.: 1971.

14. Алымкулов Ж., Айтматов И., Имаралиев А., Мамбетов Ш., Ялымов Н. Тоо-кен терминдеринин орусча-кыргызча сөздүгү. Фр.: 1970.

15. Алымкулова С.К., Алымкулов Ж.А. Тигүү жана текстиль өнөр жайлары боюнча терминдердин орусча-кыргызча сөздүгү (долбоор). Фр.:1964.

16. Алымкулов К., Өрдөков И. Автоматика боюнча терминдердин орусча-кыргызча сөздүгү (долбоор). Фр.:1972.

17. Алымкулов К., Алымкулов М., Өрдөков И., Токтоналиев Ж. Электротехникалык терминдердин орусча-кыргызча сөздүгү. Фр.:1981.

18. Алымкулов К., Токтоналиев И. Электротехника боюнча орусча-кыргызча терминологиялык сөздүк. Фр.:1981.

19. Аманалиев Б. Философиялык терминдердин орусча-кыргызча сөздүгү (долбоор). Фр.:1962.

20. Аманалиев Б. Философиялык терминдердин орусча-кыргызча сөздүгү. Фр.:1967.

21. Аманкулов З., Өмүрзаков Д. Спорттук терминдердин орусча-кыргызча кыскача сөздүгү. Фр.:1963.

22. Арбаев С.А., Сулайманкулов К.С., Шатемиров К.Ш. Химиялык терминдердин орусча-кыргызча сөздүгү. Фр.:1966.

23. Асакеев Дж., Чукин Т. Автотрактор терминдеринин орусча-кыргызча сөздүгү. Фр.:1961.

24. Асаналиев К.А., Кыдырбаева Р.З. Адабият таануу терминдеринин кыргызча кыскача сөздүгү. Фр.:1963.

25. Асанбаев У., Маанаев Э. Тарыхый терминдердин орусча-кыргызча сөздүгү (долбоор). Фр.:1966.

26. Абдылдаев М., Маанаев Э. Атеизм боюнча терминдердин орусча-кыргызча сөздүгү. Фр.:1988.

27. Ахматов К., Камчыбеков Н. Токой чарбасы боюнча орусча-кыргызча терминологиялык сөздүк. Фр.:1971.

28. Ахунбаев И.К. Анатомиялык-физиологиялык терминдердин орусча-кыргызча сөздүгү. Фр.:1964.

29. Ахунбаев И.К., Алтымышев А. Анатомия-физиологиялык терминдердин атласы. Фр.:1967.

30. Ахунбаева Б.О. Биохимиялык терминдердин орусча-кыргызча сөздүгү (долбоор). Фр.:1968.

31. Бакасова З.Б. Органикалык химия терминдеринин орусча-кыргызча сөздүгү (долбоор). Фр.:1971.

32. Бекболотов А. Астрономиялык терминдердин орусча-кыргызча сөздүгү. Б.:1991.

33. Биялиев А. Аңчылык терминдеринин кыргызча-орусча сөздүгү (долбоор). Фр.: 1967.

34. Гершун С.И., Жоокаев Ж., Токтаров Г.Т. Психология терминдеринин кыскача орусча-кыргызча сөздүгү (долбоор). Фр.: 1976.

35. Гершун С.И., Жоокаев Ж., Токтаров Г.Т. Психология боюнча терминдердин орусча-кыргызча сөздүгү. Фр.: 1983.

36. Даникеев Ө. Инженердик графика боюнча кыскача орусча-кыргызча терминологиялык сөздүк (долбоор). Фр.:1974.

37. Данияров С., Кангелдиев А. Коомдук-саясий терминдердин орусча-кыргызча сөздүк-справочниги. Фр.:1978.

38. Джаныбеков Ч., Усубакунов Р. Математика терминдеринин орусча-кыргызча сөздүгү. Фр.: 1978.

39. Джаныбеков Ч.Д., Усубакунов Р. Математикалык терминдердин кыргызча-орусча сөздүгү. Б.: 1996.

40. Жаманкулова М., Дыйканов К. Грамматикалык терминдердин орусча-кыргызча сөздүгү (тизме). Фр.:1961.

41. Жумабаев Б. Театрдык жана музыкалык терминдердин сөздүгү (долбоор). Фр.:1962.

42. Жумагулов Ч., Исабекова А.Б. Ономастикалык терминдердин орусча-кыргызча сөздүгү. Фр.:1985.

43. Жумадылов К. Экономикалык терминдердин кыскача орусча-кыргызча сөздүк-справочниги (долбоор). Фр.:1977.

44. Ибраимов Султан. Гидротехника жана мелиорация терминдеринин сөздүгү (долбоор). Фр.:1960.

45. Иманалиев М., Иманбеков А., Соодонбеков К. Өнөр жай экономикасы боюнча терминдердин орусча-кыргызча сөздүгү. Фр.:1973.

46. Исаев Д.И., Токомбаев Ш.Т., Алиев З.А., Мурзахметов С.М. Кыргызстандагы географиялык аттардын сөздүгү (долбоор). Фр.:1962.

47. Исхаков А. Математика терминдеринин сөздүгү (долбоор). Фр.:1949.

48. Караев М. Сүрөт жана черчение боюнча кыргызча терминдердин сөздүгү. Фр.:1961.

49. Караев М. Сүрөт жана чийүү боюнча орусча-кыргызча терминдердин сөздүгү. Фр.:1970.

50. Койчуманов Д.И.. Педагогикалык терминдердин сөздүгү (долбоор). Фр.:1962.

51. Кыдырбаева Р.З., Асаналиев К.А., Адабият таануу терминдеринин кыргызча кыскача сөздүгү. Фр.:1963.

52. Кырбашев К., Соодонбеков К. Шахмат терминдеринин орусча-кыргызча сөздүгү (долбоор). Фр.:1972.

53. Кыргыз тилинин грамматикалык терминдеринин сөздүгү. Фр.:1961.

54. Лайлиев Д.С. Айыл чарба экономикалык терминдердин орусча-кыргызча сөздүгү (долбоор). Фр.:1963.

55. Лунин Б., Үмөталиев А. Географиялык терминдердин орусча-кыргызча сөздүгү (тизме). Фр.:1938.

56. Лунин Б., Карасаев Х. Географиялык терминдердин орусча-кыргызча сөздүгү (тизме). Фр.:1939.

57. Маанаев Э. Атеизм боюнча терминдердин орусча-кыргызча сөздүгү (долбоор). Фр.:1969.

58. Мамбетов Д,, Карашев Т., Нуракунов М. Физикалык терминдердин орусча-кыргызча сөздүгү. Фр.:1969.

59. Мамытов А.М., Султанбаев А.С. Топурак таануу терминдеринин орусча-кыргызча сөздүгү (долбоор). Фр.:1962.

60. Мамытов А.М., Султанбаев А.С. Топурак таануу терминдеринин орусча-кыргызча сөздүгү.Фр.:1969.

61. Медеров О. Техникалык терминдердин орусча-кыргызча сөздүгү (долбоор). Фр.:1965.

62. Медеров О.А. Техникалык терминдердин орусча-кыргызча сөздүгү. Фр.:1970.

63. Мураталиев Б. Өнөр жай экономикасы боюнча терминдердин сөздүгү (долбоор). Фр.:1962.

64. Нигматуллин Х.З. Айыл чарба техникасы боюнча терминдердин орусча-кыргызча сөздүгү (долбоор). Фр.:1973.

65. Нуралиев Э. Юридикалык терминдердин сөздүгү (долбоор). Фр.:1962.

66. Нурбеков К.Н., Тургунбеков Р., Альчинов К., Сатыбеков С., Чокоев С. Юридикалык терминдердин орусча-кыргызча сөздүк-справочниги. Фр.:1982.

67. Орозалиев С. Географиялык терминдердин орусча-кыргызча сөздүгү. Фр.:1966.

68. Орузбаева Б.Ө. Лингвистикалык терминдердин орусча-кыргызча сөздүгү (долбоор). Фр.: 1963.

69. Орузбаева Б.Ө. Лингвистикалык терминдердин орусча-кыргызча сөздүгү. Фр.: 1972.

70. Орозгожоев Б. Гидрометеорология боюнча орусча-кыргызча терминологиялык сөздүк. Фр.:1980.

71. Рустамбеков Б. Археология боюнча орусча-кыргызча терминологиялык сөздүк. Фр.:1979.

72. Сабыркулов М., Джолдошалиев Б. Архитектуралык-курулуш терминдеринин орусча-кыргызча сөздүгү. Фр.:1964.

73. Соодонбеков К. Тамак-аш өнөр жайы боюнча орусча-кыргызча терминологиялык сөздүк. Фр.:1964.

74. Сооронбаев К., Чолоков С., Шүкүров Ж. Коомдук-саясий терминдердин сөздүгү (долбоор). Фр.:1960.

75. Стамбеков А. Математика боюнча терминдердин орусча-кыргызча сөздүгү (тизме). Фр.:1939.

76. Степаненко Д.П. Русско-киргизский словарь ботанических терминов (список). Фр.:1951.

77. Сулайманкулов К. Химия боюнча орусча-кыргызча терминологиялык сөздүк. Фр.:1967.

78. Сулайманкулов К., Ташкенбаев К., Шатемиров К. Химиялык терминдердин орусча-кыргызча сөздүгү. Фр.:1982.

79. Токтоналиев Ж. Электротехникалык терминологиялык сөздүк. Фр.:1962.

80. Тоо-кен терминдеринин орусча-кыргызча сөздүгү. Фр.:1970.

81. Тукембаев А. Саясий экономия боюнча терминдердин кыскача сөздүгү (долбоор). Фр.:1961.

82. Тукембаев А. Саясий экономия боюнча орусча-кыргызча терминологиялык сөздүк. Фр.:1968.

83. Турусбеков М. Физикалык терминдердин сөздүгү (долбоор). Фр.:1960.

84. Тыныстанов К. Терминдер: коом-экономикалык терминдери. Фр.: 1933.

85. Урстанбеков Б. Археология терминдеринин орусча-кыргызча кыскача сөздүгү. Фр.:1979.

86. Урстанбеков Б. Археология терминдеринин орусча-кыргызча сөздүк-справочниги. Фр.:1985.

87. Усенбеков К., Абылгазиев Б., Кадыров Ы. Аскер иши боюнча терминдердин орусча-кыргызча сөздүгү. Ф.:1986.

88. Усубакунов Р. Механика боюнча орусча-кыргызча терминологиялык сөздүк. Фр.:1981.

89. Чолпонкулов Д. Анатомия жана адамдын физиологиясы боюнча терминдердин орусча-кыргызча сөздүгү (тизме). Фр.:1939.

90. Чукин Т.С., Асакеев Д.Ж. Орусча-кыргызча автотрактордук терминдердин сөздүгү (долбоор). Фр.:1961.

91. Шамбетов С.Ш., Айдарова Р.А., Убукеева А.У. Ботаникалык терминдердин жана өсүмдүктөрдүн аттарынын орусча-кыргызча сөздүгү (долбоор). Фр.:1975.

92. Шатемиров К.Ш. Химиялык терминдердин сөздүгү (долбоор). Фр.:1959.

93. Шакиров Т. Космонавтика боюнча терминдердин орусча-кыргызча сөздүгү (долбоор). Фр.:1973.

94. Юсупова И., Хавазов А. Русско-дунганский словарь общественно-политических терминов (проект). Фр.:1967.

95. Яр-мухамедов Ш.Х. Астрономиялык терминдердин сөздүгү (долбоор). Фр.:1960.

96. Яр-мухамедов Ш.Х. Астрономиялык терминдердин орусча-кыргызча сөздүгү. Фр.:1965.

Термином КР Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиянын карамагына өткөндөн кийин 2000 – 2010-жылдары төмөнкү сөздүктөрдү чыгарды:

1. Учурда активдүү колдонулуп жаткан саясий, юридикалык, экономикалык жана башка терминдердин сөздүгү. Б.: 2000 (Редакциялык бюронун курамы: Акбаров А., Артыкбаев С., Ашымов М., Байсубанов М., Бактыгулов К., Досалиев Т., **Жигитов С. (төрага),** Жээналиев М., Касымов С., Козубеков Т., Кушубеков К., Мамбеталиева Г,, Молдоканов А. (адис редактор), Мусаев К., Мырзаев А., Нурбекова Н., Олжобаев С. (төраганын орунбасары, жооптуу редактор, Саматов К., Сыдыкова К., Ырсалиев М., Эсенгелдиев А.).

2. Терминдердин орусча-кыргызча сөздүгү (толукталып 2-басылышы). Б.: 2002 (Терминкомдун курамы: **Жигитов С. – төрага,** Мамбетжунушов Т. – төраганын орунбасары, Калиева Ө. – катчы, Мүчөлөрү: Абакиров М., Акбаров А., Акматов К., Алиев Т., Андашев Д., Апышев Ж., Бактыгулов К., Досалиев Т., Дүйшеев Ж., Жолдошбеков А., Жээналиев М., Ирсалиев М., Кадыров Ы., Карагулова Ж., Карыбаев А., Кодоров Б., Керимбекова Р., Курманалиев К., Мамбеталиева Г,, Молдоканов А., Мусаев К., Мырзаев А., Нурбекова Н., Саматов К., Сарымсаков К., Сатаров Р., Турдубаев Ж., Турсунов Э., Усубалиев Ж., Шейшеналиев Ж., Эсенгелдиев А.).

3. Терминдердин орусча-кыргызча сөздүгү (Терминкомдо талкууланган терминдер). Б.: 2004 (Терминкомдун курамы: **Ахматов К. – төрага,** Мамбетжунушов Т. – төраганын орунбасары, Калиева Ө. – катчы, Мүчөлөрү: Абакиров М.,

Абдысатаров Р., Акбаров А., Акишев Б., Акматов К., Алиев Т. И., Алсейитов А., Андашев Д., Апышев Ж.А., Ашымов М.А., Бактыгулов К., Жолдошбеков А., Жолдошев К., Жээналиев М., Ирсалиев М., Кадыров Ы., Карагулова Ж., Карыбаев А., Керимбекова Р., Кодоров Б., Курманалиев К., Кыдыршаев Н., Масалбекова Н., Молдоканов А., Нурбекова Н., Сабирова Б.А., Саматов К., Сарымсаков К., Төлөбаев М., Турдубаев Ж., Турдукожоев Ж., Усубалиев Ж.).

4. Атоолордун (терминдердин), сөз айкаштарынын орусча-кыргызча сөздүгү (толукталып үчүнчү басылышы). Б.: 2006. (Атоо комиссиясынын курамы: **Ахматов К. – төрага,** Кожобаев К. А. – төраганын орунбасары, Мамбетжунушов Т. – төраганын орунбасары, Калиева Ө. – катчы, Мүчөлөрү: Абдысатаров Р., Акматов К., Алсейитов А., Апышев Ж., Атышев К., Ашымов М., Бактыгулов К., Жолдошбеков А., Жээналиев М., Ирсалиев М., Кадыров Ы., Карагулова Ж., Кодоров Б., Кыдыршаев Н., Масалбекова Н., Молдоканов А., Саматов К., Сарымсаков К., Токтоналиев К., Турдубаев Ж., Турдукожоев Ж., Усубалиев Ж.).

5. Атоолордун (терминдердин) орусча-кыргызча сөздүгү (толукталып басылышы). Б.: 2010. (Терминология комиссиясынын курамы: **Ибрагимов С. – төрага,** Кожобаев К.А. – төраганын орун басары, Молдоканов А.. – төраганын орун басары, Шаменова А. – катчы, Мүчөлөрү: Абдыжапар уулу М., Алымкулов К., Андашев Д., Атышев К., Бакаев А., Бактыгулов К., Ботобекова А., Досалиев Т., Жаанбаев С., Жээналиев М., Ирсалиев М., Кадыров Ы., Карагулова Ж., Кодоров Б., Кожобаев К., Мамбетжунушев Т., Молдоканов А., Садыр уулу Жумагазы, Турдубаев Ж., Турдукожоев Ж., Усубалиев Ж., Эдилова К.).

Бул сөздүктөргө улам жаңы кабыл алынган, такталган терминдер киргизилип, толукталып, оңдолуп чыгарылып турган.

КР Илимдер академиясынын, КР Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиянын Терминологиялык комиссиясы тарабынан сунушталып чыгарылган сөздүктөр

1. Райымкул Жапар уулу, Жамила Асанбай кызы. Физикалык атамалардын орусча-кыргызча сөздүгү. Б.: 1993.

2. Карымшаков Р.К. Физикалык терминдердин орусча-кыргызча сөздүгү. Б.: 1997.

3. Жапар уулу Райымкул, Асанбай кызы Жамила. Физикалык терминдердин (атамалардын) орусча-кыргызча, кыргызча-орусча сөздүгү. Б.: 1999.

4. Ашимов Муса. Экономикалык терминдердин орусча-кыргызча сөздүгү. Б.: 2001.

5. Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы. Терминдердин түшүндүрмөлөрү. (Түзгөн эксперт Садыкова Н.О.). Б.: 2004.

6. Юридика аталгылары менен түшүнүктөрүнүн орусча-кыргызча түшүндүрмө сөздүгү (автор-түзүүчүлөр: Айдарбекова Ч.А., Бакиев М.С., Бейшембиев Э.Ж., Жусуев Б.С., Имакеев Э.Т., Исакбаева Ж.А., Карагулова Ж.С., Медералиев Ж.А.). Б.: 2006 (Бул сөздүк ЮСАИДдин колдоосунда чыккан).

7. Кидибаев М.М., Шаршеев К. Физикалык терминдердин түшүндүрмө сөздүгү. Б.: 2007.

8. Финансы-экономикалык терминдердин орусча-кыргызча сөздүгү (түзгөн Р.Бектурова). Б.: 2007.

9. Дубанаев С.Н., Тилеков М.Ө. Кыргыз Республикасынын Чек ара кызматында колдонулуучу терминдердин, түшүнүктөрдүн орусча-кыргызча сөздүгү. Б.2007.

10. Ибрагимов С. Иш кагаздарын жүргүзүүнүн орусча-кыргызча сөздүгү. Б.: 2008.

11. Бажы ишинде колдонулуучу терминдердин орусча-кыргызча сөздүгү (түзгөн Бердибеков А.Ү.). Б.: 2008.

12. Сыдыкова Г.Б., Орозалиева Ж.М., Мусаев Э.К. Рекламалык иш (реклама боюнча орусча-кыргызча терминдердин сөздүгү). Б.: 2008.

13. Койчуманов Ж.И. Педагогикалык терминдердин орусча-кыргызча сөздүгү. Б.: 2009

14. Бактыгулов К., Бактыгулова А.Б. Курулуш атоолорунун орусча-кыргызча сөздүгү. Б.: 2011.

15. Усубалиев Ж,, Бактыгулов К., Эликбаев К.Т., Апышев Ж.А. Жалпы техникалык орусча-кыргызса сөздүк. Б.: 2011.

16. Орусча-кыргызча стоматологиялык сөздүк. (түзгөндөр: Т.Кайназаров, М.Жээналиев). Б.-Ош. 2011.

17. Жаңы кирген атоолордун орусча-кыргызча түшүндүрмө сөздүгү. КР УИАнын корреспондент мүчөсү, профессор С.Ж.Мусаевдин жалпы редакциясы астында. Б.2012.

18. Бакаев Ашырбек. Мамлекеттик тилдин коомдук-саясий, укуктук, каржы-эгечарбалык, аскердик терминатоолорунун орусча-кыргызча жаңы сөздүгү. Б.: 2013.

19. Юридикалык атоолордун жана башка түшүнүктөрдүн орусча-кыргызча сөздүгү. Б.: 2014. (авторлору: Абдыжапар уулу М., Абдысатаров Р.К., Арзиев М.И., Арзыматов Ж.Н., Ахметова А.К., Бактыгулов К.Б., Бекишева Ч.Б., Бектурова Р.О., Бокошов С.Ж., Дастанбеков М., Жээналиев М., Ибраимов Н.Ж., Кадыров Ы., Калиева Г.У., Кожобаев К.А., Козубекова Т., Конокбаев Т.А., Карасартов Б.Б., Медералиев Ж.А., Назаралиева А.К., Ниязалиев С.А., Осмоналиев Б.М., Осмоналиева Н.Ж., Супотаева А. А., Саалаев Ж.И., Семенова Ж.А., Солтобаев Р.Т., Сулайманова Ж.Д., Сыдыгалиев М.К., Сыдыкова Н.И., Сальпиева Н.Ш., Түмөнбаева Ч.Д., Туманов А., Усакпаева Г.К., Шерипов Н.Т.) Сөздүк КР ЖКнын Билим берүү, илим, маданият жана спорт боюнча комитети (төрагасы К.Осмоналиев) тарабынан жактырылып, ЮСАИДдин колдоосунда жарык көргөн.

20. Жакыпбеков К., Токтомамбетов Э. Орусча-кыргызча медициналык сөздүк. (Түзүүчүлөрү: А.Акаева, А.Супатаева). Б. 2014.

21. Кыштообаев Б.З. Аскердик терминдердин жана түшүнүктөрдүн орусча-кыргызча түшүндүрмө сөздүгү. Б.: 2015.

22. Аскердик терминдердин орусча-кыргызча сөздүгү. (оңдолуп, экинчи жолу басылышы). (Түзүүчүлөр: К.Усенбеков, Б.Абылгазиев, Ы.Кадыров, А.Айтмаматова). Б.: 2017.

23. Коеналиев Т.К., Мамбетакунов Э.Э. Мамлекеттик органдарда иш кагаздарын жүргүзүү (Терминдердин орусча-кыргызча сөздүгү). Б.: 2017.

24. Салык терминдеринин орусча-кыргызча, кыргызча-орусча сөздүгү (түзгөндөр: Э.О.Сазыков, Р.Э.Асангазиева, Ж.Ж.Кундузбекова). Б.: 2018.

25. Молдобек Ирсалиев. Чет элдик атоолордун кыргызча сөздүгү. Б.2019.

26. Авторлор коллективи. Суу чарба жана гидрология боюнча терминдердин орусча-кыргызча-англисче түшүндүрмө сөздүгү. Б.: 2020.

27. Мурзакматов М., Жаныбеков Ч., Усубакунов Р. Математикалык терминдердин орусча-кыргызча-англисче сөздүгү. Б.2021.

Сүйлөшмө сөздүктөр

1. Абдукаримова З.Б., Акчекеева М.С., Байтерекова Г.Б., Гыска Т.П. Сүйлөшмө. Чет өлкөлөргө баруучулар үчүн. Фр. 1990.

2. Абеков Т.У. Автотуристтин жандоочусу. Фр. 1991.

3. Мамсоода жана керек-жарак кооперация кызматкерлери үчүн орусча-кыргызча сүйлөшмө (түзгөндөр: С.Омуралиева, З.Мусаева, А.Келдибеков, М.Токтосунов). Фр. 1991.

4. Мамбетакунов Э., Чечин Л.М. Илимий баарлашуу. Научные общения. Б. 2010.

5. Орусча-кыргызча сүйлөшмө (түзүүчүлөр: К.О.Кулалиева, Н.П. Бексултанова). Б.:2015.

6. Меймандар үчүн кыргызча-орусча сүйлөшмө (түзгөн Кадыров Ы.). Б.:2017.

Кыргыз Совет энциклопедиясынын Башкы редакциясы чыгарган, мектеп окуучулары үчүн терминдердин түшүндүрмө сөздүктөрү (кыргызча-орусча, орусча-кыргызча)

1. Математика (түзгөндөр: Б.Абылгазиев, Д.Андашев, Ш.Жапаров, Ы.Кадыров, А.Өмүралиев, К.Тентимишева). Фр.: 1989, 2-басылышы 2000.

2. Физика (түзгөндөр: Абилов А., Базарбеков Н., Сагынов Ж.). Фр.: 1989, 2-басылышы 2003.

3. География (түзгөндөр: С.Байгуттиев, Ө.Бараталиев, К.Жумашев, Ж.Карамолдоев, С.Карыбаев, М.Кошоев, А.Молдоканова М.Мураталиев, Т.Ниязов, К.Сакебаева, Ш.Токомбаев, Т.Чодураев, Д.Шакирбеков, Т.Эшенкулов.). Фр.: 1990.

4. Урстанбеков Б.У., Чороев Т.К. Кыргыз тарыхы. Фр.: 1990.

5. Ботаника (түзгөн М.М. Ботбаева). Б.: 1991.

6. Алдашев А.А. Зоология. Б.: 1992.

7. Кыргыз адабияты (түзгөндөр: Шериев Жээналы, Муратов Абдыкерим). Б.: 1994.

Ар кайсы министрликтер, окуу жайлары ж.б. аркылуу чыккан сөздүктөр:

1. Батырчаев И.Е., Батырчаев А.И., Мураталиев М.К., Пазюк Ю.В. Курулушчунун маалымдама сөздүгү. Фр.: 1990.

2. Жеңишбек Усубаалы уулу, Карыпбек Курманаалы уулу, Майрам Дүйшөн кызы. Машинелердин механикасы боюнча орусча-кыргызча атоолор сөздүгү. Б.: 1994 (Кыргыз техникалык университети).

3. Алымкулова С.К., Алымкулов Ж.А. Тигүү жана текстиль өнөр жайлары боюнча терминдердин орусча-кыргызча сөздүгү. Фр.:1996 (КР Эмгек жана социалдык жактан коргоо министрлигинин Кесиптик-техникалык билим берүү боюнча башкы башкармасы).

4. Алдашев А.А. Биология терминдеринин жана айбанат аттарынын орусча-кыргызча сөздүгү. Б.: 1998. («Кыргызстан-Сорос» фонду)

5. Психология управления (русско-кыргызский словарь терминов). (түзгөндөр : Иманкулова Э.Т., Иманкулова М.Т., Асанбекова А.А.). Б.: 2000.

6. Арабаев Ч.И. Граждандык укук боюнча юридикалык терминдердин сөздүгү. Б.: 2005 (КР Билим берүү жана маданият министрлиги).

7. Карыпбек Курманаалы, Нурбек Карыпбек, Бекнур Карыпбек. Кыргызча-инглисче-орусча техникалык сөздүк. Б.2005 (Кыргыз техникалык университети).

8. Аскердик терминдердин орусча-кыргызча сөздүгү (Түзгөндөр: Абдиева А., Абдысадыр уулу Азат, Кадыров Э., Кыштообаев Б., Чанов У). Б.: 2007. (КР Коргоо миинистрлиги).

9. К.Мамытов. Экономика-математикалык методдор, информатика жана башкаруудагы маалыматтык технологиялар боюнча кыскача орусча-англисче-кыргызча терминдердин түшүндүрмө сөздүк-справочниги. Б. 2009 (КР Билим берүү жана илим министрлиги).

10. Карыпбек Алымкулов. Энергетика боюнча орусча-кыргызча сөздүк Б.2011.

11. Өзгөчө кырдаалдар боюнча терминдердин орусча-кыргызча сөздүгү (Түзгөн А.И. Айтмаматова, редактору Т.Мамбетжунушев). Ош, 2013.

12. Өсүмдүктөрдүн аттарынын жана ботаникалык терминдердин орусча-кыргызча сөздүгү (түзгөндөр: Б.А.Султанова, Г.А.Лазьков, М.Р.Ганыбаева, Г.А.Койчубекова). Б.: 2013 (Биолого-почвенный институт НАН КР).

13. Наралиев А.М., Саралаев М.К. ж.б. Дене тарбия жана спорт боюнча орусча-кыргызча сөздүк. Б.2015 (КР Дене тарбия жана спорт институту).

14. Медициналык энциклопедиялык түшүндүрмө сөздүк. (которуп, түзгөндөр: Таштанбек Чакиев, Абдымомун Жумабаев). Б.: 2016 (КР Саламаттык сактоо министрлиги).

15. Эл аралык мамилелер жана дипломатия тармагындагы аталыштардын жана айтылыштардын орусча-кыргызча түшүндүрмө сөздүгү (түзгөн Байымбетова Г.С.). Б.: 2016. (КР Тышкы иштер миинистрлиги).

2015-жылы 10-11-мартта КР Жогорку Кеңеши менен КР УИАнын Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институту тарабынан биргелешип, ЮСАИДди жана DFID колдоосунда мамлекеттик тил, терминология жана котормо маселелери боюнча республикалык илимий практикалык конференция өткөрүлгөн. Материалдары «Мыйзам чыгаруудагы мамлекеттик тил маселелери» деген аталышта жыйнак болуп чыгарылган. Конференцияга Терминкомдун мүчөлөрү активдүү катышкан.

Кыргызстанда филолог окумуштуу Аттокур Жапанов Асаналиевич өзүнүн жеке демилгеси жана өздүк каржылоосу менен кыргыз-орус тилинде төмөнкү терминологиялык сөздүктөрдү чыгарды:

Русско-кыргызский экономический словарь., Б. 2005; Юридический русско-кыргызский словарь. Б., 2005; Медицинский русско-кыргызский словарь. Б., 2005; Технический русско-кыргызский терминологиический словарь. Б., 2006; Архитектурный русско-кыргызский и кыргызско-русский терминологический словарь. Б., 2006; Культурологический русско-кыргызский и кыргызско-русский терминологический словарь. Б., 2006; Исторический русско-кыргызский и кыргызско-русский терминологический

словарь. Б., 2007; Этнографический кыргызско-русский терминологический словарь. Б., 2007; Метеорологический русско-кыргызский и кыргызско-русский терминологический словарь. Б., 2007; Математический русско-кыргызский и кыргызско-русский терминологический словарь. Б., 2007; Философский русско-кыргызский терминологический словарь. Б., 2008; Политический русско-кыргызский терминологический словарь. Б., 2008; Предпринимательский русско-кыргызский словарь. Б., 2008; Кулинарный кыргызско-русский и русско-кыргызский словарь. Б., 2008; Искусствоведческий русско-кыргызский словарь. Б. 2008; Религиоведческий кыргызско-русский, русско-кыргызский и арабско-кыргызский словарь. Б., 2009; Архитектуралык орусча-кыргызча, кыргызча-орусча сөздүк; русско-кыргызский, кыргызско-русский терминологический словарь по архитектуре. Б., 2012; Аскер терминдеринин орусча-кыргызча түшүндүрмө сөздүгү, военный русско-кыргызский толковый словарь. Б.: 2013; Медициналык орусча-кыргызча, кыргызча-орусча сөздүк., 1-2-том. Б., 2014; Архитектура сөздүгү. Б., 2013; Коомдук-саясый түшүндүрмө сөздүк. 1-3-том. Б., 2014; Медициналык орусча-кыргызча жана кыргызча-орусча түшүндүрмө сөздүк, медицинский русско-кыргызский, кыргызско-русский толковый словарь, Б.: 2022; Кыргызча-орусча жана орусча-кыргызча жоокерчилик сөздүгү. Б., 2016; Кыргызча-орусча сөздүк (фразеология, идиоматика, макал жана ылакаптар). Б., 2016; Кыргызча-орусча сөздүк. Б., 2016; Маданият боюнча кыргызча-орусча жана орусча-кыргызча сөздүк. Б., 2016.

Жапанов А. 2015-жылы түзгөн сүйлөшмөлөр: Кыргызча-орусча сүйлөшмө; Кыргызча-орусча-англисче сүйлөшмө; Кыргызча-орусча-болгарча сүйлөшмө; Кыргызча-орусча-грекче сүйлөшмө; Кыргызча-орусча-азербайжанча сүйлөшмө; Кыргызча-орусча-ивритче сүйлөшмө; Кыргызча-орусча-жапончо сүйлөшмө; Кыргызча-орусча-корейче

сүйлөшмө; Кыргызча-орусча-казакча сүйлөшмө; Кыргызча-орусча-кытайча сүйлөшмө; Кыргызча-орусча-монголчо сүйлөшмө; Кыргызча-орусча-венгерче сүйлөшмө; Кыргызча-орусча-украинче сүйлөшмө; Кыргызча-орусча-белорусча сүйлөшмө; Кыргызча-орусча-хиндиче сүйлөшмө; Кыргызча-орусча-хорватча сүйлөшмө; Кыргызча-орусча-ирландча сүйлөшмө; Кыргызча-орусча-испанча сүйлөшмө; Кыргызча-орусча-италянча сүйлөшмө; Кыргызча-орусча-тажикче сүйлөшмө; Кыргызча-орусча-түркмөнчө сүйлөшмө; Кыргызча-орусча-французча сүйлөшмө; Кыргызча-орусча-немисче сүйлөшмө; Кыргызча-орусча-полякча сүйлөшмө; Кыргызча-орусча-чехче сүйлөшмө; Кыргызча-орусча-тажикче сүйлөшмө; Кыргызча-орусча-арабча сүйлөшмө; Кыргызча-орусча-өзбекче сүйлөшмө.

ЭНЕ ТИЛИБИЗДИН ТАЗАЛЫГЫН САКТАЙЛЫ

Кыргыз тилине муктаждыктын жоктугу кендирди кесүүдө Ырас, жыйналыштар кыргызча өтүүдө, жарлык, токтом, буйруктар кыргызча чыгууда. Бирок котормонун деңгээлинде. Ататүрк деле кезинде түрк тилине муктаждык жараткан. Болбосо аларда араб, парсы тилдери басымдуулук кылып бараткан. Азыр орус, англис, араб, кытай тилдерин билгендер көбөйдү. Бул, албетте сыймыктанчу иш. Бирок, ошол тилдерди үйрөнүп, өз эне тилин билбей калуу, албетте, намыссыздык. Орой айтканда – нааандык.

Орус тили Россия Федерациясынын мамлекеттик тили, КМШ өлкөлөрүнүн орток тили. Кыргызстан үчүн чет тил. Азыркыга караганда кыргыз тили совет мезгилинде таза болучу. Анткени, гезиттер, энциклопедиялар илим-билимдин, техниканын тилин так беришчү жана бирдей алышчу. Айрым гана так мааниси турса да кыргызча айтууга тыюу салынган сөздөр бар эле. Мамлекеттик тил менен расмий тилдин чектерин так аныктаган мыйзам болбогондон ки-

йин, орус тили дагы деле кеңири колдонула берет. Орус тилинин колдонулуусуна каршылык жок. Бирок кыргыз тили жакырланып баратканын да жашырууга болбойт.

Айрым учурда кыргыз тилинин сөз корунда кыргызча таптак маанисн турса да интернационалдык терминди колдонгон же тескерисинче сөздүн маанисин ачып бере албаса да кыргызча сөздү пайдаланган учурларыбыз көп. Кээде которууга боло турган сөздөрдү деле ошол боюнча алганыбыз адабий тилдин сөздүк курамына оорчулук келтирүүдө. Алсак, **уникальный** деген сөздү **сейрек, апатия** дегенди **ындыны өчүү, нагрузканы жүктөм, детальный** дегенди **дыкат, промежуточныйды арабөк** деп алууга неге болбосун. Кээде бир эле атоону бир нече сөзгө карата колдонгон учурларыбыз да бар. Мисалы, көзөмөл деген сөздү надзорго да, контролго да пайдаланып келебиз. Бул менимче туура эмес. Көзөмөлдөө менен контролдоонун айырмасы чоң. Контролдоого текшерүү милдети да кирет. Көзөмөл деген надзор деген сөздүн гана таптак маанисин берет. Ал эми чыгаша деген сөздү затрата, расход, убыток, потери, убыль деген сөздөрдүн баарына эле колдоно беребиз. Затрата - заттык маанидеги сөз, ошондуктан аны сарптоо, расходду чыгым деп алганыбыз туура болот. Кийинки мезгилде кыргыз тилине деле, орус тилине деле сырттан күргүштөп кирип жаткан терминдер өтө эле көбөйдү. Алсак, презентация, консенсус, консальтинг, гендер, компани, компьютер, секс, коррупция, глоссарий, конструкт ж.б. Ырас булардын айрымдарын которууга мүмкүн эмес болсо, айрымдары жаңы чапан кийген мурдагы эле сөздөр. Мисалы, консалтинг деген консультация деген эле сөз. Чет тилден кирген терминдерди айрымдар байма-бай колдонуудан, кыргыз тилинде так маанисн турса да тилдин бурмаланышына таасирин тийгизүүдө. Мисалы, азыркы кезде креативдүү деген сөздү көп колдонобуз. Анын кыргызча маанисн креатив – чыгармачылык, маркет – базар, окей – жакшы, толерантность –

чыдамкайлык, сабырдуулук. Ал эми айрым сөздөр кыргыз тилинде турса деле орусчадан сөзмө сөз которуп, калькага айландырып жиберебиз. Мисалы, **крупно рогатый скот** дегендин так маанисин берген **бодо мал** деген сөз турса дагы, аны ири мүйүздүү мал, мүйүздүү ири мал, ал түгүл ийри мүйүздүү мал деп ушул кезге чейин колдонуп келебиз. Бул жөнүндө окумуштуулар, адистер, кыргыз тилин мыкты билген билермандар канча жолу айтышты, жазышты. Бирок айрымдарыбыздын кыргыз тилине болгон кайдыгер мамилебиз дагы деле өзгөрө элек. Ушул жерде В.Лениндин «Об очистке русского языка» деген макаласынан: «Русский язык мы портим. Иностранные слова употребляем без надобности. Употребляем их не правильно. К чему говорить «дефекти» когда можно сказать недочеты или недостатки или пробель?» деген сөзүн келтире кетким келет. Социализмдин классигинин бул пикири бүгүнкү күндө да мага актуалдуудай сезилет. Туура болсо деле, болбосо деле Лениндин бардык пикирлерин четке кага бербей, ушундай керектүү сөздөрүн пайдалансак өзүбүз үчүн гана пайдалуу болмокчу.

Айрым учурларда тилдин эрежесин эске албай эле грек, латын, англис тилинде уңгусу ушундай экен деп элге эчак сиңип кеткен сөздү бузуп айтуу да орун алууда. Алсак система деген сөздү бир даары тутум деп кыргызча жасалма сөз менен алса, бирлери систем деп алышууда. Мында бир сөз экинчи тилге киргенде ыңгайга жараша бир аз бузулуп айтылаарын эске алышпай келишүүдө. Анын үстүнө системаны - систем деп алсак, анда башка сөздөрдү да ушул эрежеге баш ийдирип, консультацияны - консалтинг, программаны - программ, компанияны - компани, бөтөлкөнү - бутыл деп алууга туура келет.

Арабызда сөздөрдүн бардыгын которсок эле кыргыз тили өнүгүп кетет деп түшүнгөндөр көп. Дүйнөдө бардык сөздөрү өз тилинде болгон бир да тил жок.

Транспорт – унаа

Терминком «транспорт» деген сөздү «унаа, транспорт», «автону» – «авто», «автомобилди» – «автомобиль» («Атоолордун (терминдердин) орусча-кыргызча сөздүгү, Б. 2010) деп алган. Ушул кезге чейин «Транспорт министрлиги» транспорт боюнча эле колдонулууда. Кызмат көрсөтүүлөр, айрым жалпыга маалымдоо каражаттары «автомойканы» «унаа жуугуч», «автозапчасти» дегенди «унаа тетиктер», «автомашинаны» «автунаа», «автомобильный транспорт» – «автоунаа транспорту», «автодорогу» – «унаа жолдор» ж.б. деп жазышууда. Мындан биз унаа деген автобу, машинеби, транспортпу, айтор түшүнүүбүз кыйын. Негизи эле унаа деп жүк жүктөлчү малды (ат, өгүз, эшек, төө) аташкан.

Мына ушулар сыяктуу эле бир кезде Юстиция министрлигин «Адилет министрлиги» деп атадык. «Юстиция» байыркы римдиктерден бери эле сот системасына карата колдонулуп келаткан термин. Аны биз юстиция деген сөздүн маниси латынча адилеттик болоорун билээрибиз менен эле Американы ачкансып, юстиция - бул адилеттик деп жар салдык. Анын үстүнө Адилет министрликтери түркмөндөрдө, казактарда, өзбектерде да бар болучу. Тил комиссиясы бул терминди Адилет министрлигине гана колдонолу дегенине карабай, юстиция деген сөз жолуккан эле жерге адилеттик дей баштадык. Ошентип юстиция менен байланышкан башка терминдерде адилеттик маанисин ачып бере албаганда гана баш чайкап отуруп калдык. Анын үстүнө эл дагы бул терминди кабыл алган жок.

Кыргыз гезиттеринде кээде сөзгө маани бербей, сөздөрдү өз билгениндей бурмалап жазган өнөкөт пайда болду. «Айылдын эли малчылык менен алектенет» деген сөздөрдү окуйбуз гезиттен. Мында сөздүн мааниси бузулган. «Алектенет» деген сөз майнапсыз, жыйынтыксыз ишти түшүндүрөт.

Тыныш белгилер

Тыныш белгилер боюнча да каталар өтө эле көп. «Кыргыз тилинин жазуу эрежелеринде» «Иреттик сан атоочтордун ордуна № белгиси коюлса, андан кийин дефис белгиси коюлбайт, анткени № белгисинин өзү иреттик маанини билдирип турат» деп жазылып турса да, №69-мектеп, №85-кесиптик лицей, №29-гимназия, №1-оорукана деп жазгандар арбын. «Супер Инфо» гезити ар дайым №1-БАНК, №5-СИЗО деп жазат. №5-шаардык тиш дарылоо эмканасы деп жазылып турат. № коюлгандан кийин - (дефис) коюлбасын мектеп окуучусу да билет. Ооруканада болсо «Кыргыз Республикасынын герби 1994 жылдың 14-январында...», «Кыргыз Республикасынын жогорку советинин 12-чи сессиясында» деп жазылып турат. Гезиттерде, китептерде XX-кылым, XIX-кылым дегендер көп эле жолугат. Рим цифрасынан кийин дефис коюлбайт. Айтор гезиттерди окусаң туура эмес коюлган тыныш белгилер жайнайт. Айтор – (тире) менен - (дефистин) айырмасын билбегендер да көбөйдү. Тиреден кийинки сөздөр тиреден мурунку сөздүн чечмелениши, аныктамасы экенин, ал дефис менен жазылган сөздөр бир маанини билдирген бир сөз экенин билбегендер четтен чыгат. Тире – синтаксисттик милдет аткарат. Дефис – морфологиялык белги, татаал сөздөрдүн бөлүктөрүн бириктирет, иреттик сан менен ирети көрсөтүлүүчү зат атоочтордун ортосуна да коюлат.

Туура эмес коюлган үтүрдүн айынан сөздүн мааниси таптакыр өзгөрүп кеткен учурлар да кездешет. Анан дагы биз орус орфографиясын ээрчип, туура болсо да, болбосо да үтүр коё берген учурларыбыз өтө эле көп. Тыныш белгини туура эмес коюу, сүйлөмдүн маанисин тескери буруп таштаган учурлар да болот. Буга классикалык мисал катары публицист Эсенбай Нурушев айткан келе бер (приходи),

келе, бер (ну-ка, дай), ой токтот (поразмнелить), ой, токтот (ну-ка, останови; хватить, перестань) деген сөздөрдү келтирсек болот.

Ташымал жөнүндө айтпай эле коёлу, кээде уят сөздөр да жазылып кетет.

«Орфографиялык сөздүктөгү» айрым сөздөр тууралуу

Ченемдик укуктук актыларды – мыйзам долбоорлорун даярдоодо орфографиянын мааниси абдан чоң. Анткени орфография – улуттук тилдеги сөздөрдү туура жазуунун атайын принциптерин камтыган эрежелердин системасы. Орфография сөздөрдү жеке же диалектилик өзгөчөлүгүнө карабастан бир тартип менен жазуу талабын койгон милдетти аткарат. Сөздөрдү белгилүү бир тартипте жазуу маселеси орфографиялык принциптер менен жөнгө салынат.

Орфография – адабий тилдин жазуу формасында бирдиктүү кабыл алынган ченемдерин туура сактап, сөздөрдү бир түрдүү, сабаттуу, катасыз жазуу үчүн атайын иштелип чыккан эрежелердин системасы жана анын жалпы жыйындысы. Академик Л.В. Щербанын «Орфографиянын эң негизги максаты жана анын өзгөчө баалуу касиети – элди сабаттуулукка үйрөтүү. Зор аймакты ээлеген 150 миллион орус элинин бардык өкүлдөрү бир түрдүү сүйлөшү эч бир мүмкүн эмес, бирок бир түрдүү жазууга милдеттүү» деген сөзүнүн мааниси бүгүнкү күндө да актуалдуулугун жогото элек жана өтө көп мезгилге чейин жоготпойт деп эсептейм. Бул сөздүн мааниси бизге да тиешелүү.

Орфографиялык сөздүк адистерге эмес жалпы элге арналган сөздүк. Аны пайдалануу менен окуучулардан тартып жазуучуларга чейин сөздү туура жазып, окурмандарга жеткиришет.

Алгач 1956-жылы К.Карасаев менен Ю.Яншансин «Орфографиялык сөздүктү» түзүшкөн. 1966-жылы 60 миң сөз-

дөн турган «Кыргыз тилинин орфографиялык сөздүгүн» тилчи-лексикограф Х.К.Карасаев түзгөн. Ушул Сөздүк 1983-ж. толукталып кайра чыгарылган. Мурда кирбей калган сөздөр, сөз формалары киргизилип, айрым кетирилген кемчиликтери оңдолуп 2009-жылы 80 000 сөздөн турган басылышы редакциялык топтун иштөөсүндө кайрадан чыгарылган. Бул Сөздүктүн элге кызмат кылып жатканына шек келтире албайм, бирок ичиндеги айрым так эместиктерди, бир эле сөздү эки башка жазууга жол берилгенин белгилейм. Бул болсо ченемдик укуктук актыларды даярдоодо бир эле сөздү эки башка жазууга, натыйжада талаш туудурууга шарт түзүүдө. Алар: **область,** облус; областы, областты; **областтык, облустук,** областтык сот; **ящик** (жашик), ящиги, ящикке; **жармаңке, ярмарка; минута, мүнөт** (минута), **мүнөттүк** (минуталык); **газета,** гезит (кезит эмес); **билет,** билети, билетти, **белет** (билет); **галош,** көлөч же **көлөч, галош** (калиш эмес); **картошка, картөшкө; кереБет, кровать,** керебети, керебетти; **самоор, самовар; докладчик, докладчы, баяндагыч, баяндамачы, баяндоочу; пайыз** (процент), **пайыздык, процент,** проценти, процентти; **санарип, цифра; макабат, махабат; жашыруун, жашырын; жашынмак (жашынбак); алаб, алап; эрдик, эрлик; бөтөлкө, бутылка** ж.б. сөздөргө тиешелүү.

Китепте мына ушул сыяктуу бир эле маанини билдирген сөздөр эки башка сөз менен берилип калгандыктан талаш-тартышты жаратып келет. Ким кайсыл вариантын жазса ошонуку туура болот. Анткени китепте ошого жол берилген.

Ал эми мааниси айдан ачык эле «б**аа**рдык, б**аа**рдыгы» деген сөздөр китепте **«бар»** (баардык, бүткүл), **бардык** (бүткүл, баардык эмес), **бардыгы** (баардыгы эмес) деп берилген. Албетте бул сөздөр мурунтадан эле жазма ишинде ушундай алынып жүрөт, бирок эмне үчүн бир **а** тамгасы кыскартылып калганы, тилчи адистерге эле белгилүү болбосо, жалпы элге түшүнүксүз. Эгер андай болсо эмне үчүн

баардашуу, баары (баары бир), **баарыла, баарылоо** деген сөздөр бир «а» менен жазылбайт. Айтор түшүнүш кыйын. Айрыкча **баардык** деген сөз **бардык** болуп жазылганда бир жакка бардык дегендей мааниге ээ болуп калат экен.

Ошондой эле «Кыргыз тилинин орфографиялык сөздүгүнүн» Тиркемесиндеги **«Кыргыз Республикасынын административдик бөлүнүшү»** бөлүмүндө Москва районунун борбору Беловодск деп алынса, **«Жер-суу аттары»** деген бөлүмүндө **Беловодское** деп жазылган. **«Кыскартылган сөздөр»** бөлүмүндө **«союз»** деген бир эле түшүнүк «Европа **биримдигинин** комиссиясы, Европа **союзу,** Европа экономика **бирдиги»** деп үч башка сөз менен берилген.

Эми ушул сөздөрдүн айрымдары калк арасында кандай колдонулуп жүргөнүнөн айталы. Жалпыга маалымдоо каражаттары **газетаны:** «Кыргыз Туусу» - Кыргыз Республикасынын улуттук тун **гезити,** «Эркин Тоо» – мамлекеттик расмий **гезити,** «Кыргыз тили» – Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиянын илимий-рухий **гезити,** «Де Факто» – **гезит,** «Асаба» – **гезит,** «Кутбилим» – **гезит,** «Тил жана маданият» – коомдук-маданий **гезит,** «Супер Инфо» – маалыматтык маанайшат **гезит,** «Жаңы Агым» – маалыматтык **гезит,** «Тамчы кабар» – үй-бүлөлүк **гезит** деп алышыптыр. Башка көптөгөн газеталар дагы газетаны – **гезит** деп жазып жүрүшөт. Мындан **гезит** деген сөз элге жаккан деп бүтүм чыгарууга болот.

Ал эми **область** деген сөзгө карата төмөнкү мисалды келтирели. Кыргыз Улуттук энциклопедиясынын редакциясы 1994-жылы **Чүй облусу,** 1995-жылы **Ысык-Көл облусу, Талас облусу,** 1998-жылы **Нарын облусу,** 2003-жылы **Жалал-Абад облусу** деген китептерди чыгарган жана азыркы учурда чыгарылып жаткан «Улуттук энциклопедияда» да **облус** деп жазып келатышат. 2014-жылы чыгарылган «Юридикалык атоолордун жана башка түшүнүктөрдүн орусча-кыргызча сөздүгүндө» да **облус** деп алынган. Жер-

жерлердин көпчүлүгүндөгү көрнөктөрдө да **облус** деп жазылып турат. Жергиликтүү органдардын бланктарында да, мөөрлөрүндө да облус деп жазылган. «Облус» деп кыргыз тилинин ыргагында эң сонун айтылып турса да, көпчүлүк облустар аталыштарын облус деп жазып, мөөрлөрүнө облус деп киргизип алышса да, элдин көпчүлүгү облус дегенине карабай «область» деп оңдоп, кежирленгендер да бар.

«Орфографиялык сөздүктө» **санарип,** санарип кызматтары, санарип сүрөт, санарип телефон, санарип үн алгыч, санарип фото аппарат, ошондой эле **цифра, цифралуу, цифралык** деген сөздөр жана сөз айкаштары берилген. Ал эми «Юридикалык атоолордун жана башка түшүнүктөрдүн орусча-кыргызча сөздүгүндө» цифра дагы, санарип дагы берилген эмес. Бирок цифровое фото – санариптик фотосүрөт, цифровой диктофон – санариптик үн алгы, цифровой телефон – санариптик телефон, цифровые деньги – санариптик акчалар, цифровые услуги – санариптик кызмат көрсөтүүлөр деп берилген. Азыркы мезгилде **Цифровая** деген сөз санариптик деп колдонууга кирип кетти. Бирок, цифра деген санарип боло албайт. Анткени, цифра деген математикалык түшүнүк болуп, сандарды белгилөөчү шарттуу белгилер цифра деп аталат. Ага 0,1,2,3,4,5,6,7,8,9 белгилери кирет. Ал эми санарип түшүнүгүнө бардык цифралар кирбейт. Ага 0 жана 1 (булар бит деп аталат) сандары гана кирет. Мына ушул **эки сандын түрдүү айкалышы аркылуу** (башкача айтканда түстөр бит менен сүрөттөлөт) **берилген сигналдардын жана форматтардын тиби цифралык формат** деп аталат. Бул математикада эсептөөнүн экилик системасы деген түшүнүк менен берилет. Сөзүм дагы далилдүү болсун үчүн жогоруда айтылгандарды энциклопедиядан алынган боюнча орус тилинде келтирейин»:

Ци́фры (от ср. - лат. cifra от араб. صفر (ṣifr) «пустой, нуль») — система знаков («буквы») для записи чисел («слов») (числовые знаки). Слово «цифра» без уточнения обычно означает один из следующих десяти («алфавит»)

знаков: 0 1 2 3 4 5 6 7 8 9 (т. н. «арабские цифры»). Сочетания этих цифр порождают дву-(и более) значные коды и числа.

Цифровой формат — тип сигналов и форматов данных в электронике, использующих дискретные состояния (в отличие от аналогового сигнала, использующего непрерывные изменения сигнала).

Цифровые сигналы существуют как последовательности чисел во времени. Обычно используются два числа, 0 и 1 (т. н. биты).

Слово цифровой также обозначает способ сохранения данных в цифровом (двоичном) формате. Например цифровая фотография — это означает, что фотография сохранена в цифровом виде, то есть цвета описываются битами.

Жогорудан көрүнүп тургандай цифра эч качан санарип боло албайт. Ал эми эл кабыл алып, колдонула баштагандан кийин **цифровая** деген сөздү **санарип деп алууга болот** деп эсептейм.

Ал эми **заказ** деген сөздүн дагы ар түрдүү жазылышына жол берилген. «Орфографиялык сөздүктө» – **заказ, буйрутма, тапшырык** деп үч түрдө алынган. Натыйжада «Кутбилим» гезити – заказ, «Асаба», «Тил жана маданият» гезиттери – буйрутма деп жазышууда. Бул сөз абдан көп чаржайыттыкты жаратууда.

Сөздүктө айрым сөздөр жок. Мисалы **макам, ала-шала, көөпай, нанүштө** (бул нанүчта деп ката берилген), **ар кандай** ж.б. көптөгөн сөздөр жок, **аттуу** деген сөз бар, бирок **атуу** деген сөз жок. Эл ичинде айтылып жүргөн сөздөрдүн «Орфографиялык сөздүккө» кирбей калышы Сөздүктү иштеп чыккан адис-тилчилердин, редакторлордун гана чабалдыгын көрсөтөт.

Мындай мисалдарды эки башка сөз менен берилген бир маанидеги сөздөргө карата көп эле келтирүүгө болот. Мындай учурда, мисалы, картошка, минута деп жазган, ошондой эле картөшкө, мүнөт деп жазган автордун экөө

тең туура болуп чыгат. Бирок, андай бир эле түшүнүктү эки башка сөз менен алууга көркөм чыгармада эле болбосо, иш кагаздарында, ченемдик укуктук актыларда жазууга жол берилбеши керек.

Ушундай эле «Кыргыз тилинин сөздүгүн» дагы толуктоо зарыл. Анткени айыл жеринде көп эле айтылган Тыткакташуу, сабылуу, үрөлө ж.б. көп сөздөр жок.

Жалпыга маалымдоо каражаттары сабаттуу болушса

Мамлекеттик тилди өнүктүрүүгө арналган бир жыйында Мамлекеттик тил боюнча комиссиянын мүчөсү, генерал Ашырбек Бакаевге Бишкек шаарындагы бир мектептин мугалими:

- Силер «смирно» дегенди какайгыла, «вольно» дегенди шалпайгыла деп алдыңар эле. Ошол канчалык деңгээлде туура? – деген мааниде суроо берди.

- Сиз анекдот окуп алгансыз го, биз андай алган жок элек, - деди генерал токтоо гана.

Чынында эле ал мугалим анекдот окуп алса керек. Муну эстегенимдин себеби, терминди калыптандырууда, айрыкча жаңыдан жаралган аталышты калк арасына жайылтууда жалпыга маалымдоо каражаттарынын ролу зор. Бир кезде «Асаба» гезити «күлкүлүү», «анекдот» деген сөздөрдү «күлкүнүчтүү», аңгидот» деп жаза берип, азыр жаштар арасында ушул сөздөрдү көп колдонгондор арбын. Ошондуктан басма сөз терминди, атоону, сөздү бузбай, туура колдонгону абзел. Анекдот болобу, же куудулдардын тамашасы болобу, анын бутасы болгон окуя гана күлкүнүн каражаты болуп, сөз маданияты бекем сакталышы керек. Болбосо тамашаны чындай түшүнгөндөр арабызда арбын.

Жарлыкта, Мыйзамда, Орфографиялык сөздүктө, Министрликтердин имаратынын кире беришинде менин аталышым ушундай деп бадырайта «Финансы министрлиги», «Өзгөчө кырдаалдар министрлиги» деп жазылып турса да

«Каржы министрлиги», «Чукул кырдаалдар министрлиги» деп жазган гезиттер, радиолор да бар. Эгер аталышын туура эмес дешсе Терминологиялык комиссияга берип, бирото-ло тактап алышпайбы. Ушунчалык эле терсаяктыктын эмне кереги бар.

Азыркы кезде айрым саясатчылар, айрыкча журналисттер кээ бир маалыматтарды чет тилден же орусчадан шашылыш которуп, теледен элге айтышууда. Сайттарда, гезиттерде бир эле сөз ар башкача жазылат. Натыйжада примитивдүү тексттер жаралып, келегей сөздөр, терминдер көбөйүүдө. Журналисттер, котормочулар бир түргө келтирилбеген каалагандай сөздөрдү айтышууда. Натыйжада сабатсыздык жөө тумандай каптап, кыргыз тилинин талкалануу процесси жүрүп жатат. Биринчи кезекте журналисттерди окутуу зарылдыгы жаралууда.

Ал эми үй-бүлө, мара, мөрөй, дары деген сөздөрдү жаза албаган гезиттердин көбөйгөнү жаныңды кашайтат. Мезгилдүү басма сөздөн байма-бай «маарага келишти», «мөөрөй алышты», «үй-бүлөө» деген сөздөрдү окууга болот, ал эми айрым маршруткалар «Ак-Өргөө» деген сөздү «Ак-Өргө» деп жазып илип алышкан. Ушуларды көргөндө кыргыз тилин буза турган атайын программа барбы деген да ойго кетпей койбойсуң.

Бир эле гезит бир эле санына бир туруп **саясый**, бир туруп **саясий** деп жаза беришет. Кийинки мезгилде «макулдашышты», «жетишишти» деген сыяктуу сөздөр пайда боло баштады. Муну «макулдашты», жетишти» деп эле жазып койсо туура болбойбу.

Эми орус тилинен которулган текстердеги бирин-экин тамтаңдаган, келегей сүйлөмдөрдөн да мисал келтире кетейин «1629-жылы 36 жашка чыккан Мумтаз Махал 8 кыз менен 6 эркекти төрөйм деп, ден соолугу начарлап, өзүнүн баласын толготуп жатып кыйналып көз жумган» дейт. Ал эмне ошончо баланы бир учурда төрөгөнбү, башканын баласын да толготобу? – деген сыяктуу суроолор пайда болот. Мындай мисалдарды келтире берсе сан жетпейт.

Мына ушундай орусча ойлонуп, киргизче жазылган, айтылган атоолорду гезит-журналдардан, радио-теледен кадам сайын жолуктурууга болот. Ал эми чогулуштардагы айтылган сөздөрдү айтпай эле тек коёлу.

Кыргызча гезиттерди кыргыздар көп окубайт деген пикирдин тууралыгынын себептеринин бири жогоркудай сабатсыздыктардан болуп жүрбөсүн. Ошентип мага кыргызча жалпыга маалымдоо каражаттары элди тымызын сабатсыздыкка алып бара жаткандай сезилет.

Орус тили менен кыргыз тилинин грамматикасында, стилистикасында, ал түгүл тыныш белгилердин коюлушунда да айырма чоң.

Иш кагаздары жана аларды жазуу стилдери

Документтер тышкы жана ички болуп бөлүнөт.

Тышкы иш кагаздары – келишим, ишеним кат, командировкалык күбөлүк, кызматтык кат ж.б.

Ички иш кагаздары – арыз, түшүнүк кат, тил кат, буйрук ж.б. Иш кагаздарын даярдоодо төмөнкүдөй жазуу стилдери колдонулат:

1) Көркөм стиль - көркөм адабиятта;

2) Илимий стиль – илимий иштерде;

3) Публицистикалык стиль – гезит-журналдарда;

4) Расмий-иштиктүү стиль – расмий документтерди даярдоодо колдонулат.

Иш кагаздар расмий жана расмий эмес деп да бөлүнөт.

Расмий иш кагаздар – мекеме-уюмдардын ишин жүзөгө ашырууда колдонулган иш кагаздар. Буга жарлык, токтом, тескеме, буйруктар кирет.

Расмий эмес иш кагаздар – мекеменин ички талаптарын аткаруу үчүн колдонулган иш кагаздар, Алар жөнөкөй формада жазылат. Буга арыз, ишеним кат, мүнөздөмө, протокол ж.б. кирет. Документтер жеке-уюштуруу доку-

менттери жана уюштуруу-тескөө документтери деп бөлүнөт:

жеке-уюштуруу документтери: өмүр баян, арыз, түшүнүк кат, тил кат, чакыруу, кулактандыруу, эмгек келишими, мүнөздөмө;

уюштуруу-тескөө документтери: жарлык, жобо, токтом, буйрук, нускама, акт, протокол, чечим, ишеним кат, маалымкат, бандама кат, келишим, устав, сунуштама ж.б.

Эми кодификация боюнча айтсак кандай которулса да туура эле болгон, бирок **бирдейлештирүү зарылдыгын талап кылып турган** дагы бир жагдайлар бар. Мисалы мындай бир сүйлөм бар:

Ратифицировать Соглашение между Правительством Кыргызской Республики и Правительством Республики Таджикистан о международном автомобильном сообщении, подписанное 27 мая 2013 года в городе Бишкек. – (Бишкек шаарында 2013-жылдын 27-майында кол коюлган Кыргыз Республикасынын Өкмөтү менен Тажик Республикасынын Өкмөтүнүн ортосундагы Эл аралык автомобилдик катнаш жөнүндөгү макулдашуу ратификациялансын.)

Бул бир нече вариантта жазылууда. Мисалы: 2013-жылдын 27-майында Бишкек шаарында кол коюлган Кыргыз Республикасынын Өкмөтү менен Тажик Республикасынын Өкмөтүнүн ортосундагы Эл аралык автомобилдик катнаш жөнүндөгү макулдашуу ратификациялансын.

2013-жылдын 27-майында Бишкек шаарында кол коюлган Эл аралык автомобилдик катнаш жөнүндө Кыргыз Республикасынын Өкмөтү менен Тажик Республикасынын Өкмөтүнүн ортосундагы макулдашуу ратификациялансын ж.б. Ушул сыяктуу эле:

Назначить министра сельского хозяйства и мелиорации Кыргызской Республики официальным представителем Правительства Кыргызской Республики при рассмотрении данного законопроекта Жогорку Кенешем Кыргызской Республики.

Муну:

1. Кыргыз Республикасынын Айыл чарба жана мелиорация министри ушул мыйзам долбоорун Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинде кароодо Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн расмий өкүлү болуп дайындалсын.

2. Кыргыз Республикасынын Айыл чарба жана мелиорация министри аталган мыйзам долбоорун Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши караган учурда Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн расмий өкүлү болуп дайындалсын.

3. Кыргыз Республикасынын Айыл чарба жана мелиорация министри ушул мыйзам долбоорун Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши караганда Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн расмий өкүлү болуп дайындалсын.

4. Бул мыйзам долбоору Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинде каралганда Кыргыз Республикасынын Айыл чарба жана мелиорация министри Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн расмий өкүлү болууга дайындалсын. – деген варианттарда жазылууда.

Булардын бирин гана тандап алып, бир гана түрдө жазсак өзүбүзгө эле жеңил болмок.

Биз иш кагаздарын орус тилинен кыргызчага которуп, мамлекеттик тилди өркүндөтүп жатабыз деп дердеңдеп келебиз. Ал эми чындыгында биздин котормобуз келегей, академиялык тил менен жазылган. Чындыгында ошондой эле болот. Анткени биз орусча ойлонуп, орусча тексттин алкагынан чыга албайбыз. Маселени кыргызча ойлонуп, документтин түп нускасын кыргызча жаза баштаганда гана мамлекеттик тилибиз оңолот.

Кыргыз тилинде даярдалган документтердин сапатына талдоо жүргүзүлгөндө төмөнкүдөй кемчиликтер аныкталды:

1. Текстти сөзмө-сөз калька кылуу;

2. Тексттеги бир эле терминдин котормосунун бир нече вариантын колдонуу;

3. Текстте иш кагаздардын стилин сактабай коюу;

4. Юридикалык мүнөздөгү элементтерди которууда прецеденттик ыкманы колдонбой коюу.

5. Текстте стилдик өзгөчөлүктөрдү сактабай коюу.

Документтердин кодификациясы да абдан начар болууда. Ошондуктан министрликтерге, ведомстволорго жана Юстиция министрлигине кыргыз тилинде даярдалган ченемдик укуктук актылардын долбоорлорунун кодификациясын жакшылап иштеп чыгуу сунуш кылынат.

Чоң тамга тууралуу

Айрым сөздөрдү чоң тамга менен жазуу дагы модадай эле жайылып баратат. Айрым гезиттерде, айрыкча котормо макалаларда Программа, План, Жобо, Устав, Келишим, Макулдашуу, Нускама деген сыяктуу көп сөздөрдү орусчада чоң тамга менен болуп турбайбы деп чоң тамга менен жазышат. Алар орус тилинде сүйлөмдүн башына келгендиктен Программа, План, Положение, Устав, Договор, Соглашение, Инструкция деп чоң тамга менен жазылганын эске алышпайт. Ал эми БоролДой, Азия Өнүктүрүү Банкы дегендерди кандай түшүнсөк болот.

Аты-жөнүбүз жөнүндө

Аттарыбызды: Ысмайылды - Исмаил, Ормонду – Урман, Өмүрбекти – Омурбек, Дүйшеевди – Дуйшеев, кээде Өмүрзаковду – Омурзаков, ал түгүл Умерзаков, Жаныбекти – Джаныбек, деп койсо деле мунчукпай макул болуп, паспортумда ошондой экен деп Байджигитов, ДЖолдошев, Уметова деген сыяктуу бурмалап жазганга өзүбүз да шыкак болуп жатканыбыз да кечиримсиз. Ушул жерден кыргыз тилинин жазуу эрежелери улукпу? Же документтеги ката жазуу улукпу? – деген мыйзамдуу суроо пайда болот.

Балага ат коюу да заманга жараша өзгөрөт экен. Ысым бала төрөлгөн убактысына, жуманын күндөрүнө, май-

рамга, ошол учурда ата-энеси окуп, катуу таасирленген китептин каармандарына, өлкө жетекчилерине, даанышман адамдарга ж.б. карата коюла берет, азыркы учурда араб ысымдары өтө көп коюла баштады. Албетте балага ысым ыйгаруу дагы ата-эненин эрки. Ошентсе да атын укканда эле кыргыз экени билине турган, нукура кыргызча аттарды койсок жаман болбос эле. Бул дагы элди, тилди сактап калуунун бир жолу эмеспи.

Кайсыл көчө, кайсыл жай

Эне тилге биздин кайдыгерлигибиз Бишкек шаарынын көчөлөрүндөгү көрнөк, жазуу, аталыштардан эле көрүнүп турат. Кадам сайын ката. Мындайлар жылдап илинип турса да унчуккан эч ким жок. Башка элдердин борбор шаарында эне тилдери ушинтип бузулуп турса, эне тилди шылдыңдагандык катары карашып, илим-билимдүүлөр тынчсызданышып, ал түгүл чуу көтөрүшүп, күнөөлүүлөр жазаланмак. Бирдей эмес сөздөр көчөлөрдүн аттарын жазууда арбын жолугат. Айтылуу «Моссоветте» Ю.Абдрахманов атындагы көчөсү 144 деп жазылып турса, андан бир аз эле өйдөрөөк Ю.Абдрахманов көчөсү 148 деп жазылган. Андан өйдө көпүрөдөн өткөндөн кийин БАЙТИК БААТЫР көчөсү, БАЙТИК-БААТЫР көчөсү, улица Байтик Баатыра көчөсү 55, улица Байтик Б. көчөсү 43/2 деген жазуулар бар. Андан өткөндө И.Ахунбаев көчөсү, АХУНБАЕВА 91, Иса Ахунбаев атындагы көчө 39 деп жазылган. Ошол эле аймакта «Улица З.Бектенова көчөсү» деп үйлөрдүн бетинде жазылып турат. Мен бул көчөгө айтылуу тилчи-окумуштуу агайыбыз Зияш Бектеновдун ысымы коюлган го деп ойлоп жүрсөм, башка бир З.Бектенова деген эмгеги элге сиңген эжекебиз бар окшойт. Болбосо «З.Бектенова көчөсү» деп жазбайт эле да. Антейин десем мындай көчөлөр өтө эле көп экен. Карасаева көчөсү 37, «Х.Карасаева көчөсү», «Койбагарова көчөсү» ж.б. Ушинтип эркекти аялга айлантып,

туура эмес жазгандан көрөкчө көчөлөрдүн аттарын кыргызча гана жазуу керек окшойт. Таза кыргызча жазылды дегендерде деле кемчиликтер толтура. Алсак «Токтогул атындагы көчөсү», ал эми Маданият министрлиги жайгашкан имараттын бир башында И.Раззаков көчөсү деп жазылса, бир башында И.Раззаков атындагы көчөсү деп жазылып турат. Бул жердеги «сү» мүчөсү ашыкча экендиги кыргызча окуй билген адамдардын баарына эле түшүнүктүү. Бир эле көчөнүн төмөн жагы Б.Юнусалиев көчөсү, жогор жагы Б.Юнусалиев проспекти деп жазылган. Бул мен үйдөн ишке келе жатканда басып өткөн көчөлөрүмдүн айрымдары эле. Ал эми шаардын чок ортосунан батыштан чыгышка кеткен көчө ЖИБЕК-ЖОЛУ, Жибек Жолу, Жибек-Жолу деп жазылган. Эмне үчүн эки сөздүн баш тамгалары экөө тең чоң, анан дагы ортосуна дефис коюлганына акылың жетпейт.

Маршрутка менен баратсаң жашы деле, карысы деле Ахунбаевадан түшөсүзбү, Арабаевага токтотуп коюңузчу дешет. Ушинтип элге эмгеги өткөн, кыргыздын чыгаан инсандары аталып ысымдары көчөлөргө, окуу жайларына коюлган аталарыбыздын фамилияларын кыргыздар өзүбүз бурмалоодобуз. «Эгемен кыргыз болдук» деп ураан салганыбыз менен коомдук транспортто «Арабаевага астанабис» деп же орусча эмес, же кыргызча эмес сүйлөй баштадык. Андан көрөкчө көчөлөргө номур койсок аталарыбыздын арбагы нааразы болбой, ар мүнөт сайын бурмаланып айтылбай тынч жатмак окшойт. Азыркыга караганда мамлекеттик тил экинчи даражада калган совет мезгилинде «Куйбышев атындагы колхоз, В.И.Ленин атындагы орто мектеп» деп туура айтылчу эле. Маршруткалардын, автобус-троллейбустардын айдоочуларына аялдамалардын атын туура, таза кыргызча айтуу боюнча семинар өткөрүп, милдеттендирсек жакшы болор эле. Анткени, мына ушул унаалар аялдамаларды атоодо жаштар үчүн сөздүк болуп кызмат кылууда. Акыркы жылдардагы Троллейбус

башкармалыгы троллейбустарда аялдамаларды туура, так айтканды жаздырып коюп, кыргызча-орусча жарыялап турганы жакшы саамалык болду. Муну баардык коомдук унааларга жайылтса тилди өнүктүрүүгө кошкон эң сонун салым болор эле.

Ушундай эле тартипте кафе-ресторандардын аталыштары да эки сөзү тең чоң тамга менен, андан дагы чет тилде жазылган. Биздин өлкөдө, өзгөчө борбор шаарда эмне себептен кыргызча жаза албайбыз?

Аталышы жок эле Авиакассасы, дүкөнү, кафеси деген сөздөр да көп. Натыйжада айрым жаштар сөздүн уңгусу Кафеси экен деп ойлоп, Кафесине барбайлыбы? – деп айткандарын угуп калабыз. Жаш Гвардия бульварында Обуви деген Бут кийимдер деп жазылып турса, Жарнамада сунет той деп турат. Москва көчөсү менен Эркиндик бульварынын кесилишинде «Жакында сиздер көптөп күткөн ачылыш» деген жазуу бар. Совет көчөсүнүн башында «Даамду эмерек» деп жазылып турат. Кыязы, диванды же стулду жеп көргөн бирөө жазса керек.

Көчөдөгү көрнөктөрдү көргөндө Россия, Англия, Түркия, Кытай, Корея ж.б. чогулуп туруп бөлүп алган бир аралаш төкмө провинцияга айланып баратабызбы деп ойлойсуң. Кээ бир чоң-чоң имараттардын бетиндеги жазууларды жогорку билимдүү болуп туруп окуй албайм, албетте жаштар окуй алса керек. Бул менин билимим эч нерсеге жарабай калганын билдиреби!?

Сырттан келген кишиге биринчи эле көрнөк башка тилде жазылып турса, «Сиз Кыргызстандасыз» деп айтуудан да уяласыз. Анткени мамлекеттик тил мамлекеттик эмес тилдердин тепсендисинде калды. Көчөдөгү көрнөктөр, аталыштар башка тилде абдан кооздолуп жазылган.

Көчөдөгү көрнөк-жарнамалар мамлекеттин улуттук тилинде гана жазылышы керек. Ошондо гана башка жактан келген адам кайсы мамлекетке келгенин түшүнөт.

Айымбы же бийкечпи?

Адам жашына жараша эркектер бала, өспүрүм, улан, жигит, киши, аксакал, карыя, чал, абышка; аялзатына карата – кыз, секелек, бийкеч, селки, келин, аял, кемпир, байбиче ж.б.у.с. атала берет. Ошондой болсо да булардын ичинен айрыкча адам улгая баштаганда коомдогу ордуна, акыл-парасатына, мартабасына жараша аксакал, карыя, байбиче деген сөздөр наам катары элдик адамдарга, жакшы сапаты, маданияттуулугу менен жаштарга өрнөк болгон дөөлөттүү адамдарга карата колдонулат. Ал эми мүнөзү жаман, чукчуңдаган чыр, мулжуңдаган урушчаак, же карыса да каада билбеген өтө эле момун кишилерди, бирөөнүн күпүрүн сүйлөп, ушак айткандарды тек гана чал, абышка, кемпир деп коюшат. Ошондуктан жаман чал болбой, аксакал аталышка аракет кылышат.

Ал эми мөлтүрөгөн жапжаш келиндерди «боюнда бар аял, балалуу аял», - деген сөздөрдү укканда өзүмчө эле кыжалаттана берем. «Алдагы боюнда бар аялга орун берсеңер боло», - дейт коомдук унаада. Өңгөнү билбейм жыйырмалардагы жаш келинди аял дегендери мага өөн эле угулат. Менимче илгери 45-50 жаштан өйдө аял деп аташкан. Ал эми төрөп-түшүп турган курактагы аялзаты келин делет. Кийинки кезде «Урматтуу айымдар жана мырзалар!» – деп мектеп окуучуларына, студенттерге кайрылган учурлар да көбөйдү. Бул сөз менимче ушул курактагыларга туура келбейт. Ооба, айым деген сөз аялзатына карата айтылат. Бирок, кыздарыбызга, келиндерибизге карата **селки, бийкеч** деген эң сонун сөздөр турса, эмнеге эле ал сөздөрдү чанабыз? Эмне үчүн ала кушту атынан атабайбыз? Айымдар деп эмне үчүн кыздарыбызды эрте эле аялга айландырабыз? Анан дагы «мырза» деген сөз бардык эле адамдарга туура келбейт. Бул адамдардын касталык бөлүнүшүндө колдонулуучу сөз. Деги эле кыргызда адамдарга кайрылууда колдонулуучу эң сонун аталыштар бар. Алар «жи-

гит, улан, аксакал, карыя, байбиче, аба, байке, аке, үкө, энеке, эже, жеңе, апче, кызым, карындаш, уулум, балам, майда балдар-кыздарга карата чоң жигит, чоң кыз ж.б.». Муну бизге караганда улуттун уңгу сөзүн туура баамдаган орус эли бизге кайрылууда «байке, эже» деп, өздөрүнүн сөз байлыктарына киргизип алышты. Мектеп окуучуларына карата «Урматтуу уландар жана бийкечтер!» – десек алардын жашына карата жагымдуу болбойбу!?

Ушул сыяктуу сөздөр «женщина, мужчина, молодой человек» деген орусча сөздөрдүн котормосу, орус тилинин таасири.

Көп маанилүү сөздөр (котормодогу кызыктар)

Университеттин даярдоо курсуна математикадан сабак өтүп жүргөндө бир жолу бир маселени чыгара албай калдык. Маселеде «балдын тыгыздыгы» деген сөз бар экен. Аргасыздан маселени чыгарууну токтотуп, маселени эмдиги сабакта чыгарып берүүгө убада берип, кийинки маселеге өттүк. Маселе мектептин окуу китебинде болучу. Үйгө келгенде баягы маселени китептен карасам (үйдө китептин орусчасы да, кыргызчасы да бар экен) сөз балдын тыгыздыгы эмес, жездин тыгыздыгы жөнүндө болуп жатыптыр. Китептин котормочусу «мед» дегенди «мёд» деп түшүнүп, «бал» деп которуп салыптыр. Ошентип котормочунун калпыстыгынан бир саатта чыгара албаган маселе, көз ирмемде чыгарылды. Ушул сыяктуу котормолор ченемдик укуктук актыларда өтө эле көп жолугат. Алсак «Настоящее Положение определяет правовые положение государственных преприятий» деген сүйлөм «Ушул Жобо мамлекеттик ишканалардын укуктук жобосун аныктайт» деп которулган. Бул жерде жобосун эмес абалын аныктайт деп алыш керек эле. «Размер страховой премии рассчитываются страховщиками как произведение базовой страховой премии и коэффициентов страховых тарифов – Камсыздандыруу сый

акыларынын өлчөмү камсыздандыруу сый акыларынын базалык чыгармасы жана камсыздандыруу тарифтеринин коэффициенти катары белгиленет» деп которулган. Сүйлөм начар которулганы аз келгенсип «произведение» деген сөз «көбөйтүндү» эмес, «чыгарма» деп теңирден тескери маанисин алынган. Ал эми «в решении вопросов Государственного агентства молодежи, физической культуры и спорта» деген сүйлөмдүн котормосу «дене тарбия жана спорт боюнча жаштардын суроолорун чечүүдөгү» деп которулган. Мында «молодежи» деген сөз Агенттиктин атына тиешелүү эмес эле катардагы сөз катары кабыл алынып тескери которулган, вопросы – суроолор болуп калган. Ошондой эле «технические культуры» деген түшүнүк «техникалык маданияттар», «денежные знаки разного достоинства» деген сөздөр «ар кандай кадырдагы жана түрдөгү акча белгиси» деп, «иностранные государства» деген «чет элдик мамлекет», «В разрезе регионов» – региондук тилкеден алганда» (региондордун кесилишинде дегендер да бар) (региондор боюнча же региондорго карата деш керек), «Список сокращений – Кыскартылган тизме», «Кратность перемещения лица с товаром – Товардын наркы менен адамдын жылышынын кыскача болушу» (бул эмне деп дөөрүгөндүк), «ответственное лицо – жоопкерчиликтүү адам», исчисляется – эсептелинет» «ключевые положения – ачкычтуу жоболор» деп которулуп калган учурлар да бар. Котормодо мындай кызыктар өтө эле көп.

Кээ бир терминдерди сөзсүз которуу, же айрымдарын которбой калтыруу зарылдыгы

Мен ар бир сөздү которуп кереги жок, сүйлөмдүн маанисин бузулбай түшүнүктүү болсо болду да деген пикирге кошулам. Бирок, кээде илимде, ошондой эле ченемдик документтерде бир терминдин түрлөрү саналып, ар биринин өзгөчөлүгүн чечмелеген учурлар да жолугат. Мын-

дай учурда ар бирине өзүнчө аталыш табууга туура келет. Алсак андай сөздөргө маалыматтын түрлөрү «информация, сведения, данные», аймактын түрлөрү «территория, регион, зона, участок, округ, край, долина, котлавина», кызматкердин түрлөрү «персонал, служащий, сотрудник, работник, рабочий», күбөлүктүн түрлөрү «удостоверение, свидетельство, сертификат, лицензия, разрешение, допуск, пропуск», буйруктун түрлөрү «приказ, распоряжение, предписание», тизменин түрлөрү «список, перечень, номенклатура, расписание, реестр, опись, ведомость, каталог, график», көрсөткүчтүн түрлөрү «указатель, показатель», чыгымдын түрлөрү «расход, затраты, убытки, потери, ущерб, издержка, урон», жыйналыштын түрлөрү «заседание, собрание, совещание, сбор, сход», бир жакка баруунун түрлөрү «командировка, визит, рабочая поездка» ж.б. ушундай көптөгөн терминдер бар. Булардын айрымдарын которбой эле калтырып, айрымдарына маанисин ачып берген термин табууга туура келет.

Ал эми кээде кабатталып айтылган түшүнүктөр да бар. Мисалы, «О лицензионно-разрешительной системе в Кыргызской Республике» деген Мыйзам 2013-жылы кабыл алынган. Ал «Кыргыз Республикасындагы лицензиялык-уруксат берүү тутуму жөнүндө» деп алынган. Терминком лицензияны – уруксаттама деп кабыл алган. Бирок бул мыйзамда «уруксаттама-уруксат берүү» деп алууга эч мүмкүн эмес, ошондуктан »лицензиялык-уруксат берүү» делгени туура деп эсептейм. Ченемдик укуктук документтерде «Продолжается работа по улучшению бизнес климата через совершенствование лицензионно-разрешительной системы и контрольно-надзорной деятельности государственных органов» же «наделен контрольно-надзорные функции» деген сүйлөмдөр көп жолугат. Бул жерде да ушундай, ал эми «контрольнону» контролдук деп эле алыш керек.

Өздөштүрүлгөн сөздөр

Дүйнөдө өзү менен эле өзү болуп, башка тилдин бир да сөзүн кабыл албаган бир да тил жок. Мисалы, баатыр, богатырь, бахадур, батор; ата, отец; эне, ана, ене; калла, голова; там, дом ж.б. ушул сыяктуу көп сөздөр бири-биринен өздөштүрүлгөн түбү бир эле сөздөр экени көрүнүп турат. Ар бир тил башка тилден өздөштүрүлгөн сөздөр менен байыйт. Аны тил илиминдеги үндөштүк мыйзамына жараша ыңгайлаштырып киргизип алат. Алсак араб тилинен алынган – мактап – мектеп, хукмат – өкмөт, мулла – молдо, китаб – китеб ж.б., иран тилинен – чумчук – чымчык, ароба – араба, булгори – булгаары, хаба – аба ж.б., орус тилинен – кровать – керебет, галош – көлөч, самовар – самоор, француз тилинен – монпасье – момпосуй ж.б. сөздөрдү өз сөзүбүз катары эле колдонуп жүрөбүз. Ал эми орус эли биздин эле бүркүттү – беркут, кароолду – караул, кымызды – кумыс, арыкты – арык, коргонду – курган, караташты – карандаш, кызыл жарды – корасноярск ж.б. сөздөрдү өз сөздөрү катары өздөштүрүп алышкан. Демек термин, сөз кыргыз тилинин эрежелерине ылайык жазылышы керек.

Таңууланган сөздөр

Сырттан таңууланып киргизилген сөздөр кээде бузуучу касиетке ээ болууда. Мисалы, «Лица с ограниченными возможностями здоровья» деген сөз орус тилине таңууланып киргизилди, биз муну «Ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адам» деп которуп алдык Котормо туура. Бирок «инвалид», «майып» деген эң сонун сөздөр турса, жогорку чубалжыган сөздү пайдалануунун кереги бар беле.

Калька сөздөр

Кээде башка тилден калькаланып көчүрүлгөн жасалма сөздөр кадимкидей сиңип кетсе, кээде койдон бөлүнгөн жат эчкидей өзүнчө эле оркоюп туруп алат. Мисалы, «Саламатсызбы» деген сөз орустун «здавствуйте» деген сөзүнүн көчүрмөсү. Ошондой эле Түнүңүздөр бейпил болсун, Тамагыңар таттуу болсун, Кутман таң, кийин пайда болгон коюм (ставканын котормосу), отурум (заседаниенин котормосу) деген сөздөр ушундай сөздөрдөн. «Маселе ачык бойдон калууда», «Кызматкерлер иш алып барышууда» деген сөздөр иш кагаздарыбыздан эчак эле орун алган. «Мен ойлойм» деген сөздү модага айландырып алдык. Ал «Я думаю» баштаган орусча сүйлөм түзүүдөгү каражатты, ошол бойдон таптак которуп алдык. Интернет, соцбаракчаларда ушундай калька котормолор, ката сөздөр жайнайт. 2016-жылы кыргыз тили дүйнөлүк Гугл котормо (Google Transate) кызматына кошулган. Ага адегенде мамлекеттик тилден 1 млн 300 миң сүйлөм киргизилсе, азыркы тапта сүйлөмдөрдүн саны көбөйүп, котормонун сапаты жакшырууда. Ошондой болсо да азырынча бул совет мезгилиндеги «подстрочный переводдун» гана деңгээлинде болууда.

Ал эми гезиттер менен радиодон котормодой болгон сөздөрдү өтө эле көп жолуктурабыз. Сөздү сүйлөгөндө, жазганда кыргызча ойлонбостон, орусча ойлонуп, котормо текст менен иштеп жаткандай мамиле жасаганыбыз таңкалыштуу. Мисалы, гезиттен төмөнкүдөй сөздөрдү окуйбуз: Азыр бул аял ооруканада өзүнө келип жатат (кыязы айыгып келатат, жакшы болуп калды дегени го), Суу баскан 17 га жерге ээбис (бул орусча поливной, аны *сугат жер* деп эле айтат), Малдын бруцеллоз, шарп оорулары (малдын оорусун *ылаң*, өсүмдүктүкүн *илдет* деп айтаары баарыга белгилүү), радиодон 35 майып балдар окушат, Фондовой биржалар крахка учурашы мүмкүн, Ушул иштин үстүндө

иштеп жатам (ал түгүл адамдын атын да айтышат) деген сөздөрдү айтышат. Биринчисинде баланын саны айтылгандан кийин *бала*, экинчисинде *туштөн кийин* деп эле айтыш керек эмеспи. Жарнамада Музыкага чөмүл деп жазылып турат. Ушундай да сөз болобу? *Музыкага эрги* дегени го. Мында маанисин ачып, так бере албаганы аз келгенсип, грамматикалык ката да көңүлүңдү иренжитип, өзүнө тартмак түгүл, кайра түртөт.

Ал эми чайдын кутуларына, бөтөлкө беттерине жазылган кыргызча сөздөрдү окусаңыз ыйлагыңыз келет. «Beta Group» компаниясы дуйнөгө атактуу Индия өрөнүндө өскөн «Champion Assam CTC» чайын жан сергитоор даамыны жана жыпар жытыны арзуу этип, сиздерге Ыракаттануу менен ичиңиздер деп тартуулаган чайдын кутусундагы: 3. Чайдоостун 3/1 көлөмүнө жаны кайнаган суу куйуңуз. (мында 3/1 деген да туура эмес, бул 3 деген эле сөз, чындыгы 1/3 болуш керек). 4. Чайдын даамына жана түсүнө келгенче 5 минут куте туруңуз деген сөздөрдүн кайсыл тилде экенине түшүнбөйсүз, аны тек гана кыргыз тилин шылдыңдоо деп түшүнсөк туура болот го. Ошондой эле Жоопкерчилиги чектелген коому «Шампанвинкомбинат» Полусухое жарты кургак Советское Шампанскоенин бетиндеги жазуусун окусаңыз аргасыздан күлөсүз. Эми мындай ката жазуулар ар бир этикеткадан жолугат. Алар оңолгуча ошол этикеткалардын тили менен айтканда канча минут (жыл) куте турарыбызды ким билет!? (Мен жогоруда негизинен грамматикалык каталардын гана алдын сыздым, калган маанилерин өзүңүздөр талдап көрүңүздөр).

Башкаруу чөйрөсүндө кээде «Ушул буйруктун аткарылышын көзөмөлдөөнү өзүмө калтырам» деп туруп жетекчи кол коёт. Муну «Ушул буйруктун аткарылышын өзүм контролдойм» десе туура болор эле.

Уңгусу белгисиз сөздөр

Азыркы кезде уңгусу, башкача айтканда төркүнү белгисиз жасалма сөздөр көбөйдү. Мисалы, күндарек, күндеми, жумакайрык, жумасереп ж.б. Булар кош сөз, кошмок сөз экени белгисиз. Тек гана эки сөздөн туруп, бир маанини билдирген сөздөр.

лүү, лүк мүчөлөрү жөнүндө

«Эгемен дегендин өзү эле эркин дегенди түшүндүрүп турса да, болбостон эле эмне үчүн «эгемендүүлүк» деп пайдаланабыз? «Эгемен» менен «эгемендүү» дегендин айырмасы чоң, «суу» менен «суулуу» дегендей сөз. «Суулуу» деген бул суу эмес, бирок суусу бар дегенди билдирет, демек «эгемендүү» деген толук эркин эмес, бирок кайсы бир деңгээлде эгемендиги бар дегенди түшүндүрөт, - дейт окумуштуу, Кыргыз билим берүү академиясынын мурунку президенти Алмазбек Токтомаметов («Тил жана маданият» гезити, 26-июнь, 2020). Окумуштуунун сөзүнө мен толук кошулам. Мындай сөздөр бизде өтө эле көп. «Акылмандык» дегендин ордуна «акылмандуулук», «адилеттик» дебей «адилеттүүлүк», «жооптуу» дегенди «жоопкерчиликтүү» деп чубалжытып, татаалдаштырып жаза берген бизде өнөкөткө айланган. Ушундай проблема лык, дык мүчөсүн улоодо да байма-бай кездешет. Ыгы келсе, келбесе деле -лык, -дык деген жалгама мүчөлөрдү улай бергенибиз кандай гана чала сабаттык.

Сан атооч жана ...лар мүчөсү

Орус тилинде сан атоочто көптүк сан колдонула берет. Мисалы, «В классе 20 учеников». Муну «Класста 20 окуучулар бар» деп айтсак туура болбойт. «Класста 20 окуучу бар» деш керек. Кыргыз тилинде сан айтылгандан кийин эч качан көптүк мүчө уланбайт.

Ушул сыяктуу эле гүл саткан жердин баарында ГҮЛДӨР деген жазуу бакыйып жазылып турат. Сөздө ката жок, бирок кыргыз эч качан «Асан Айгүлгө гүлдөрдү берди» деп айтпайт. Гүлдүн саны көп, ар кандай түрлөрү аралаш болсо деле Асан Айгүлдү гүл берип куттуктады деп айтат. Туулган күнгө гүлдөрдү белек кылдым, же 8-мартта кыздарга гүлдөрдү тартууладым деп айткан кишини уга элекмин. Санына карабастан - класста 25 окуучу окуйт, айылда 700 киши жашайт, короодо 15 коюм бар, китеп дүкөн, китепкана, уйкана, койкана дейт. Цифра жазылгандан кийин эч качан көптүк санда айтылбайт.

Кыргыз тилинде род жок

Орус тилинде мужской, женский, средний роддор бар. Ошондуктан орустар «Мать-земля» дешет. Биздин «Жер эне» дегенибиз туура эмес. Кыргыздар Ата Мекен, Ата Журт дешкен.

Сары, кара деген сөздөр жөнүндө

Чүй өрөөнүн илгертеден эле эл Сары Өзөн дешет. Бул сары – парсы тилиндеги көп дегенден келип чыкканын айтышат. Демек Сары өзөн – көп өзөндүү жер. Сарсанаа – көп санаа, Сары камыш – көп камыштуу жер, Сары-Булак – көп булак чыккан жер. Ал эми Кара-Суу – чоң суу.

Кыскартылган сөздөргө мүчө улоо

Кыскартылган сөздөрдү жазууда да баш-аламандык көп. Бирибиз ПРООН, аны бирибиз БУУӨП, кээде СПИД, кээде ЖИТС, бирде ВИЧ, бирде АИВ деп жаза беребиз. Эреже боюнча кыскартылган сөздөргө кыскартылганы боюнча мүчө уланышы керек. Мисалы, Кыргыз Республикасында деген кыскартылганда КРде деп жазылышы керек, муну кээде КРнда деп туура эмес жазышат.

Редактордун зарылдыгы

Азыркы мезгилде китеп, гезит-журнал, радио-теледеги жаңылыктар редакцияланбай автордун, журналисттин, котормочунун колунан чыккан боюнча гана жарыяланып жаткандыктан алешемдиктер өтө эле көп. Алсак ченемдик документтерде «Пиджакты жана шымды (юбканы) сатып алуу иштеп жаткан кызматкерлердин өздөрү тарабынан дипломатиялык кызмат органдарынын атайын эсебиндеги каражаттардын эсебинен ишке ашырылат» деген сүйлөм бар. Сүйлөмдү түшүнсө болот. Бирок кичине редакциялап жок дегенде «Пиджакты жана шымды (юбканы) ~~сатып алуу~~ иштеп жаткан кызматкер~~лердин өздөрү тарабынан~~ дипломатиялык кызмат органдарынын атайын эсебиндеги каражаттардын эсебинен ~~ишке ашырылат~~ сатып алышат» десе кыскараак да, тагыраак да болмок. Ал эми «Воздушные суды, не выполнявшие полеты в течение последних 2-х лет из-за отсутствия летной годности» деген сүйлөм «Учууга жарактуулугу жоктугуна байланыштуу акыркы 2 жыл ичинде учууларды аткарбаган аба кемелери» деп которулган. Муну эгерде редактор болсо «Учууга жарак~~туулугу жоктугуна~~сыздыгына байланыштуу акыркы 2 жыл ~~ичинде учууларды аткарбаган~~да учпай турган аба кемелери» деп ондоп коймок. Ошондой эле «облитерирующее заболевание артерий нижних конечностей – ылдыйкы аяктардын артериясынын облитериялык оорусу» делген. Ылдыйкы, жогорку аяк да болмок беле, бул «буттун артериясынын ичкериши» деген эле сөз. «Переломы трубчатых костей – түтүктүү сөөктөрдүн сынышы». Кыргыз түтүктүү сөөк деп качан айтчу эле, муну «Жиликтин сынышы» деп эле алыш керек болчу.

Журналисттер сабаттуу сүйлөшсө

Айрым тележурналисттердин, гезит журналисттеринин тили бузулууда. Орусчадан алган маалыматты сөзмө сөз, шашылыш которуу менен келегей чыккан тантык сүйлөмдөр көбөйүүдө. Адабий тил бузулуп, өгөйлөнүүдө. Кыргыздын не бир ширин сөздөрү бузулуп, архаизмге айлануууда. Бул улуттук трагедия.

«Коомубузда азыркы жаштардын арасында колдонулган сабатсыз, келегей тил эртең нормага айланып, бурмаланган тил нагыз кыргыз тили экен деп кабыл алган бүтүндөй бир муундун пайда болуу коркунучу жаралууда», - дейт «Кыргызтест» мамлекеттик мекемесинин директору Батма Топоева-Ставинская («Тил жана маданият» гезити, 1-март, 2019-ж.). Чынында эле азыр теле, радиодо, гезиттерде, ал түгүл китептерде кыргызча айтылып аткандай сезилген, бирок кыргызча эмес сабатсыз, келегей сөздөр өтө эле көбөйүп баратканы тынчсыздандырбай койбойт. Сөзүм кургак болбос үчүн мисал келтирейин. Алган мисалдарым теледе сүйлөнгөн, Интернетке, гезитке жазылган, ар башка макаладан алынган сөздөр. Булардын ар бирине алынган булагын көрсөтүү кажети жок деп эсептейм, анткени мындай сөздөр кийинки мезгилде кадам сайын жолуга баштады. Анда ал сөздөргө назар салыңыз:

«Накия апа куттуктоолорду кабыл алууда. Жаш акушер биринчи ирет төрөт кабыл алып жатат. Баасы да кол жетимдүү. Иш алып барышууда. А.Махмудов Ош облусунун Араван районуна караштуу Жданов айылында 1999-жылы 15-апрелде жарык көргөн. Кырсык болгон жерде милиция кызматкерлери иш алып барышты. Ушул айылда кылмыштуулук катталбаптыр. Кийинки каттамдардын багыттары өзгөртүлдү: (Бул жерде следующий деген сөз которулуптур). Ар бирибизге жеткиликтүү кийим. Кыргызстанда майыптуулугу бар 29 миң бала жашайт. Жабыркаган аялдын абалы туруктуу. Болгону борттехниктин

абалы оор, дарыгердин тили менен айтканда абалы оор, бирок туруктуу. Балдардын абалы туруктуу оор. Ишке чыкпагандар унаада укук коргоо органынын кызматкерлери отурганын көрүшсө өзүлөрүн башкача алып жүрүшү мүмкүн. Бишкекте жүргүнчүлөрдү ташуу менен иш алпарган 41 фирма бар. Урматтуу телекөрөрмандар! Сиздер менен акушер-гинеколог Баланчаева болуп өттү (акушер-гинекологдун фамилиясын жакшы укпай калыпмын). Жазмакер болушуң да ушунча кыйноо, татаал экендигин эми караманча түшүндүм. Төлөмдөрдү өз учурунда жүргүзбөгөн керектөөчүлөрдүн жарыгы өчүрүлөт. Самолет бортунда төрөт кабыл алган учурлар да болот. Президент жергиликтүү кеңешти таратууну жүзөгө ашырат. Акыркы сапарга узатуу зыйнаты орун алды. Нарын шаарындагы тургундар үчүн болотнайдан бет кап өндүрүлдү».

Жогоруда айтылгандай бул сүйлөмдөрдүн ар бири ар башка булактардан алынды. Текст ичинде макаланын мазмунуна жараша бир нерсени түшүнүүгө болот, бирок тил бузулуп жатканы жанды кейитет. Мында «Баасы да кол жетимдүү» дегенди «Баасы да арзан», «Төлөмдөрдү өз учурунда жүргүзбөгөн керектөөчүлөрдүн жарыгы өчүрүлөт» дегенди «Өз учурунда төлөбөгөн керектөөчүлөрдүн жарыгы өчүрүлөт» деп жазса, так да, кыска да, түшүнүктүү да болбойбу. Ал эми «Ар бирибизге жеткиликтүү кийим», «Балдардын абалы туруктуу оор» дегенден эмнени түшүнүүгө болот? «...караманча түшүндүм» деген сөздү окуган адам, китепти окубай эле ошол жерден токтотот. Ушинтип жогорку ар бир сүйлөмдү тереңдетип талдап чыксак болоор эле. Бирок мындай сүйлөмдөр азыркы мезгилде жыш жолуга баштагандыктан анын кажети деле жок деп эсептейм. Андан көрөкчө тилдин тазалыгын, нукуралыгын сактоо боюнча башка чара көрүү керек. Ал бүгүнкү күндүн биринчи кезектеги маселеси.

Тилди котормо менен өнүктүрөбүзбү же өлтүрөбүзбү? Айрым гезиттердин, радио, телекөрсөтүүлөрдүн кабарчы-

лары, журналисттер макалаларын орус тилиндеги булактардан шашылыш которуп, болгондо да келегей тил менен которуп окурмандарга тартуулап келишет. Натыйжада айрым терминдер, түшүнүктөр элдин аң-сезиминде туура эмес калыптанууда. Мына ушунун бири стабилизация, стабилизовались, стабилизировались деген сөз. Муну туруктуу, турукташты деп которуп жүрүшөт. Кийинки мезгилде гезитте, радиодо, теледе, соц. тармактарда «абал туруктуу» деген сөз жайнап кетти. Мисалы: «Чек арадагы абал туруктуу», «Кыргызстанда эпидемиологиялык абал туруктуу», ооруган же кырсыкка учураган адам жөнүндө «... жандандыруу бөлүмүндө жатат, абалы туруктуу» ж.б. Мындай сөздөр кадам сайын учурачу болду. Муну кантип түшүнөбүз: чек арада эки тарап тирешкен боюнча турушабы?, ооруган адам бир калыпта эле комада жатабы? – деп ушул сыяктуу жоромолдосо болот. Бирок тексттен эптеп боолголоп, иш жакшы жагында экенин баамдайбыз. Кыргыз муну абал оңолду, тартипсиздер тыйылды, абал жакшы, же абал жаман, оорукандагы адам жакшы болуп калды, оңолуп келатат, көзүн ачты, төшөктөн турду ж.б. кыргыз сөздөрү менен айтчу эмес беле. Биз болсо азыр кыргызча айтпай эле, орусчадан эптеп түздөн-түз которуп койгон «туруктуу» киргиздерде айланып баратабыз. Мен бир эле сөздү мисалга тарттым, айланайын журналисттер кыргыз сөздөрүн даңазаланган кесиптин өкүлдөрү болуп туруп, өзүбүз туура сүйлөйлүчү.

Орус тилинин эрежесин көбүрөөк колдонуудабыз. Мисалы, «Үч мектептер курулду», «макулдашышты» деген сөздөр тамтаңдаган сөздөр эмеспи.

Муну журналисттердин өздөрү деле билет. Белгилүү тележурналист Гүлмира Үмөталиева бул жөнүндө мындай дейт: «... спорт журналистикасындагы кеп маданияты мени абдан ойлондурат. Жаш кесиптештерим тил байцлыгын байытып, көөнө сөздөрдү азыркы заманга ылайыкташтырып, тилин оңдосо дейм. Тескерисинче, кээ бир нормалар

сакталбай, тележурналисттер дагы тантык тил менен эфирге чыгып жатканы өкүндүрөт. Биз элдин табитин өлтүрүп жаткан жокпузбу (?) деп чочуп кетем. Балдарыбыздын кеп маданияты жылдан жылга төмөндөп жатканы байкалууда. («Азия news» гезити, 27-октябрь, 2022-жыл).

Азыркы мезгилде жогорку билими бар сабатсыздар көбөйдү.

Орусча ойлонуп, киргизче жазуудабыз

Совет мезгилинде көркөм чыгармалар гана кыргыз тилинде болбосо, калган бардык иштер орус тилинде гана жүргүзүлгөн. 1989-жылы кыргыз тили мамлекеттик тил статусуна ээ болуп, андан кийин элибиз эгемендикке жеткенине отуз жылдан ашканына карабастан, биз дагы деле ошол инерция менен келе жатабыз. Көркөм чыгармадан башка кандай гана эмгек жазбайлы, расмий документ болобу, илимий эмгек болобу, адегенде орус тилинде даярдап, андан кийин гана кыргызчага которуудабыз. Которгондо да, орусчасын өтө шашпай ийине жеткире даярдап, кыргызчасына келгенде ит куугандай шашылыш бүтүрүүгө аргасыз болобуз. Анткени ишти аяктоонун мөөнөтү бүтүп баратканда гана которгонго беришет.

Кыргыз тилинин өнүгүшүнө кыргыз интеллигенциясы кызыгдар эмес. Ириде ошолор кызыгдар болушу керек эле. Айрымдары саясат үчүн гана тамтаңдап сүйлөмүш этип, орусча жазган илимий эмгегин котортуп, мен кыргызча китеп чыгарып атам дешет. Ал эми ошол автор иштеген тармак боюнча адис эмес, үстүртөн гана тааныш котормочу эптеп эле которуп коёру бештен белгилүү эмеспи. Ошентип орусча жакшы эле даярдаган эмгегинин ойрону чыгып, окурмандарына баркы кетип, кыргыз тилине доо кетип атканы менен эч кимдин иши жок. Орусча ойлонуунун кесепетинен «Птичий грип» деген сөздү «Куш тумоосу» деп атадык. Кыска, айтылганга жеңил экен. Бирок, туура

түшүнүп турганыбыз менен сөздүн түпкү маанисин таптакыр эле бузуп сабадыкпы. Анткени, мындай оору менен тоок гана ооруйт экен, ал эми куш деп асмандап учкан канаттууну, андан дагы алгырларын гана айтчу эмес белек. Экинчиден тумоо деген сөз качан канаттууларга карата айтылчу эле, бул адамга тиешелүү сөз эмеспи. Деги эле ата-бабаларыбыз ооруну билдирген сөздү адамга карата - оору, дарт, сыркоо, тумоо, кесел, ноокас ж.б. десе, башка жан-жаныбарларга, малга карата - ылаң, өсүмдүккө карата - илдет деп айтып келишпеди беле. «Загрузка единицы» дегенди «бирдик жүктөө» деп алып жүрөбүз. Аны «бирдик салуу» десек кыргызчага жакындашмак. Ушундай орусча ойлонуп, киргизче жазылган, айтылган атоолорду гезит-журналдардан, радио-теледен кадам сайын жолуктурабыз. Ал эми чогулуштарда, окуу жайларында, мектептерде, отуруш-кечелерде айтылган сөздөрдү айтпай эле тек коёлу. Айтор сабатсыз, келегей тил адабий нормага айланып баратат. Кыргыз тили ушундай экен деген бүтүндөй муун түптөлүүдө. Эмне кыргыздар ушунча эле сабатсыз болуп баратабы? Байкасак сабаттуулар көп эле экен, тек гана билимдүүлөр азайып баратыптыр. Көрсө классиканы окуп, заманбап музыка уккан билимдүүлүк деле эмес экен. Андан көрөкчө аз билсең да, саз билген жакшы турбайбы.

Биз үлгү алууга тийишпис

Элинин саны 150 миллиондон ашса да, орус тили коргоого муктаж эмес экенин мыкты түшүнсө да, башка өлкөлөрдө да орус тилинин расмий тил болушуна, өрүшү кеңейе беришине жан далбастап аракет кылып жатышкан орус туугандардан үлгү алып, биз дагы кыргыз тилин ошолордой коргосок кандай гана жакшы болор эле.

Биз жаштардын башка тилге жек көрүү сезимин жаратпай, өз эне тилине болгон сүйүүсүн ойготушубуз керек. Ар бир улут өзү ошол улуттун баласы болуп төрөлүп кал-

ганына сыймыктануу сезими ойгонгондо гана өз эне тилин кадырлай баштайт. Ар-намысы ойгонот. Башка тилдерге болгон кадырлоосу жаралат.

Кыргыз тили кыргызга гана керек

Ырас, кыргыз тили азыр сүйлөнүп, чыгарма жазылып, мектепте окутулуп жаткан жандуу тилдердин катарында. Бирок, тилдин нукура көркөмдүгү начарлап, шашылышта бир окуу менен оодарылган котормо сыяктанган келегей сөздөрдүн көбөйүп баратышы тынчсыздандырат. Эне тилдин тагдырын ойлогонубуз - бул кыргыз элинин улут катары сакталышын ойлогонубуз, кыргыз мамлекетинин келечегин ойлогонубуз, элдин үрп-адатына, салт-санаасына, рухий дөөлөттөрүнө, б.а. маданиятына кам көргөнүбүз. Ошондуктан эне тилибизге болгон сезимибизди ойготолу. Биз өз тилибиз менен гана кыргыз боло алаарыбызды ойлонолу.

Кыргыз тили мамлекеттик статуска ээ болгондон тартып башка элдер атайылап же тилдери келбей атап алышкан жер аттарын кайра калыбына келтирүү менен катар эле, кээ бир туура эле турган аталыштарды да «артык кылабыз деп тыртык кылып» бузуп алдык. Бул кыргыз тилинин ички мыйзам ченемдерин билбегендиктен болду. Мисалы, Майлуу-Суу, Алчалуу ж.б. деп өзгөрттүк. Булардын туура экендиги айныксыз чындык. Бирок, кыргыз эли тилдеги үндөштүк мыйзамынын негизинде мындай жерлерди атайын жасап алышкан аталыштар менен айтышкан. Балыкты (бул Балыкчынын туура аты), Чырпыкты, Сөгөттү, Корумду, Өрүктү, Алчалы, Алмалы, Кайыңды, Дөбөлү, Майлы-Сай, Шамалды-Сай, Талды-Суу ж.б. мына ушундай жерлерден. Болбосо алардын Балыктуу, Чырпыктуу, Алчалуу, Кайыңдуу ж.б. дегенге тилдери келбей калды дейсиңби. Ошондуктан мамлекеттик тилди өнүктүрүү менен катар эле ушундайлардан сак болсок, жерлердин му-

рунку аталыштарын калыбына келтирүүдө илимпоз, адис ж.б. адамдар менен кеңешсек.

Эне тилдин тагдырын ойлогонубуз – бул кыргыз элинин улут катары сакталышын ойлогонубуз, кыргыз мамлекетинин келечегин ойлогонубуз, элдин үрп-адатына, салт-санаасына, рухий дөөлөттөрүнө, б.а. маданиятына кам көргөнүбүз. Ошондуктан эне тилибизге болгон сезимибизди ойготолу. Биз өз тилибиз менен гана кыргыз боло алаарыбызды ойлонолу.

Мекеме, уюм, фирма, мейманкана, дүкөн ж.б. аттарын жазууда биз алгач кайсы мамлекетте жашап жаткандыгыбызды эске алышыбыз керек. Ошондуктан көрнөктөр адегенде чоң тамгалар менен кыргызча жазылып, андан кийин гана башка тилдердеги котормолору кичирээк тамгалар менен жазылууга тийиш. Анткени, көчөдөгү жазуулар ошол мамлекеттин жүзүн көрсөтөт. Бизде азыр алар каалаган тилде жазылууда. Экинчиден биз көрнөктөрдү жазууда алардын сөздүктүк милдетин эстен чыгарбоого тийишпис. Алсак, балдар китептен үйрөнгөнгө караганда нандын хлеб экенин, хлебдин нан экенин «Нан – Хлеб» деген дүкөндөгү, машинеанын бетиндеги жазуудан тез да, таасирдүү да үйрөнүшөт. Ошондуктан көрнөктөрдүн туура жазылышы тил билбегендерге тил үйрөнүүгө көмөк болсо, экинчиден балдардын сөздү туура сүйлөшүнө, расмий аталыштарды так үйрөнүшүнө өбөлгө болот. Андан сырткары дегеле өз алдыбызча мамлекет болгондон кийин коштомосу жок эле таза кыргызча жазсак эң туура болмок. Башка тилдерде жазганыбыз өз кадыр-баркыбызды, беделибизди өзүбүз кемиткенибиз, өскүбүс келбей тарткынчыктаганыбыз. «Өсөр өзүн сыйлайт» деген сөздү эстен чыгарганыбыз.

Экинчиден эне тилин билүүгө зарылдык болуш керек. Мына ушул зарылдыктын жоктугунан кыргыз тили совет мезгилинде айылдагы кемпир-чалдын гана тилине айланып, бүгүнкү күндө чоң атасы менен небереси сүйлөшө албай калган абалга, гезит, радио-теледеги айрым сөздөрүбүз

академиялык тилге айланган абалга жеттик, бул билгенге улуу трагедия. Деги эле адамзатта мындан өткөн трагедия жок. Ушул жерден өзүмдүн бир ырымдан үзүндү келтирейин:

Козу чардап, кокус бака маараса,
Кыргызбайым жака кармап таң калмак.
Кыргыз тилин кыргыз сүйлөй албаса,
Эске келбейт ойлонмок да, арданмак.

Бул жылаңач чындык. Мен болгону ойгонолу, ойлонолу, арыбызга келели дегим гана келет.

Мени таң калтырган адамдар

Кыргыз үй-бүлөсүндө төрөлүп, кыргыз мектепте окуп, кыргыз чөйрөсүндө эле өнүп-өскөн айрымдар, андан кийин жогорку окуу жайында окуп, студент курагынан баштап орус, англис, кытай, япон, араб ж.б. тилдерди үйрөнүп алгандан кийин «мен жогорку окуу жайында орусча окугам, кыргызча жаза албайм» деп эне тилин жерип турганы мени өзгөчө таң калтырат. Башка тилдерди билгени, үйрөнгөнү абдан жакшы, аны кош колдоп колдоо керек, бирок эне тилин чанганы өзүнүн энесин, элин, мамлекетин чанганына тете экенин түшүнбөгөнү эмнеден кабар берет? Бул билимдүү көрүнгөн түркөйлүк эмеспи!?

Андан дагы ашкере билимдүү, мекенчил деп эсептелген эл өкүлдөрү болгон депутаттардын өз эне тилин билбестигин, өзүнүн рухий жардылыгын моюндабай «кыргыз тилинин лексикалык кору жарды болуп атканына байланыштуу, оюмду орусча эле айтайын» дегени жаныңды күйгүзөт. Миллиондогон саптан турган «Манасты», кенже эпосторду жараткан, дүйнөлүк адабият классиктери Д.Лондонду, В.Шекспирди, Л.Н.Толстойду, М.Шолоховду кыргызча сүйлөткөн кыргыз тилин жакыр деп айканга кантип оозуң барат.

Анысы го ал дейли. Эми кыргызча гезиттерди окусаң, радио, теледен жаңылыктарды уксаң баары эле кыргызча

сөздөр, бирок түшүнүш тозок. Кыргызча эле жазылып турат, бирок кыргызча эмес келегей сөздөр. Кыргызча сөздөрдөн куралган тантыраган сөз топтому. Сөздү узартпай мисал келтирейин. «Аварияга туш болгон адам ооруканада өзүнө келе албай жатты» дейт гезитте. Мындан эмнени түшүнөбүз. Радиодон «Бүгүн күндүн экинчи жарымында күн жаашы күтүлөт» дейт. Бул орусчанын эле сөзмө сөз котормосу. Кыргыз качан ушинтип айтчу эле. «Бүгүн түштөн кийин күн жаашы мүмкүн» десе тагыраак да, кыргызча да болбойбу. «Балдарды бутуна тургузуп койдум» дейт конокто отурган адам сыймыктана бакылдап. Мурда анын балдары турбай эле жатчу беле. Бул жерде сөз балдарын үйлөнтүп-жайлантканы, балдары ирденип-тирденип, жакшы кызматка туруп, байып баратканы тууралуу айткысы келсе керек. Ал эми ооруканада «Отделение без табачного дыма», анын алдында «Чылымсыз ышы жок бөлүм» деп жазылып турат. Ушундай да тантырак сөз болобу. Мындан эптеп-септеп гана бул бөлүмдө чылым чегүүгө болбой турганын боолголойбуз. Ал эми айылдан келген улуу курактагы бейтаптар үчүн таптакыр эле түшүнүксүз. «Ал акыркы жолу андан 20-25 күн мурда шарап ичимдигин пайдаланыптыр» дейт врач бир макалада. Макаланы андан ары окусам шарапты пайдаланбай эле ичкен сыяктанат. Эгер пайдаланса буту-колуна сүйкөп, же болбосо денесине компресс жасайт эле да. «Студенттер менен окутуучуларды алмаштыруу боюнча сүйлөштүк» дейт ректор бир макалада. Биз студенттер менен окутуучуларды эмнеге алмашабыз? Же ордуларын алмаштырып, студентти окутуучу, окутуучуну студент кылабызбы!? Мүмкүн бир-эки айга бири бирине жиберишип, тажрыйба алмашуу жөнүндө айтып жатпасын. Айтор түшүнүксүз.

Кыргыз тили өтө бай тил. Академик К.К.Юдахин «кыргыздын тили бай тил, сүйлөмдөр менен сөздөр өздөрү эле ырга окшоп куюлушуп турат, которууга татаал. Мисалы, Токтогулдун: «Күрпөң-күрпөң жүгүртүп, күлүктү минсең

бир кызык. Айдалыңды кубантып, Асылды кийсең бир кызык!» - деген ыр саптарын академик башым менен орусчага которо албай, Кусеин Карасаевди жардамга чакыргамын» - деген сөзүн ал кишини көрүп, таалимин алгандар алиге чейин айтып жүрүшөт. Мына ушундай мыкты тилибизди өз деңгээлинде сактай албагандыгыбыз бул биздин мажирөөлүгүбүз.

Энесинин түпкү тили кыргыз тил экенин түшүнүп, башка тилде сайрап, өз эне тилин билбей калганы үчүн уялуу сезими козголмоюн киргиздерде кыргызча үйрөнүүгө аракет болбойт. Мына ушул «өз эне тилин билбеген уят» деген сөздүн чыныгы маанисиндей жүрөгүнө жетип, өз эне тили жок кыргыз элин элестетип көрүп, коркуу сезими жаралганда гана кыргызда кыргыз болууга болгон күчү менен умтулуу жаралат.

Суу ичкен кудугуңа түкүрбө

Кыргызстанга киргизилип жаткан күндөлүк керектелүүчү азык-түлүк, дары-дармек ж.б. таңгактарына милдеттүү түрдө кыргыз тилинде баяндамалар жазылат. Алардын жакшы жазылгандары да бар, бирок айрымдарындагы жазууларды түшүнүш кыйын. «Бир жолу туз таткан жериңе миң жолу салам бер» демекчи, салам бермек түгүл Кыргызстанда жашап, иштеп, пайда таап жакшылыгын көрүп, анан тилине, дилине келгенде кайдыгер, ал түгүл кемсинтүү менен мамиле жасагандар өтө эле көп. Буга көчөдөгү көрнөк-жарнамалар, Кыргызстандан чыккан товар, тамакаш, ар кандай буюмдардын кагазындагы жазуулар күбө. Алсак:

«Шоро» ЖАКда даярдалган ISSYK – ATA минералдуу дары суусунун кагазында:

«Муздуу тоолордун ичинде магдыраган абалында сакталган тынымсыз аракеттүүлүк аурасы жаратылыш менен кишини турмуш күчү менен азыктандырат» – деп өтө эле

философиялаштырылып, татаалдаштырылган, кыргыз тилин билген киши да түшүнбөгөн Муздуу тоолордун кайнап турган аурасы берилген сөздөрдү майдалыгынан эч ким деле окубаса керек, анан да андагы «Жашоо берген булактын жанында асканын бетинде эмчи Будданын байыркы сүрөтү чегилген. Жаратылыш кубулуштарына сыйынууга негизделген байыркы дин бул жерде миңдеген жылдар бою өкүм сүргөн» деген сөздөр эмне максатта жазылганы түшүнүксүз.

ААК «Келечек» Жалал-Абад шаарында чыгарган Жалал-Абад дарылык-ашкана минерал-суусунун кагазы деле одоно ката жок болгону менен эптеп кыргызча жазды аты кылып, «иттен чыгарып койгону» байкалып турат.

Бул жазылгандар чекеси эле экени бардыгыбызга түшүнүктүү. Эми ушундайларга көз жуумп, жол берип коюп эле олтура беребизби. Кызматтан шыпырылсак митинг, пикетке чыгабыз. Ал эми тилибизден ажырап, ОсОО лордун шылдыңына кабылсак да Ар намысыбыз козголбой отура беребизби. Деги «даярдалган куну пакете көрсөтулген» деген сыяктуу шылдыңга, келекеге чыдоонун да акыры болуш керек го. Жазсаң кыргыз тилин шылдыңдабай туура жаз, болбосо суусун ичип алгандан кийин, ошол кудукка түкүрүп туруп басып кетпе деп качан айтабыз? Жогоркудай тамтаңдап тилди өлтүргөндөргө өздөрү жазгандай «кунун» төлөтүп, очойто айып салууга мезгил жетти.

Кыргызча жазбай эле койбойлубу?

Өндүрүшчүлөрдүн мамлекеттик тилге болгон мамилесин жасап жаткан иштеринен көргөндө: Биз деги кайсыл мамлекетте жашайбыз? Жашап жаткан мамлекеттин мыйзамдарын сактоого, аларды аткарууга аракет кылабызбы? Же пайда көрүүнүн эле камын көрүп, элдин келечегине, тилине кайдыгер мамиле жасайбызбы? Же болбосо атайылап эле тилди бузууга, мамлекеттик тилибизди жакыр тил

катары көрсөтүүгө, аны окуган адамдын көңүлүн калтырууга аракеттер көрүлүп жатабы? – деген сыяктуу көптөгөн баш катырма суроолорго туш болосуң.

Көчөдөгү көрнөк-жарнактар, товарлардын, тамак-аш азыктарынын этикеткаларындагы, оролгон, бөтөлкөлөрдүн бетине чапталган кагаздардагы жазуулар аны пайдаланууучуларга мамлекеттин жүзүн көрсөтөт, жок эле дегенде тил үйрөнүүчүлөр үчүн эң сонун сөздүк катары кызмат кылат. Бирок тилекке каршы чыгарылган жери Кыргызстан экенине карабастан, Кыргызстандын мамлекеттик тилине жасалган мамиле жүрөк оорутат. Айткан сөзүмдү бышыкташ үчүн бир-эки мисал келтирейин.

Балмуздак жана лимонад чыгарган бир комбинат бар экен. Ал чыгарган продукциянын бетине: Производитель: Хладокомбинат **«Умут и К»**, Республика Кыргызстан - деп жазылган. Бул сөздү кыргызча жазса ичиндеги азыктын сапаты кемип калабы? Дүкөндөн керектүү нерсени таза англисче, түркчө, арабча, кытайча жазылганына карабай эле сатып алып, пайдаланып жатабыз го. Андан дагы «Умут и К» деген эмне? «Умут» деген сөз кайсы тилде? Ушул «Умут и К» чыгарган «эскимо сливичное с маком и кунжутом СМАК в карамельной глазури» деген балмуздак бар. Жазуу бүт орусча. Аталган комбинатта кыргызча жаза алган бир да адам жок экен го деп ойлосок, андан ары экинчи бетиндеги маалыматтар орус, киргиз, казак тилдеринде жазылган.

Киргиз тилинде жазылган маалыматта: «24^{0}С минустан ашпаган температурада 6 ай ашырбай сакталсын, 20^{0}С минустан ашпаган температурада 4 ай ашырбай сакталсын» деп киргизче жазганы аз келгенсип, «сакталсын» деп буйрук бергенин кандай түшүнөбүз. Же жебей эле сакташ керекпи? Андан ары «Курамы: **уйдун, сут каймакы, сут майы, кургак майсыз сут,** стабилизатор-эмульгатор, шекер, ванилин, шокалад глазуру, мак, кунжут» деп жазыл-

ган. Бул жерде түшүндүрмө берүү деле ашыкча. Ушинтип кыргыз тилин шылдыңдагандан көрөкчө, жазбай эле тек койсо не болмок!?

Ал эми ушул эле комбинат чыгарган «Дюшес» лимонадындагы жазуулар деле андан кем калбайт. Алсак «100 мл азыктын курамы жана энергетикалык баалуулугу: **углеводы** 5 г, 20 кКал. **Иштеп чыгарган кун бөтөлкөдо жазуу.** O^0тан + 18^0Ска чейинки температурада 6 ай сактоо керек» деген орусча, киргизче, кыргызча аралаш төкмө жазуулар, илимий жактан да ката жазылыштар толтура, айтор жүрөктү айланткан ботко. Орусча айтканда «каша». Дагы бир жеринде **«көмүртөк диоксиди»** деген сөз да жүрөт.

Ал эми «ОсОО «КОМПАНИЯ СЭМ» чыгарган «Буратино» деген лимонаддагы жазуулар деле жогоркудан ашып түшсө ашып түшөт, асти кем калбайт. **«Алкоголсуз ортогаздалган ичимдик»** дегени эмне? Чаңкаганда ичейин десе астында «ичимдик» деп жазылган, «ичимдик» экен десе, үстүндө «Алкоголсуз» деп жазылган. Айтор түшүнүүгө мүмкүн эмес. Кыргыз ичимдик деп ичкиликти, б.а. аракшарапты айтат. Напиток деген суусундук. Андан ары «Көрсөтүлгөн мөөнөтүнө чейин колдонуздар», Калориялуулучу, (Энергетикалык баалуулучу) деген тамтаңдаган сөздөр бар. Муну эч бир түшүндүрмөсү жок эле кыргыз тилин шылдыңдоо деп түшүнсө болот.

Мен бул жерде үч эле мисал келтирдим. Бул бир эле күндөгү кокусунан колума тийгени. Башка жазууларга карата деле ушул сыяктуу пикир айтууга болот.

Мына ушинтип кыргыз тилин шылдыңдап, кыргызчасы да бар деп жасалма түр көрсөткөндөн көрө жазбай эле койбойлубу. Анткени Кыргызстанда иштеген өндүрүшчүлөргө тилдин эмне кереги бар!? Товары өтсө болду да. Эгерде алар Кыргызстанда жашаарын түшүнсө, суу ичкен кудугуна түкүрбөй, «ашыңды ичейин, кадырыңа чычайын» болбой, улуу «Манас» эпосун жараткан кыргыз элинин

тилин кор кылбай, намысы болсо, аң-сезими ойгонуп калыстык кылса башка тилдерди кошпостон таза кыргызча жазат эле го!?

Тил жаатындагы чырылдаган ойлор

* * *

Байыркы тарыхыбызды унуткарууга, өткөн мезгилибизди өчүрүүгө, куур шымын куудуратып алмустактан бери эле тоо-таштын арасында кой кайтарып жүргөн жапайы кыргыз экенибизге, кийин гана илим-билимге жеткенибизге, уңгулуу маданиятыбыздын болбогонуна ишендирүүгө совет мезгилинде тымызын сыйда аракет жасалды. Кыргыз бир мезгилде учу-кыйры мелмилдеген, канаттуу учуп жете албаган империя түзгөнүн кийинки муундун билбей калышына шарт түздү, айрым уңгулуу салт-санааларыбыз бурмаланды. Жаман жагынан чечмеленди. Аракет текке кеткен жок. Өңү кыргыз, тили орус муун өсүп чыкты. Мындай маңкуртташтыруу саясаты азыр деле жүрүп, айрым учурда өз түшүмүн берүүдө.

* * *

Бир тууган болгарлар Кирилл менен Мефодий атайын гректерге барып, кириллица менен глаголицаны көчүрүп келишкен. Айрым өзгөртүүлөр киргизилген. Демек, кириллица болгардыкы да, орустуку да эмес, түбү барып гректерге такалат.

* * *

Кыргыз тили мамлекеттик тил болгону менен бала бакчада, мектепте, бийлик чөйрөсүндө, илимде, жогорку окуу жайларында сүйлөнбөсө мамлекеттик тил болуудан калат. Мамлекеттик тилди үйрөнөм дегендерге шарт түзүп дегеле кереги жок, болгону муктаждык түзүш керек. Кыргызча айт, кыргызча жаз деп талап кылыш керек.Ошондо гана

мамлекеттик тил өнүгүп, өсөт. Мисалы, мен шаарга келип, окууга өткөндө орусча бир да сөз билчү эмесмин. Университетте орус тилин үйрөнүүгө муктаж болдум, анткени сабакты орусча айтпасам мага зачет коймок эмес, экзамендерден 2 алмакмын. Ошентип университеттен кетүүгө туура келмек. Аргасыздан орусчаны үйрөндүм. Окууну бүткөндө ишим орус тилинде болуп, кыргызчаны унутуп бараткан да, Кыргыз энциклопедиясынын редакциясында иштеп калып, кыргызча жазууга аргасыз болдум. Болбосо мен деле кыргызча жаза албай калат белем, ким билет!?

* * *

Айрым китептердин, айрыкча энциклопедиялык, маалымдама китептердин, кээ бир гезит-журналдардын 1-беттерине Редколлегия мүчөлөрү, Редакциялык кеңеш деп кыйла абройлуу адамдардын тизмеси жазылат. Алар өз милдеттерин айрым гана басылмаларда 1-2 чогулуу менен аткарбаса, көпчүлүгү тек гана формалдуу түрдө жазылып коюлат. Бул басма ишинде совет мезгилинен бери уланып келатат. Ушундай жасалмалуулуктун кереги барбы? Андан дагы ошондой тиешеси аз, ушул басылма үчүн иштебеген кишилер алдыңкы бетине бакыйта жазылып, айрым маанилүү иш аткарган кишилер көмүскөдө калганы мени таң калтырат.

* * *

Азыр энциклопедия деген аталышта чыккан китептер көбөйдү, бирок кыргызча энциклопедия чыгаруунун мектеби жоголду. Азыр котормочулар абдан көбөйдү, бирок котормочулардын мектеби жоголду. Азыр журналисттер абдан көбөйдү, бирок кыргыз журналистикасынын мектеби жоктугу абдан өкүндүрөт. Ошондой эле азыр окумуштуулар да көп. 2023-жылдагы маалымат боюнча Кыргызстанда 1179 илим доктору, 5323 илим кандидаты, чет өл-

көлөрдөн жактап келген 200дөй PhD доктору бар, бирок илимий мектеп түзгөн окумуштуулар аз.

* * *

Мен тилчи же адабиятчы эмесмин. Тек гана кыргыз эли океандай чалкыган «Манас» эпосун жараткан эл катары кыргыз деген атын сактап, башка элдерге тең ата сүйлөшкөн, дүйнөдө өз орду бар байыркы элдердин бири катары дүйнөлүк аренада жүрсө экен деген гана тилекте жүргөн адаммын. Анткени тил тилчиге же адабиятчыга эмес, биринчи кезекте элге керектигин, эгерде тил сүйлөнбөй калса ошол тилдин аты менен аталган эл да бара-бара жоголуп кетээрин билем.

СССР тарабаганда тилибиз жоголмок. СССРдин түпкү максаты – СССРдин аймагындагы элдерди орус тилинде сүйлөгөн элге айландыруу болучу. Енисей боюндагы, Алтайдагы ж.б. жерлерде аты калып, тили жоголгон улуттар буга мисал боло алат. Ал мезгилде алыстагы айылдарга чейин орус мектептер ачылып, баардык жердеги жыйналыштар негизинен орус тилинде өтүп, биз Россиянын бир облусундай эле болуп келатканбыз. СССР тарабаганда мен жана менин курагымдагылар, тагыраак айтканда азыркы 50 жаштан жогоркулар акыркы кыргыздардан болуп калмакпыз. Бактыбызга жараша 1989-ж. кыргыз тили мамлекеттик тилге айланып, 1991-жылы өз алдыбызча мамлекет болдук. Бул биздин бактыбыз. Ошондой болсо да азыр деле орус тилинин басымы да, таасири да дагы эле күчтүү.

* * *

Кыргыздар, төбөйлөр (Тува), хакастар, алтайлыктар, кара калпактар, өзбектер, казактар бир тутумдагы эл. Уучу бир. Совет мезгилиндеги ар бир республикага, элге өзүнчө тамга киргизип, жазуу маданиятын түзүүнүн натыйжасында гана арасы алыстап кеткен.

* * *

Ырас азыр иш кагаздар мамлекеттик тилде жүргүзүлө баштады Бул албетте жакшы. Бирок кыргыз тилинин эрежелери эмес, орус орфографиясы колдонулган иш кагаздар көп. «Уурулар өсүп атат» дейт - бул «ууру күчөдү, кылмыштуулук күчөдү» делет. Өсүү жакшы гана нерселерге айтылат. Бутуна тургуча – жетилип алгыча, оңолгуча, ирдengиче. Суу баскан жер – такыр туура эмес. Сугат жер.

Кыргыз тилинин туура эмес сүйлөнүшүнө кандайдыр деңгээлде тележурналисттер олуттуу салым кошууда. Ошондуктан журналисттерди окутуу керек. Окутканда да кыргыз тилинин теориясын эмес, кыргыз тилинде сабаттуу жазууга үйрөтүү керек. Орфографияны үйрөтпөсө, орус тилинин орфографиясын колдонуп калдык. Тил дубляж болууда.

* * *

Эгерде эки тил билип, өзүң кайсынысына көбүрөөк ыктасаң, ошол тил артыктай көрүнө берет. Ал эми эки тилди бирдей билсең, анда эки тилди салыштырууга, биринен бири кем калбасын аныктоого мүмкүнчүлүк түзүлөт. Башка тилдерди канчалык көбүрөөк билсең өз эне тилиң жөнүндө түшүнүгүң ошончолук кеңири болот.

* * *

Кыргыз тили өнүгүп, өссүн дегенге деле толук кошула бербейм, анткени өзүбүздүн эне тил корубузда жакшынакай сөздөр турса, аларды чанып, жасалма сөз жасагандын, ата-бабаларыбыз сүйлөгөн сөздөрдү архаизмге айланткандын, өзүбүз билбесек эле андай сөз жок дегендин ордуна, кыргыз тилин жандуу тил катары сактай алсак эле кыргыз тилин өнүктүргөнүбүз ошол. Бир учурда Карамзин, Пушкин, Ломоновдор орус тилин басып кирген чет сөздөрдөн тазалашкан. Орус тилинин дүйнөлүк деңгээлге көтөрүлүшүнө олуттуу салым кошушкан.

* * *

Кыргыз тилине болгон муктаждык түзүлгөндө гана тил өзүнөн өзү сүйлөнө баштайт. Намыс ойгонмоюн, улуттук аң-сезим ойгонмоюн оңолбойбуз. Өз тилибизди өзүбүз жерип, балдарыбызды кыргыз мектепке бербегенибиз туура эмес. Кыргыз болгонго уялбастан кайра сыймыктанышыбыз керек. Кыргыз караңгы калк деп ойлогонубуз жаңылыштык. Жетекчилер чет өлкөгө барганда сыймыктануу менен кыргызча сүйлөбөй башка тилде сүйлөгөнү кыргыз тилин басмырлагандык. Өткөн жылы КР Президенти Садыр Жапаровдун БУУнун трибунасынан кыргызча сүйлөгөнү кандай гана сыймык болду. Көптөгөн жетекчилердин ар-намысын ойготту.

Совет мезгилинде:

«Социалисттик жарышта,
Катарлаштан калышпа.
Ар-намысың болбосо,
Бара албайсың алыска», - деген ыр бар эле. Чынында эле ар-намыс болбосо катардан калабыз.

* * *

Тилдин табияты жандуу, өсүп-өнүгүүгө муктаж. Ал эми техникалык атоолор өзгөчө мамилени талап кылат. Буларды да түпкүрүндө кыргызча мааниси жатса, кыргызчалатууга неге болбосун. Ал эми кыргыздын канына сиңип кеткендери жөнүндө – башка сөз. Алсак, **библио, тека** деген айкалыштагы сөздөр которулбайт, бирок **библиотека** дегенди кыргыздар эчактан эле **китепкана** деп которуп алышкан.

* * *

«Атоолорду кыргыз тилине которуу мүмкүн эмес» деген жүйө бүгүнкү күндө суу кечпей калды. Себеби кыргыз тилине которулган атоолор иш кагаздарында кеңири

колдонулуп жатат. Мисалы: «берене», «катчы», «тастыктама», «көмөк чордон», «тарам» «тутум», «пайыз», «тайпа», «жөлөкпул», «жаран» ж.б. Бүгүнкү күндө атоолорду кыргыз тилине которуу иши жөнгө салынып, бир багытта аткарылууда. Ушул өңүттөн алганда атоолорду кыргыз тилинин мыйзам ченемдүүлүгүнө ылайыкташтырып которуу учурдун талабы болууда. Албетте, бул жааттагы иштерде бир катар кыйынчылыктар, көйгөйлөр бар. Бирок бул кыйынчылыктарга карабай, өткөн кылымдын деңгээлинде өзгөрбөй бир орунда калып калган түшүнүктөрдөн акырындап арылуу жүрүп жатат.

* * *

Билим берүү системасында иштеп жаткан долбоорлор балдарга билим берүүнүн жаңы усулдарын киргизүү менен өз идеологияларын кошо киргизип жаткандарын, ал түгүл мурда колдонулуп эле жүргөн усулдарга жаңы чапан кийгизип, жаңы өңдөнгөн терминдерди (алар мурда колдонулуп эле жүргөн терминдердин чет тилдеги варианттары) киргизип жаткандарын билишибиз керек.

* * *

Азыркы учурда кыргыз коомчулугунда кыргыз тилин ар тараптуу өнүктүрүү максатында бир катар иштер аткарылууда. Алардын көпчүлүгү коомдук деңгээлде жүрүп жатат. Себеби акыркы жылдары улуттук сыймыгын жоготпогон, кыргыздын маданиятын жана тилин барктаган жаңы муун өсүп жетиле баштады, ошондой эле ушул коомдук өзгөрүүнү жакшы түшүнгөн жаңы коомдук катмар жаралды. Элибиздин улуттук аң-сезимин калыптандыруунун эң негизги каражаты болгон кыргыз тилин жаңы багытта өнүктүрүү бүгүнкү күндүн эң негизги маселеси болуп эсептелет.

Туура котормо

«Если не уверен, не обгоняй!» - деген жол белгини казак боордоштор «Оса алмасаң ойсактама!» - деп оозеки оодарып алып, бирин бир тамашалашат экен. Албетте мында тамаша аралашканы менен таасын которулган, ошол сыяктуу эле «Бут кийим оңдоочу жайды» - «Өтүкчү», «Саат оңдоочу мастерскойду» - «Саатчы» деп жазсак жарашып эле калчудай.

ИШ КАГАЗДАРЫНДА КӨП КОЛДОНУЛУУЧУ ТЕРМИНДЕРДИН СӨЗДҮГҮ

Бул Сөздүк КР Өкмөтүнүн Аппаратында 2013-2015-жылдары иштеген Терминдерди бирдейлештирүү боюнча жумушчу топ караган жана иш кагаздарын жүргүзүүдө көп колдонулган терминдерди камтыйт. Сөздүк мекеме, уюмдардын мамлекеттик тил кызматкерлери, котормочулар үчүн пайдалуу болушу мүмкүн.

Мамлекеттик органдарда иш кагаздарын жүргүзүүдө мамлекеттик тилдеги терминдерди тактоо жана бирдейлештирүү максатында Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппарат жетекчиси – министрдин 2012-жылдын 27-декабрындагы № 385 буйругу менен Мамлекеттик тилдеги терминдерди тактоо жана бирдейлештирүү боюнча жумушчу топ түзүлгөн. Бул жумушчу топтун курамына эки жолу Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппарат жетекчиси – министрдин 2014-жылдын 18-январындагы № 5, 2014-жылдын 3-ноябрындагы № 213 буйруктары менен өзгөртүү киргизилген.

Ушул жумушчу топтун курамына киргендер:

Бактыгулов К.Б., Айтбаев У., Кулматов А.О., Түмөнбаева Ч.Д., Досалиев Т., Абдысадыр уулу А ., Медералиев Ж.,

Кадыров Ы., Абдубалиев И., Абдылдаева Б.К., Айтмаматова А.И., Бакаев А., Эсенгелдиев А.Э., Орозакунов А.Э., Осмоналиев Б.М., Дүйшалиев А., Исакова З.Т., Солтобаева Р.Т., Султаналиева С.Н., Асанбекова А.Н., Калыева Ө., Байгубатов Р., Садыкова Н.Ө., Акматов К., Бакиров К., Тойалиева Г.А., Чакиев Т.

Жумушчу топ караган терминдер ошол кездеги КР Өкмөтүнүн Аппарат жетекчисинин орун басарынын (К.Бактыгулов ж.б.) протоколдук тапшырмасы менен министрликтерге, ведомстволорго жиберилип, алар терминдерди бирдей колдонушкан.

Ушул жумушчу топ Өкмөттүн түзүмүнө кирген мамлекеттик органдарда терминдерди бирдей алуу, чаржайыттыкты болтурбоо максатында **маанилеш сөздөрдү бир уячага чогултуп кароо ыкмасы менен** иштешкен. Мисалы, 2014-жылдын 28-майында төмөнкүдөй терминдерди карашкан.

Терминдер		
№	**Орус тилинде**	**Кыргыз тилинде**
	1-топ	
1.	Отключить	Өчүрүү, ажыратуу
2.	Выключить	Өчүрүү
3.	Отсоединить	Ажыратуу, бөлүү
4.	Разъединить	Ажыратуу
5.	Погашение	Жабуу, төлөө
	2-топ	
6.	Введение	Киргизүү, киришүү
7.	Включение	Кошуу, киргизүү
8.	Внесение	Киргизүү

9.	Присоединение	Кошуу, кошулуу
10.	Подключение	Туташтыруу, кошуу
11.	Внедрение	Киргизүү, жайылтуу
12.	Вступление	Киришүү, кирүү
13	Ввод	Киргизүү, берүү (мис. пайдаланууга берүү)
14	Впуск	Киргизүү, коё берүү (мис. сууну коё берүү)
	3-топ	
15	Перчатки	Мээлей
16	Рукавица	Кол кап
17	Варежки	Кол кап
	4-топ	
18	Фрукты	Жемиш
19	Плоды	Мөмөлөр
20	Ягода	Жер-жемиш
	5-топ	
21	Износ	Жешилүү, эскирүү
22	Амортизация	Амортизация
23	Истирание	Жешилүү, жыртылуу
	6-топ	
24	Конкретизировать	Тактоо, айкындоо, конкреттештирүү
25	Детализировать	Деталдаштыруу, тактоо
	7-топ	
26	Серая схема	Кыңыры схема
27	Черная схема	Көмүскө схема
26	Медный купорос	Көк таш

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 3-февралындагы №41-б буйругу менен Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Терминологиялык комиссия түзүлгөндүгүнө байланыштуу жогоруда аталган жумушчу топ ишин токтоткон.

Төмөндө жогоруда аталган жумушчу топ жогоркудай принцип менен карап, талкуулап жана бекиткен, мамлекеттик органдарда иш кагаздарын жазууда, ченемдик укуктук актыларды которууда колдонууга сунуштаган терминдерди алфавиттик тартипте беребиз.

№	Терминдер	
	Орус тилинде	**Кыргыз тилинде**
1	Абстрактный	Абстрактуу, бейтаасын
2	Авария	Авария
3	Автограф	Кол тамга
4	Аванс	Аванс
5	Автомашина	Автомашина
6	Автомобиль	Автомобиль
7	Автотранспорт	Автоунаа
8	Авторитет	Аброй, кадыр-барк
9	Авторитарный	Авторитардык
10	Амбулатория	Амбулатория
11	Амортизация	Амортизация
12	Анализ	Талдоо, анализ (мед.)
13	Аналитика	Талдоо жүргүзүү
14	Аннотация	Кыскача мазмуну
15	Аннулировать	Жокко чыгаруу, жоюу
16	Апелляция	Апелляция

17	Аренда	Ижара
18	Аудит	Аудит
19	Багаж	Жол жүк
20	Базар	Базар
21	Банкрот	Банкрот
22	Бедность	Кедейчилик
23	Бегство	Качуу
24	Безвозвратно	Кайтарымсыз
25	Безвозмездно	Акысыз
26	Безотлагательный	Кийинкиге калтырылгыс
27	Бесплатно	Бекер
28	Благоприятный	Жагымдуу
29	Больница	Оорукана
30	Брак	Жараксыз
31	Бронь	Ээлем
32	Варежки	Кол кап
33	Введение	Кириш сөз
34	Введение	Киргизүү, киришүү
35	Ввод	Киргизүү, берүү (мис. пайдаланууга берүү)
36	Ведомость	Ведомость
37	Ведомство	Ведомство
38	Велоколяска	Велоколяска
39	Верность	Берилгендик, ишенимдүүлүк, тууралык
40	Весьма срочный	Өтө шашылыш
41	Виза	Виза

42	Визит	Визит
43	Включение	Кошуу, киргизүү
44	Выключить	Өчүрүү
45	Властный	Өкүм, өктөм (адамга карата)
46	Вмешательство	Кийлигишүү
47	Внедрение	Киргизүү, жайылтуу
48	Внесение	Киргизүү
49	Выписка	Көчүрмө бөлүк
50	Вознаграждение	Сый акы, сүйүнчү
51	Вооружение	Курал-жарак, куралдануу
52	Восстановление	Калыбына келтирүү
53	Впуск	Киргизүү, коё берүү (мис. сууну коё берүү)
54	Врач	Врач
55	Вступление	Киришүү, кирүү
56	Вывеска	Көрнөк
57	Вывод	Тыянак
58	Выдать	Берүү
59	Выпуск	Чыгаруу
60	Выработать	Иштеп чыгаруу
61	Выслуга лет	Иштеген жылдары
62	Глава	Башчы
63	Градостроительство	Шаар куруу, имарат куруу
64	Градация	Градация
65	Грант	Грант
66	График	График
67	Груз	Жүк

68	Госпиталь	Госпиталь
69	Данные	Дайындар, маалымат
70	Данный	Бул, ушул
71	Двоюродный	Ага-ининин балдары, бөлөлөр
72	Действенный	Иштиктүү
73	Действительный	Аныk, чыныгы, жарактуу
74	Действие	Иш-аракет, аракет, таасир
75	Делегация	Делегация
76	Деловые бумаги	Иш кагаздары
77	Демонстрация	Демонстрация, көрсөтүү
78	Денежное содержание	Акчалай күтүү
79	Департамент	Департамент
80	Деспотический	Залимдик
81	Детализировать	Деталдаштыруу, тактоо
82	Деталь	Тетик, бөлүк
83	Детская коляска	Балдар коляскасы
84	Дефект	Кемтик, мандем
85	Дефицит	Таңкыстык, тартыштык
86	Децентрализация	Борбордон ажыратуу, децентрализация
87	Дивиденд	Дивиденд
88	Диктаторский	Диктатордук
89	Добавка	Кошулма, кошумча
90	Добросовестность	Ак ниеттик
91	Договор	Келишим
92	Доктор	Доктор

93	Документ	Документ
94	Долг	Карыз
95	Допуск	Мүмкүн чек, жол берүү
96	Доработать	Жеткире иштөө, толуктап иштеп чыгуу
97	Доставка	Жеткирип берүү
98	Достоинство	Барк, ар, нарк, намыс
99	Дотация	Көмөкпул
100	Дубликат	Жуп нуска
101	Духовный	Рухий
102	Единый	Бирдиктүү, бирдей
103	Единство	Биримдик
104	Жалоба	Даттануу
105	Жалование	Жалыйна
106	Заведующий	Башчы
107	Задание	Тапшырма
108	Задолженность	Бересе
109	Заём	Зайым
110	Заказ	Заказ, тапшырык
111	Заключение	Корутунду
112	Запас	Камдык, кор
113	Запрос	Суроо-талап, сурам
114	Заработная плата	Эмгек акы
115	Заработок	Акы
116	Заседание	Жыйын, отурум
117	Застройка	Курулуш, куруу
118	Затраты	Чыгым
119	Затруднение	Кыйынчылык

120	Заявка	Өтүнмө, билдирме, табыштама
121	Заявление	Арыз
122	Здание	Имарат
123	Знаток	Билерман, иш билги
124	Значимость	Маанилүүлүк
125	Зона	Чөлкөм
126	Идентификация	Идентификация
127	Избиратель	Шайлоочу
128	Извещение	Кабарлама, билдирүү
129	Известия	Кабар
130	Издержка	Коромжу
131	Износ	Жешилүү, эскирүү
132	Изучение	Окуп-үйрөнүү, иликтөө
133	Изъян	Мандем
134	Изыскание	Издеп табуу (фин.), изилдеп-иликтөө (геол., *коом.*)
135	Императивный	Императивдүү
136	Интервенция	Интервенция, чыгаруу, басуу
137	Интерпретация	Интерпретация
138	Инструкция	Нускама
139	Информация	Маалымат, информация
140	Инцидент	Чыр-чатак
141	Иск	Доо
142	Использование	Пайдалануу
143	Испытание	Сыноо

144	Итог	Жыйынтык
145	Истирание	Жешилүү, жыртылуу
146	Исследование	Изилдөө
147	Катаклизм	Алаамат
148	Кабинет	Кабинет
149	Каталог	Каталог
150	Катастрофа	Апаат
151	Кандидат	Кандидат, талапкер
152	Категорический	Кескин, катуу
153	Кассация	Кассация
154	Клиника	Клиника
155	Количество	Сан
156	Коляска	Коляска, араба
157	Командировка	Командировка
158	Командирский	Саркерлик, командирлик
159	Комментарий	Комментарий
160	Комната	Бөлмө
161	Компетентность	Компетенттүүлүк
162	Комплексный	Комплекстүү
163	Компонент	Компонент, курам
164	Контакт	Контакт, байланыш, тиймек
165	Контракт	Контракт
166	Конкретный	Конкреттүү
167	Конкретизировать	Тактоо, айкындоо, конкреттештирүү
168	Контроль	Контроль
169	Копия	Көчүрмө
170	Консультант	Консультант, кеңешчи

171	Консультация	Консультация
172	Конфиденциально	Купуя
173	Конъюнктура	Конъюнктура
174	Край	Край
175	Кредит	Кредит, насыя
176	Кризис	Каатчылык
177	Критический	Кризистик
178	Конфликт	Жаңжал
179	Кровный	Кандаш
180	Крыло	Канат, капшыт
181	Лазарет	Лазарет
182	Лекарь	Дарыгер, табып
183	Ликвидировать	Жоюу, жокко чыгаруу
184	Лицензия	Уруксаттама
185	Манифестация	Манифестация
186	Медик	Медик
187	Медный купороз	Көк таш
188	Метод	Метод
189	Методика	Методика
190	Методология	Методология
191	Монополия	Монополия
192	Мотоколяска	Мотоколяска
193	Набросок	Шилтем
194	Навык	Көндүм
195	Нагрузка	Жүктөм, күч келүү
196	Надзор	Көзөмөл
197	Надпись	Жазуу
198	Напряжение	Чыңалуу

199	Наказ	Сунуш-талап
200	Наряд	Наряд
201	Настоящий	Бул, ушул, чыныгы, аныk, даана
202	Начальник	Начальник, зардал (аскер)
203	Негативный	Терс, негативдүү
204	Недостаток	Кемчилик
205	Нейтральный	Бейтарап
206	Немедленный	Дароо, токтоосуз
207	Нынешний	Учурдагы
208	Неотложный	Кечиктирилгис
209	Несостоятельность	Кудуретсиздик
210	Нищета	Жакырчылык, жокчулук
211	Номенклатура	Номенклатура
212	Номинация	Номинация
213	Норма	Чен
214	Норматив	Ченем, норматив
215	Ноша	Жүк
216	Область	Жааты, жагы, облус
217	Обращение	Кайрылуу
218	Образование	Түзүү, пайда кылуу, билим берүү, уюштуруу
219	Обследование	Текшерүү
220	Обстановка	Жагдай
221	Обстоятельный	Толук, жетик, салабаттуу
222	Обстоятельство	Жагдай, шарт
223	Обсуждение	Талкуулоо
224	Общество	Коом

225	Община	Жамаат
226	Объединение	Бирикме
227	Объявить недействительным	Жараксыз деп жарыялоо
228	Объявление	Жарыя
229	Огнестрельное оружие	Дүрмөттүү курал
230	Одобрительный	Жактыруучу
231	Оклад	Маяна
232	Округ	Округ
233	Операция	Операция
234	Оперативный	Ыкчам
235	Опись	Тизим
236	Оплата	Төлөө
237	Определенный	Белгилүү, аныкталган
238	Организация	Уюм
239	Организация	Уюм, уюштуруу (кыймыл аракет)
240	Оригинал	Түп нуска
241	Оружие	Курал
242	Основание	Негиздөө (кыймыл аракет)
243	Особенность	Өзгөчөлүк
244	Отвлеченный	Окчун
245	Отгул	Өргүмө
246	Отклонение	Четтөө
247	Отключить	Өчүрүү, ажыратуу
248	Отменить	Жокко чыгаруу, жоюу, токтотуу

249	Отпуск	Өргүү, берүү
250	Отрасль	Тармак
251	Отрицательный	Терс, жат
252	Отозвать	Кайра чакыртып алуу (кишини), кайра сурап алуу (документти)
253	Отсоединить	Ажыратуу, бөлүү
254	Парад	Салтанаттуу жүрүш, парад
255	Парафирование	Парафирлөө
256	Перенапряжение	Ашыкча чыңалуу
257	Перепись	Каттоо
258	Персонал	Персонал
259	Персонификация	Жекелештирүү
260	Перчатки	Мээлей
261	Перечень	Тизмек
262	Писарь	Жазгыч
263	Платеж	Төлөм
264	Планомерный	Мерчемдүү
265	Плоды	Үзүр, жемиш
266	Плоды	Мөмөлөр
267	Побег	Качуу
268	Побудительный	Түрткү берүүчү
269	Повестка дня	Иш тартиби
270	Погашение	Жабуу, төлөө
271	Подведомственные организации	Ведомстволук уюмдар
272	Подделка	Жасалма, жасоо
273	Подлинник	Түп нуска

274	Подлог	Жасалмачылык, ондоп коюу
275	Подключение	Туташтыруу, кошуу
276	Подмена	Алмаштырып коюу
277	Подпись	Колу
278	Подразделение	Бөлүнүш
279	Позитивный	Оң, позитивдүү
280	Показание	Көрсөтүү
281	Показатель	Көрсөткүч
282	Поклажа	Жүк
283	Поликлиника	Бейтапкана
284	Положение	Жобо, абал
285	Положительный	Оң, жакшы
286	Полнородный	Бир тууган
287	Понижение	Төмөндөтүү, ылдыйлатуу, басаңдатуу
288	Помеха	Кедерги, жолтоо
289	Помещение	Жай
290	Помощь	Жардам
291	Поручение	Тапшыруу
292	Порядок	Тартип
293	Последствие	Натыйжа, кесепет
294	Пособие	Жөлөкпул
295	Поставка	Берүү
296	Постройка	Курулуш, куруу
297	Потери	Жоготуулар, коромжулук
298	Правление	Башкарма
299	Правдивость	Чындык, тууралык

300	Преамбула	Преамбула, кириш сөз
301	Превосходство	Үстөмдүк, артыкчылык
302	Преграда	Тоскоол, бөгөт
303	Предел	Чек
304	Предисловие	Алгы сөз
305	Претендент	Талапкер
306	Представление	Сунуш, көрсөтүм
307	Представительство	Өкүлчүлүк
308	Предоставлять	Берүү, көрсөтүү
309	Предложение	Сунуш
310	Предписание	Жазма буйрук, көрсөтмө
311	Предприятие	Ишкана
312	Презентабельность	Келишимдүү, көрктүү
313	Преимущество	Артыкчылык
314	Прерогатива	Артыкчылыктуу укук
315	Препятствие	Тоскоолдук
316	Привилегия	Артыкчылык, жеңилдик
317	Прием	Ыкма
318	Приемный	Асыранды
319	Приказ	Буйрук
320	Премия	Өтөлгө
321	Престиж	Барк
322	Применение	Колдонуу
323	Приоритет	Приоритет
324	Присоединение	Кошуу, кошулуу
325	Пристанище	Сыйынт, баш калка
326	Пристройка	Улама курулуш
327	Приют	Баш маана

328	Проба	Сынам
329	Пробел	Кенемте
330	Проверка	Текшерүү
331	Продажа	Сатуу
332	Прогул	Ишке келбөө
333	Продуктивный	Өндүрүмдүү, азыктуу, үзүрлүү
334	Происшествие	Кырсык
335	Прописка	Каттоо
336	Пропуск	Өткөрмө
337	Процедура	Жол-жобо, процедура
338	Процент	Пайыз
339	Процессуальный	Процесстик
340	Процесс	Процесс, жараян
341	Поощрение	Сыйлоо, шыктандыруу
342	Пояснение	Түшүндүрүү
343	Разбор	Талдоо
344	Работник	Жумушкер
345	Рабочий	Жумушчу
346	Рабочая поездка	Иш сапар
347	Разработать	Иштеп чыгуу
348	Разрешение	Уруксат
349	Разъединить	Ажыратуу
350	Расписание	Ырааттама
351	Распродажа	Сатып түгөтүү
352	Расторгнуть	Бузуу, ажыратуу
353	Распоряжение	Буюрма
354	Распорядок дня	Күн тартиби

355	Расход	Сарптоо, чыгымдоо
356	Реализация	Ишке ашыруу, сатуу
357	Реальный	Реалдуу
358	Ревизия	Ревизия, текшерүү
359	Регион	Регион
360	Регистрация	Каттоо
361	Реестр	Реестр
362	Регламент	Регламент
363	Резерв	Белен, такоол (аскер), резерв
364	Резолюция	Резолюция
365	Результат	Натыйжа, жыйынтык
366	Результативный	Жыйынтыктуу
367	Режим	Режим
368	Рейтинг	Рейтинг
369	Реклама	Жарнама
370	Рекомендация	Сунуштама, рекомендация
371	Рента	Рента
372	Репутация	Бедел
373	Реставрация	Реставрация, калыбына келтирүү
374	Респектабельность	Келишимдүү
375	Ресурс	Ресурс
376	Рецензия	Пикир
377	Родной	Бир тууган, өз
378	Роспись	Кол коюм
379	Рубеж	Чек
380	Рукавица	Кол кап

381	Руководство	Колдонмо
382	Руководитель	Жетекчи
383	Ручная кладь	Кол жүк
384	Рынок	Рынок
385	Сборник	Жыйнак
386	Сборы	Жыйым, жыйын, акы
387	Сбыт	Сатып өткөрүү
388	Сведения	Маалымдар
389	Сверка	Салыштырып текшерүү
390	Сверх срочный	Өтө шашылыш, мөөнөттөн тышкаркы
391	Свидетельство	Күбөлүк
392	Свод	Жыйнак, жыйынды
393	Сводка	Жыйынтык маалымат
394	Связь	Байланыш
395	Сдавать	Тапшыруу, берүү
396	Секретно	Жашырын
397	Секретарь	Катчы, секретарь
398	Сектор	Сектор
399	Секция	Секция
400	Серая схема	Кыңыры схема
401	Сертификат	Сертификат
402	Сеть	Тарам
403	Системный	Тутумдуу, системалуу
404	Систематический	Дайыма, такай, системалуу
405	Ситуация	Кырдаал
406	Скорый	Тез
407	Служащий	Кызматчы

408	Снижение	Төмөндөтүү, азайтуу, арзандатуу
409	Собрание	Топтом, жыйнак
410	Собрание	Жыйналыш, чогулуш
411	Советник	Кеңешчи
412	Совет	Кеңеш
413	Совещание	Кеңешме
414	Совокупный	Жыйынды, биргелешкен, чогуу
415	Соединение	Кошунду
416	Создание	Түзүү, жаратуу
417	Сообщение	Билдирүү (кыймыл аракет)
418	Состав	Курам
419	Составление	Түзүү, жазуу
420	Составляющий	Түзүүчү
421	Состояние	Акыбал, абал
422	Сотрудник	Кызматкер
423	Союз	Бирлик
424	Специфика	Бөтөнчөлүк, өзгөчөлүк
425	Список	Тизме
426	Способ	Ыкма, жөндөм
427	Спич-райтер	Спич-райтер, жазгыч
428	Справочник	Маалымдама
429	Среда	Чөйрө
430	Средство	Каражат
431	Срочный	Шашылыш, мөөнөттүү
432	Ссуда	Ссуда
433	Ставка	Коюм

434	Стажировка	Такшалтма, стажировка
435	Стаж	Стаж
436	Стереотип	Көнүмүш
437	Стимулирование	Өбөлгөлөө, көтөрмөлөө
438	Строительство	Курулуш
439	Стационар	Стационар
440	Стройка	Курулуш
441	Стресс	Стресс
442	Субсидия	Субсидия
443	Существенный	Олуттуу
444	Сфера	Чөйрө
445	Сход	Чогулуш
446	Тайна	Сыр, жашыруун
447	Тачка	Кол араба
448	Телега	Араба
449	Тележка	Арабача
450	Торг	Тоорук
451	Торговля	Соода
452	Теперешний	Азыркы
453	Термин	Термин
454	Территория	Аймак
455	Толкование	Чечмелөө, түшүндүрмө
456	Точность	Тактык
457	Точный	Так
458	Трактование	Түшүндүрүү
459	Транспорт	Унаа
460	Транспортировка	Ташуу

461	Убавление	Кемитүү, азайтуу
462	Убежище	Баш калка
463	Убытки	Чыгаша
464	Уведомление	Кабарландыруу, билдирүү
465	Удостоверение	Ырастама
466	Указание	Көрсөтмө
467	Указатель	Көрсөткүч
468	Уклонение	Баш тартуу, качуу, четтөө
469	Уменьшение	Азайтуу, кичирейтүү
470	Унификация	Бирдейлештирүү
471	Употребление	Керектөө
472	Управление	Башкармалык
473	Управляющий	Башкаруучу
474	Урон	Залал, зарар, зыян
475	Устройство	Түзүлүш
476	Усыновление	Асырап алуу, багып алуу
477	Утвердительный	Ырастоочу, бекитүүчү
478	Участок	Участок
479	Учебник	Окуу китеп
480	Учебное пособие	Окуу курал
481	Учет	Эсепке алуу, эсеп
482	Учреждение	Мекеме
483	Учреждение	Түзүү (кыймыл аракет)
484	Ущерб	Зыян
485	Фактический	Иш жүзүндөгү
486	Фальсификация	Бурмалоо, фальсификация
487	Фикция	Жалган

488	Фиксирование	Белгилөө, бекитүү
489	Фонд	Фонд, кор
490	Формирование	Түзүү, калыптандыруу, куроо
491	Фрукты	Жемиш
492	Холодное оружие	Дүрмөтсүз курал
493	Целитель	Табып
494	Целостный	Бүтүн
495	Цифра	Цифра
496	Частица	Бөлүкчө
497	Честность	Чынчылдык, ак ниеттик
498	Часть	Бөлүк
499	Честь	Намыс
500	Черная схема	Көмүскө схема
501	Черновик	Кара жазма
502	Четкий	Даана
503	Число	Сан
504	Чистовик	Таза жазма
505	Шествие	Жүрүш
506	Шок	Шок, талуу
507	Экстренный	Шашылыш. чукул
508	Эксплуатация	Пайдалануу, эзүү, иштетүү
509	Элемент	Элемент
510	Электорат	Электорат, шайлоочулар
511	Эмиссия	Эмиссия
512	Этот	Ушул, бул
513	Эффект	Натыйжа, таасир, майнап

514	Эффективный	Натыйжалуу, майнаптуу, таасирлүү *(мед.)*
515	Ягода	Жер-жемиш
516	Ясный	Айкын, ачык, таасын

Эскертүү: Бул терминдердин айрымдары кийинки Терминкомдор тарабынан такталып, оңдолгон.

Расмий иш кагаздарында көп колдонулуучу терминдер

Аорта – аорта, толто.

Безнадзорность – кароосуздук.

Беспризорность – багуусуздук.

Боевое оружие – согуштук курал.

Боевая подготовка – аскердик даярдык.

Боевой человек – күжүрмөн адам.

Вести работу, ведение работы – иш жүргүзүү (иш алып баруу эмес).

Ветошь – чүпөрөк, эски-уску, ыпыр-сыпыр.

Внутригосударственные процедуры – мамлекет ичиндеги жол-жоболор, мамлекеттик ички жол-жоболор.

Воссоединение – кайта коюлуу.

Всего – бардыгы.

В различных падежах – түрдүү жөндөмөдөгү.

В следующей редакции – төмөнкү редакцияда.

В соответствующих падежах – тиешелүү жөндөмөдө.

В статье 4 – 4-беренеде.

Вступивших в установленном законом порядке в силу международных договоров участницей которой является Кыргызская Республика – Кыргыз Республикасы катышкан, мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирген келишимдер.

Выживание – жашап кетүү, андан ары тиричилик кылуу.

Вызов века – кылымдын проблемасы.

Газета – гезит.

Горнодобывающие и горноперерабатывающие предприятия – кен казуу жана кен иштетүү ишканалары.

Горнообогатительный комбинат – кен тазартуу комбинаты.

Дань – алым, алман.

Деятельность – орган болсо - иши, адамга карата - иши, имердиги.

Деятельность министерства – министрликтин иши.

Для осуществления – ишке ашыруу үчүн.

Добрая воля – жакшы санаалаштык.

Донесение – маалымат, билдирүү.

Доносчик – чагымчыл, сөз ташуучу.

Желтая пресса – ээн ооз басылма.

Заведующий – башчы.

Заменить словами – сөздөргө алмаштырылсын.

Золотые времена – жыргал мезгил.

Задевающий – ыза кылган, кычыкка тийген.

Изобилие – молдук, көптүк.

Институциональный – институттук (институционалдык эмес).

Иные способы – башка ыкмалар, жолдор.

Исключить – алып салынсын.

Истребительные – кыргыч, жойгуч.

Кара – жаза, азап.

Клеймащий – маскара.

Клеймение – тамга салуу.

Космический – космостук.

Крупно рогатый скот – бодо мал.

Лакомый пирог – жеп аткан наны.

Ловушка – кармагыч (тузак, тор).

Мелько рогатый скот – майда жандык, кой-эчки.

Мера пресечения – бөгөт коюу чарасы.

Морализаторство – үгүт-насаатчылдык.

На грани прекращения – сууп бара жаткан мамиле.

Наивный – баёо, мадыра.

Невзгода – машакат, кыйынчылык.

Неправильный – терстик.

Неумолимый – тынбаган.

Обеспечение – камсыздоо, камсыз кылуу.

О выполнении – аткаргандыгы жөнүндө.

Огласка – жарыялоо, элге таратып жиберүү.

Ожесточенный – катаал, айыгышкан.

Оскомина – көкөйгө тийүү.

Осуществление – жүзөгө ашыруу.

Отверженный – куулган, катардан чыккан.

Отряд – кошуун.

Падёж скота – малдын өлүмү.

Попечительство – көзөмөлчүлүк.

Презренным – жек көрүндү.

Пренебрегают – барктабоо, тоотпоо.

Привести в соответствие – шайкеш келтирсин.

Приманка – татканткыч жем.

Приобретение – алуу.

Примитизация – жөнөкөйлөштүрүү.

Признать утратившим силу – күчүн жоготту деп таанылсын.

Рабочий день – иш күн.

Разочарование – иренжүү, көңүл калгандык.

Разрежение – сейректенүү, суюлуу.

Распаялся – ажыроо.

Расчетный счет – алыш-бериш эсеби.

Региональный – региондук.

Рыдание – өксөп ыйлоо.

Секрет – жашыруун сыр.

Сильнодействующий – таасири күчтүү.

Сквернословные – богооздук.

Совместно – бирдикте.

Созданной – түзүлгөн.

Создаваемой – түзүлүүчү.

Созыв – жооптуу, чакырылыш.

Соискатель – талапкер.

Справка-обоснование – негиздеме-маалымкат.

Средства массовой информации – жалпыга маалымдоо каражаттары.

Счет – эсеп.

Тайна – сыр.

Уведомить – билдирсин, кабарласын.

Узкие специалисты – бир багыттагы адистиктер.

Участвовать в отправлении правосудия – сот адилеттигин ишке ашырууга катышуу.

Ф.И.О. – аты-жөнү.

Хозяйствующие субъекты – чарбакер субъекттер.

Цифровой – санариптик.

Циничный – уятсыз, аксым.

Цинк – ыроо.

Эданий – мындай.

Эхинококкоз – күлапса.

Ячейка – чөнөк, уяча.

Пайдаланылган адабияттар:

1. К.Карасаев. Кыргыз тилинин орфографиялык сөздүгү, Фр.: 1983.

2. К.Карасаев. Кыргыз тилинин орфографиялык сөздүгү, Б.: 2009.

3. Кыргыз Совет Энциклопедиясы, 4-том, Фр.: 1979.

4. Чүй облусу (энциклопедия). Б.: 1994.

5. Ысык-Көл облусу (энциклопедия). Б.: 1995.

6. Талас облусу (энциклопедия). Б.: 1995.

7. Нарын облусу (энциклопедия). Б.: 1998.

8. Жалал-Абад облусу (энциклопедия). Б.: 2003.

9. Кыргызстан. Улуттук энциклопедия. 1-4-томдор, Б.: 2006 – 2012.

10. Руководство по законодательной технике. Б. 2007.

11. Б.О.Орузбаева. Кыргыз терминологиясы. Мектеп. 1983.

12. В.П.Даниленко. Русская терминология (опыт лингвистического описания). Наука. Москва. 1977.

13. Ташбоо Жумагулов. Кыргызстандын келечеги – мамлекеттик тилинде. Б.: 2007.

14. Мусаев С.Ж., Мусаева Т.С. Кыргыз адабий тили: улуттук доорго чейин жана улуттук доордо. Б.: 2022.

15. Кыргыз тилинин сөздүгү. 1-2-том. Б.: 2011.

16. Ысмайыл Кадыров. Кыргыз маданиятынан тамган тамчылар. Б.: 2014.

МАЗМУНУ

БАШ СӨЗ 3

I. ЭНЕ ТИЛИ БОЛБОГОН УЛУТ ДА УЛУТПУ..... 5

II. МАМЛЕКЕТТИК ТИЛ ЖАНА КОТОРМО 32

III. ТЕРМИНОЛОГИЯ 52

Пайдаланылган адабияттар..... 181

Илимий-популярдуу басылма

КАДЫРОВ Ысмайыл

ТИЛ КОТОРМО ТЕРМИНОЛОГИЯ

Тех. редактору *Довлоталиев Б.*
Компьютердик калыпка салган *Салиев Э.*

Басууга 21.08.2023-ж. кол коюлду.
Кагаздын форматы 60x84 $^{1}/_{16}$.
Көлөмү 11,5 б.т. Нускасы 400.

«Кут-Бер» ЖЧК басмаканасында басылды
Бишкек ш., Медеров көчөсү, 68.